Б. С. Чокошева, А. Р. Акунова, С. Ш. Шаелдаева

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## 4-класс

Мугалимдер үчүн
методикалык колдонмо

*Кыргыз Республикасынын*
*Билим берүү жана илим министрлиги*
*тарабынан сунушталган*

Бишкек
2015

УДК 372.8
ББК 74.261.4
Ч 75

Ред. кеңеш: *Ж. М. Турдакунова, С. Өжөрбаева,*
*Ж. Б. Сарыгулова, М. К. Кемелова*
КББАнын рецензенттери: *В. И. Мусаева, Т. Асанакунов*
Илимий кеңешчи *пед. илим. доктору Ж. А. Чыманов*

**Чокошева Б. С., Акунова А. Р., С. Ш. Шаелдаева**
Ч 75 Кыргыз тили. 4-кл.: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: Аркус бас., 2015. – 88 б.

ISBN 978–9967–31–427–6

Бул методикалык колдонмо орто мектептердин 4-классынын мугалимдерине арналат. «Кыргыз тили» окуу китеби менен эриш-аркак пайдаланылып, сабактардын натыйжалуулугун арттырып, окуучулардын билимин өркүндөтүү ыкмалары сунушталат.

**Ч 4306010200–15**

**УДК 372.8**
**ББК 74.261.4**

© Б. С. Чокошева, А. Р. Акунова,
С. Ш. Шаелдаева, 2015
© «Аркус басмасы» ЖЧК, 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

ISBN 978–9967–31–427–6

## Кириш сөз

Бүгүнкү күндө мамлекетибиздин орто мектептеринде, анын ичинде башталгыч класстарда окутуу илиминин алдында эң маанилүү милдеттер коюлуп жатат. Алардын катарында окуучулардын ой жүгүртүүсүн, ойлоо логикасын, активдүүлүгүн калыптандыруу, окутуунун жаңы ыкмаларын, жолдорун иштеп чыгуу, сабак өтүүнүн илимий жана методикалык деңгээлин жогорулатуу сыяктуу негизги милдеттер турат.

Башталгыч класста окутуу ишинде төмөнкүдөй проблемалар: окуучуларга билимдин негиздерин даяр түрүндө бербестен, алардын өздөрүн активдүү катыштыруу, окуучулардын ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, өз алдынча иштөөгө машыктыруу сыяктуу маселелер көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденип, окутуунун жаңы методдору, ыкмалары иштелип чыкты.

Башталгыч класстарда эне тилин ж. б. предметтерди окутуунун куррикулуму түзүлдү.

4-класстын «Кыргыз тили» окуу китеби куррикулумдун талаптарына ылайык окуучулардын жалпы жана предметтик компетенцияларын калыптандыруу максаттарын жетекчиликке алуу менен иштелип чыкты.

Кыргыз тили – башталгыч класстарда окутуунун негизги предметтеринин бири. Бул предметти окутуу боюнча колдонмону иштеп чыгууда педагогика жана психология илимдериндеги жаңылыктар, анын ичинен проблемалык окутуу, инсанга багытталган окутуу идеялары жетекчиликке алынды.

Окуу китебинин мазмунун башталгыч класстардын окуу программаларынын талаптарына ылайык грамматикалык материалдар, аларды коштогон окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн жана жалпы кругозорун өстүрүүчү элдик оозеки чыгармалардын мыкты үлгүлөрү: макал-ылакап, жаңылмач, табышмактар, балдар акын-жазуучуларынын тандалма чыгармалары жана таанып-билүү тематикасындагы ар түрдүү макалалар, балдардын грамматикалык сабаттуулугун, сөз байлыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өстүрүүчү суроо-тапшырмалар жана көнүгүү-машыгуулардын топтомдору түздү.

Окуу китебин түзүүнүн принциптерине ылайык окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тарбия берүүчүлүк мүнөздөгү чыгармалар жана макалалар жайгаштырылды. Алар окуучу – мектеп – мугалим, ата-эне, туулган жер, Ата Мекен, адептүүлүк, сылыктык, эмгекчилдик, ден соолукка кам көрүү тематикаларын камтыйт.

Окуу китебинин өзгөчөлүгү болуп, андагы жайгаштырылган бир чакан тексттин жардамы менен бүтүндөй бир грамматикалык тема боюнча суроо-тапшырмаларды жана көнүгүү-машыгууларды аткаруу эсептелет, ошондой эле тексттин тематикасын макал-ылакаптар, жаңылмачтар, табышмактар жана иллюстрациялар коштойт.

Мисалы, текст ата-эне жөнүндө болсо, ата-эне жөнүндөгү макал-ылакап, ыр, сүрөт, сөз оюндары ж. б.

Окуу китебинин түзүлүшүнүн мындай ыкмасы окуучуга оюн топтоп, ал текстти талдоо жана анын негизинде грамматикалык тапшырмаларды аткаруу менен жаңы сөздөрдү үйрөнүп, сөз байлыгын, ой жүгүртүүсүн, сабаттуулугун калыптандырууга зор өбөлгө түзөт.

Грамматикалык тапшырмаларды аткаруу кластер, синквейн, Венндин диаграммасы, инсерт, пирамидалык окуя сыяктуу интерактивдүү стратегиялар менен коштолот жана окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө багытталган сөздүк иши жүргүзүлүп, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү ребус, кроссворддорду жандыруу сыяктуу иш-чаралар аткарылат.

Окуучулардын билимин баалоого тесттик тапшырмалар жана ар бир чейректин аягында тексттин негизинде грамматикалык тапшырмаларды аткаруу жана текстти пирамидалык окуя стратегиясы боюнча талдоо тапшырмалары да бар.

Методикалык колдонмодо окуу китеби боюнча сабактын үлгүлөрү, жат жазуу жүргүзүүнүн ыкмалары, нормативи, жазуу ишин баалоонун жолдору жана жат жазуу тексттери, баяндама жаздыруу үчүн тексттер, интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу окуучулардын билимин баалоонун ыкмалары жана жыйынтыктоочу баалоо үчүн тесттер жайгаштырылган.

**Мугалимге эскертүү:**

Ар бир чейректин аягында кайталоо үчүн берилген тексттер окуу китебинде жайгаштырылып, ал эми ал тексттер боюнча аткартылуучу тапшырмалар бул методикалык колдонмодо берилди. Жыл боюнча өтүлгөн материалдарды кайталоо үчүн тесттик тапшырмалар да ушул методикалык колдонмодо жайгаштырылды.

# 4-класста «Кыргыз тили» предметин окутуунун календардык планы

**Жыл бою – 104 саат**

**I чейрек** (27 саат)

| № | Сабактын темасы | Сааты |
|---|---|---|
| 1 | Тил. Кеп. Текст | 1 |
| 2 | Кептин түрлөрү. Көнүгүү иштөө | 1 |
| 3 | Текстке план түзүү | 1 |
| 4 | Тексттин түрлөрү | 1 |
| 5 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 6 | Сүйлөм | 1 |
| 7 | Сөз айкашы | 1 |
| 8 | Сүйлөм мүчөлөрү | 1 |
| 9 | Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр | 1 |
| 10 | Жай сүйлөм | 1 |
| 11 | Суроолуу сүйлөм | 1 |
| 12 | Буйрук сүйлөм | 1 |
| 13 | Илептүү сүйлөм | 1 |
| 14 | Жөнөкөй жана татаал сүйлөм | 1 |
| 15 | Жат жазуу | 1 |
| 16 | Жалаң жана жайылма сүйлөм | 1 |
| 17 | Төл жана бөтөн сөз | 1 |
| 18 | Бөтөн сөздүн жазылышы | 1 |
| 19 | Сөз | 1 |
| 20 | Тыбыш жана тамга | 1 |
| 21 | Үндүү жана үнсүз тыбыштар | 1 |
| 22 | Үндүү тыбыштар | 1 |
| 23 | Кыска жана созулма үндүүлөр | 1 |
| 24 | Жумшак жана каткалаң үнсүздөр | 1 |
| 25 | Түгөйлүү үнсүздөр | 1 |
| 26 | Чейректик жат жазуу | 1 |
| 27 | Чейректик кайталоо | 1 |

**II чейрек** (24 саат)

| № | Сабактын темасы | Сааты |
|---|---|---|
| 28 | Алфавит | 1 |
| 29 | Йоттошкон тамгалар | 1 |
| 30 | Айрым үнсүздөрдүн айтылышы жана жазылышы | 1 |
| 31 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 32 | Муун жана ташымал | 1 |
| 33 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 34 | Сөздүн түзүлүшү | 1 |
| 35 | Уңгу жана мүчө | 1 |
| 36 | Сөз жасоочу мүчөлөр | 1 |
| 37 | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр | 1 |
| 38 | Уңгу сөздүн аяккы тыбышына карата мүчөнүн башкы тыбышынын өзгөрүшү | 1 |
| 39 | Жат жазуу | 1 |
| 40 | Сөздүн түрлөрү | 1 |
| 41 | Уңгулаш сөздөр | 1 |
| 42 | Жөнөкөй жана татаал сөздөр | 1 |
| 43 | Кош сөздөр | 1 |
| 44 | Кошмок сөздөр | 1 |
| 45 | Кыскартылган сөздөр | 1 |
| 46 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 47 | Синонимдер | 1 |
| 48 | Антонимдер | 1 |
| 49 | Кайталоо | 1 |
| 50 | Чейректик жат жазуу | 1 |
| 51 | Чейректик кайталоо | 1 |

**III чейрек** (30 саат)

| № | Сабактын темасы | Сааты |
|---|---|---|
| 52 | Сөз түркүмдөрү | 1 |
| 53 | Зат атооч | 1 |
| 54 | Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү | 1 |
| 55 | Зат атоочтун жөндөлүшү | 1 |
| 56 | Аягы *б, в, г, д* тыбыштары менен бүткөн зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү | 1 |
| 57 | Орус тили аркылуу кирген кээ бир сөздөрдүн жөндөлүшү | 1 |
| 58 | Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор жана алардын жазылышы | 1 |
| 59 | Жөнөкөй жана татаал зат атоочтордун жөндөлүшү | 1 |
| 60 | Этиш | 1 |
| 61 | Этиштин чактары | 1 |
| 62 | Келер чак | 1 |
| 63 | Учур чак | 1 |
| 64 | Өткөн чак | 1 |
| 65 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 66 | Жат жазуу | 1 |
| 67 | Сын атооч | 1 |
| 68 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 69 | Катыштык сын атооч | 1 |
| 70 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 71 | Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор | 1 |
| 72 | Татаал сын атоочтордун жазылышы | 1 |
| 73 | Кайталоо | 1 |
| 74 | Сан атооч | 1 |
| 75 | Эсептик сан атооч | 1 |
| 76 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 77 | Иреттик сан атооч | 1 |
| 78 | Сан атооч сөздөрдүн жазылышы | 1 |
| 79 | Кайталоо | 1 |
| 80 | Чейректик жат жазуу | 1 |
| 81 | Чейректик кайталоо | 1 |

**IV чейрек** (23 саат)

| № | Сабактын темасы | Сааты |
|---|---|---|
| 82 | Ат атооч | 1 |
| 83 | Жактама ат атооч | 1 |
| 84 | Жактама ат атоочтун жөндөлүшү | 1 |
| 85 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 86 | Ат атоочтун жана зат атоочтун жакталышы | 1 |
| 87 | Кайталоо | 1 |
| 88 | Этиштин жакталышы | 1 |
| 89 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 90 | Жат жазуу | 1 |
| 91 | Тактооч | 1 |
| 92 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 93 | Тактоочтордун жазылышы | 1 |
| 94 | Кайталоо | 1 |
| 95 | Сырдык сөздөр | 1 |
| 96 | Тууранды сөздөр | 1 |
| 97 | Көнүгүү иштөө | 1 |
| 98 | Кызматчы сөздөр | 1 |
| 99 | Жандоочтор | 1 |
| 100 | Байламталар | 1 |
| 101 | Бөлүкчөлөр | 1 |
| 102 | Чейректик жат жазуу | 1 |
| 103 | Чейректик жыйынтык кайталоо | 1 |
| 104 | Жыл боюнча өтүлгөндөрдү кайталоо | 1 |

# 4-класста «Кыргыз тили» предметин окутуу боюнча сабактардын максаттарын жана көрсөткүчтөрүн колдонуу үлгүлөрү

| № | Кыргыз тилинин тематикалык бөлүмү | Максаттар жана көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | **Зат атооч** | 4.1.1. Жөнөкөй жана татаал зат атоочторду, аягы *б, в, г, д* тыбыштары менен аяктаган сөздөрдү, орус тилинен кирген айрым сөздөрдү туура жөндөй алышат:<br>• эгерде жөнөкөй жана татаал зат атоочтордун жөндөлүшүн так ажырата алышса;<br>• *б, в, г, д* тыбыштары менен аяктаган жана орус тилинен кирген айрым сөздөрдүн жөндөлүш өзгөчүлүктөрүн билип, аларды туура айтып жана жаза алышса;<br>• татаал зат атоочторду туура жазып жана кебинде колдоно алышса;<br>• энчилүү жана жалпы аттарды катыштырып, текст түзө алышса. |
| 2 | **Сын атооч** | 4.2.1. Сын атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө жана маанисине карата бөлүнүшүн айырмалай алышат:<br>• эгерде жөнөкөй жана татаал сын атоочторду так ажырата алышса;<br>• катыштык сын атоочтун мүнөздөмөсүн билип, аны сүйлөмдүн тутумунан таап, ага талдоо жүргүзө алышса;<br>• татаал сын атоочтордун жазылышын айырмалап, алар менен мисалдарды түзө алышса. |
| 3 | **Сын атооч** | 4.3.1. Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсүн жана мааниси боюнча бөлүнүшүн аныкташат:<br>• эгерде сан атоочтун эсептик жана иреттик түрлөрүн айырмалай алышса;<br>• аларды мисалдар менен далилдей алышса;<br>• иреттик сан атоочтордун жана татаал сан атоочтордун жазылышынын эрежелерин иш жүзүндө колдоно алышса. |
| 4 | **Ат атооч** | 4.4.1. Жактама ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн жазуу жана оозеки кебинде так колдонушат:<br>• эгерде жактама ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн аныктай алышса;<br>• аларды сөз курамына карай туура ажыратып, талдай алышса;<br>• жактама ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүктөрүн мисалдар менен түшүндүрүп бере алышса. |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | **Этиш** | 4.5.1. Этиштин жак боюнча өзгөрүшүн так аныктоо менен аларды кебинде туура колдоно алышат:<br>• эгерде этиштин чактарына берилүүчү суроолорду так ажыратып, талдай алышса;<br>• учур чактагы, келер чактагы, өткөн чактагы этиштерди мисалдар аркылуу далилдей алышса;<br>• этиштин чактарын кебинде туура колдоно алышса. |
| 6 | **Тактооч** | 4.6.1. Тактоочтордун маанисине карай бөлүнүшүн жана жазылышын чечмелешет:<br>• эгерде тактоочтордун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсүн айтып бере алышса;<br>• тактоочтордун маанисине карай бөлүнүшүн талдай алышса;<br>• татаал тактоочтордун жазылыш эрежесин так билип, аны колдоно алышса. |
| 7 | **Тууранды сөздөр** | 4.7.1. Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн жана жазылышын кебинде колдонушат:<br>• эгерде тууранды сөздөрдүн маанисине карай элес, табыш тууранды сөз болуп бөлүнөрүн так ажырата алышса;<br>• аларды катыштырып, текст түзө алышса;<br>• кош сөз түрүндөгү тууранды сөздөрдү так, туура жаза алышса. |
| 8 | **Сырдык сөздөр** | 4.8.1. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн ажыратуу менен кебинде колдонот:<br>• эгерде сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн айырмалай алуу менен аларды сүйлөмдүн тутумунан аныктай алышса;<br>• аларды катыштырып, сүйлөм, текст түзө алышса;<br>• сырдык сөздөрдү маанисине жараша кебинде колдоно алышса. |
| 9 | **Кызматчы сөздөр** | 4.9.1. Кызматчы сөздөрдүн бөлүнүшүн, алардын маанисин аныктоо менен кебинде колдонушат:<br>• эгерде байламталарды так ажырата алышса;<br>• жандоочтордун мүнөздөмөсүн билишсе;<br>• бөлүкчөлөрдү маанисине жараша колдоно алышса;<br>• кызматчы сөздөрдү катыштыруу менен сүйлөмдөрдү түзө алышса. |

## Сабактардын болжолдуу үлгүлөрү

**Сабактын темасы:** Кептин түрлөрү

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк:** кеп оозеки жана жазуу түрүндө болорун, кептин булактары адамдар, алардын карым-катышы, китептер, массалык маалымат каражаттары, интернет булактары экендигин билишет.
- **өнүктүрүүчүлүк:** И. Арабаевдин «Ата-эне тууралуу бир-эки ооз сөз» аңгемесинин негизинде оозеки жана жазуу кебин түзүшөт. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзүшөт.
- **тарбия берүүчүлүк:** ата-эненин бала үчүн жасаган зор эмгегин баалоо керектигин түшүнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде**
- кептин түрлөрүн билишсе;
- оозеки кепти уюштура алышса;
- жазуу кебине мисал түзө алышса;
- кептин түрлөрүн билишсе;
- аларды оозеки жана жазуу кебин түзүүдө пайдалана алышса;
- тексттин мазмунун түшүнүшсө;
- ага талдоо жүргүзө алышса.

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабактын формасы:** өз алдынча жана топто иштөө

**Сабактын жабдылышы:** кептин түрлөрү жана булактары жөнүндө таблица, И. Арабаевдин сүрөтү, китептери.

**Сабактын жүрүшү:**
1. Таблицанын жардамы менен жаңы теманы түшүндүрүү.
2. Текстти окуп берүүдөн мурда анын автору, кыргыздын алгачкы окумуштууларынын бири И. Арабаев жөнүндө китептерин, сүрөтүн пайдалануу менен кыскача маалымат берүү.
3. Текстти көркөм окуу же аудио уктуруу.

### Ата жана эне тууралуу бир-эки ооз сөз

Бардыгынан сүйүктүү биздин ата-энебиз. Ата-энебиз бизди төрөлгөндөн баштап багып өстүргөн. Атабыз биз үчүн кышында суукка тоңуп, жазында ысыкка күйүп, мал бакты. Энебиз ак сүтүн эмизип, ысык-сууктан сактап, «кагылайын, каралдым» деп өстүрдү. Ата-энебиз биз чоңоюп, эс кире баштаган соң балам үлгүлүү жана билимдүү болсун деп билим берди. Алар ар убакта биздин билимдүү болушубузду чын көңүлү менен тиледи. Ар дайым бизге жакшы үмүт-тилек, насаат айтып, чыныгы адам болууга багыттады. Ошондуктан аларга жакшы кызмат кылып, иренжитпей, баталарын алуубуз керек.

*И. Арабаев*

4. Тексттин мазмунуна байланыштуу оозеки, жазуу кептерин өз алдынча уюштурушат.

5. Ата-эне жөнүндө макалдардын маанисин чечмелөө жана суроолорго жооп берүү тапшырмаларын топто иштешет.
6. Окуучулардын билими көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.
7. Үйдөн ата-энеси жөнүндө аңгеме жазып келишет.

**Сабактын темасы:** Текстке план түзүү

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк:** тексттин мазмундук бөлүктөрүнүн чегин ажыратууну, ага карата план түзүүнү үйрөнүшөт.
- **өнүктүрүүчүлүк:** И. Арабаевдин «Жакшы бала», «Жаман бала», «Мукаш» аңгемелеринин негизинде тексттин мазмунуна талдоо жүргүзүү менен анын башталышын, өнүгүшүн, жыйынтыкталышын ажыратышат.
- **тарбия берүүчүлүк:** жакшы жана жаман баланын иш-аракеттерин салыштыруу менен жакшы баладай болууга умтулушат.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде**
- текстке план түзө алышса;
- анын башталышынын, өнүгүшүнүн, жыйынтыкталышынын чегин ажырата алышса;
- сөздүк менен иштей алышса;
- сөздөн сөз жарата алышса;
- сүрөткө карап, текст түзө алышса;
- жакшы жана жаман баланы салыштыруу менен Венндин диаграммасын түзө алышса;
- жакшы менен жаманды ажырата билишсе.

**Сабактын тиби:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** Венндин диаграммасы

**Сабактын жабдылышы:** таблица, тексттер, флипчарт, маркерлер.

**Процедура:** окуучулар жакшы жана жаман баланын иш-аракеттери жөнүндө айтышат. Алар флипчартка жазылат.

«Жакшы бала» жана «Жаман бала» тексттеринин негизинде Венндин диаграммасын түзүшөт (топтордо иштешет).

Окуучулар аткарган иштерин презентациялашат жана мугалимдин жардамы менен жыйынтыкташат.

**Потенциалы:** окуучулар тексттин мазмунуна талдоо жүргүзүү аркылуу өз турмушу менен байланыштырат, тексттин башталышы, өнүгүү, жыйынтыкталуу чегин ажыратууга багыт алышат.
- «Мукаш» текстине карата түзүлгөн пландын үлгүсүн пайдалануу менен «Жакшы бала», «Жаман бала» тексттерине план түзүшөт.
- Сөздөн сөз, андан сүйлөм, сүйлөмдөн текст жаратышат.
- Сөздүктү дептерлерине жазып, аларды жатташат жана сүйлөмдөрдү түзүшөт.
- Үйдөн сүрөттөргө карата текст түзүп келүү тапшырмасы берилет.
- Окуучулардын билими көрсөткүчтөргө ылайык бааланат.

**Сабактын темасы:** Сөз айкашы

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** сөз айкашы жөнүндө маалымат алышат.
- **өнүктүрүүчүлүк:** сөз айкашынын тутумун, түзүлүшүн, сүйлөмдөгү ордун, сүйлөмдөн айырмасын билишет.
- **билим берүүчүлүк:** өзүнүн Мекенин, кичи Мекенин сүйүүгө, баалоого, коргоого умтулушат. Бири-биринин пикирин баалай билүүгө үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде**

- сөз айкашы жөнүндө билишсе;
- сөз айкашынын тутумун, түзүлүшүн билип, аны сүйлөмдөн ажырата алышса;
- сөз айкаштарын түзө алышса;
- сүйлөмдү сөз айкаштарына ажырата алышса;
- текстти окуп, түшүнүп, анын негизинде көнүгүүлөрдү аткара алышса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди калыптандыруу.

**Сабактын формасы:** жекече жана жупта иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, флипчарт, маркер, сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо, өткөн сабактагы сүйлөм темасын суроо-жооп аркылуу кайталоо.**

Үйгө берилген жайлоо жөнүндө жазып келген аңгемелерин окутуу.

**Жаңы сабак:** таблицанын жардамы менен сөз айкашы темасын түшүндүрүү. Сөз айкашынын тутумундагы негизги жана багыныңкы сөздөр жөнүндө маалымат берүү.

**Бышыктоо:** текстти окутуу, түшүнүгүн айттыруу, өз айылы (шаары) жөнүндө, аңгеменин автору жөнүндө аңгемелешүү;

**Сөздүк менен иштөө:** *парз, нукура, чордону* деген сөздөрдүн чечмеленишин дептерлерине көчүрүп жаздыруу. Алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**Жекече иштөө:** сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына ажыратуу, сөз айкаштарын табуу тапшырмаларын өз алдынча иштешет.

**Топто иштөө:** таблицаны мисалдар менен толтуруу, сөз айкаштарын катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүү тапшырмаларын топто иштешет, презентациялашат.

**Жыйынтыктоо:** Бүгүнкү сабакты сөз айкашы, анын тутумундагы негизги жана багыныңкы сөздөрдү үйрөнгөндүктөрүн, Ч. Айтматовдун «Айылым» тексти менен таанышып, анын негизинде көнүгүүлөрдү иштегендиктерин мугалимдин жардамы менен айтышат.

**Үй тапшырмасы**: өз айылы жөнүндө аңгеме жазып, андан 5 сөз айкашын бөлүп көрсөтүү тапшырмасы берилет.

**Окуучулардын билимин баалоо:** окуучулардын билими сабактын көрсөткүчтөрүнүн негизинде бааланат.

**Сабактын темасы:** Үндүү жана үнсүз тыбыштар

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк**: кыргыз тилиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө буга чейинки алган маалыматтарын толукташат.
- **өнүктүрүүчүлүк**: үндүү жана үнсүз тыбыштардын жасалышын, сөздүн тутумундагы ордун билишет.
- **тарбия берүүчүлүк:** элибиздин баалуулуктарын баалай билип, аларды сактоо, коргоо керек экендигин түшүнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде**

- үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө билишсе;
- аларды бири-биринен айырмалай алышса;
- сөздүн тутумунан таба алышса;
- аларга фонетикалык талдоо жүргүзө алышса;
- текстти талдай алышса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди өздөштүрүүчү.

**Сабактын формасы:** топто иштөө.

**Сабактын ыкмасы:** синквейн түзүү.

**Сабактын жабдылышы:** флипчарт, маркер, сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимин текшерүү.**

**Жаңы теманы түшүндүрүү:** үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**Текст менен тааныштыруу**: кыргыз элинин баалуулуктары, анын ичинде ат жабдыктары жөнүндө аңгемелешүү.

**Көнүгүүлөрдү иштетүү, сөздүк менен иштөө**: синквейн ыкмасын колдонуу менен топто иштетип*, уста* деген сөзгө синквейн түздүрүү.

**Процедура:** окуучулар 1ден 4кө чейин санап, 4 топко бөлүнүшөт. Ар бир топко флипчарт, маркер таратылат.

- Мугалим окуучулар менен уста деген ким, ал эмне менен алектенет деген суроолордун тегерегинде аңгемелешет.
- Синквейн түзүүнүн ыкмасын эстерине түшүрөт:
  **1-сап.** 1 сөз, зат атооч.
  **2-сап.** 2 сөз, сын атооч.
  **3-сап**. 3 сөз, этиш.
  **4-сап**. 4 сөз, фраза.
  **5-сап**. 1 сөз, 1-саптагы сөздүн синоними.
- Топтор өз флипчартына *уста* деген сөзгө синквейн түзүшөт. Биргелешип, кеңешип, бири-биринин пикирин угуп иштешет.
- Ар бир топ өзү түзгөн синквейнин презентациялашат. Уста жөнүндө өздөрүнүн билгендерин баяндап айтып беришет.

**Потенциал:** Бул ыкманын жардамы менен окуучулар билген маалыматтарын топтоштурууга, чыгармачылык менен иштөөгө, бири-биринин пикирин баалай билүүгө үйрөнүшөт. Ыр жазып жатам деп шыктанышат, ыр жазууга далалаттанышат.

Үйдөн макалдарды көчүрүп жазып, андагы үндүү жана үнсүз тыбыштарды ажыратып белгилешет.

**Окуучулардын** билими сабактын көрсөткүчтөрүнө жараша бааланат.

### **Сабактын темасы:** Кыска жана созулма үндүүлөр

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк:** Окуучулар кыргыз тилиндеги кыска жана созулма үндүүлөр жөнүндө буга чейинки алган билимдерин кеңейтишет.
- **өнүктүрүүчүлүк:** кыска үндүүнүн жана созулма үндүүнүн айтылышын, бири-биринен айырмасын ажырата билишет.
- **тарбия берүүчүлүк:** кыргыз жеринин кооздугуна суктанып, аны баалай жана коргой билүүгө умтулушат.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде**
- кыска жана созулма үндүүлөрдү билишсе;
- аларды бири-биринен айырмалай алышса;
- созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура жазышса;
- алар катышкан сөздөрдөн мисалдарды айта алышса;
- топто иштей билишсе, бири-биринин пикирин уга билишсе.

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабактын формасы:** кластер түзүү

**Сабактын методу:** интерактивдүү

**Сабактын жабдылышы:** созулма жана кыска үндүү жөнүндө таблица, кыргыз жеринин кооздугун чагылдырган сүрөттөр, гүлдөрдүн сүрөттөрү, флипчарт, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Үй тапшырмасын текшерүү.**

**Жаңы теманы таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.** Бышыктоо үчүн көнүгүүлөрдү иштетүү.

**Гүл темасына кластер түздүрүү.** Кластердеги кыска жана созулма үндүүлөрдү белгилетүү.

**Процедура:** Окуучулар 1ден 4кө чейин санап, 4 топко бөлүнүшөт. Ар бир топко флипчарт, маркер берилет.

Окуучулар гүл жөнүндө билгендерин айтышат, мугалим доскага жазып турат.

Топтордогу окуучулар биргелешип иштешип, ал сөздөрдөн ылайыктуусун тандап, кластерге жайгаштырышат.

Кластер түзүүдө «Жоогазын» текстин пайдаланышат. Белгиленген убакыт аяктаганда ар бир топ өздөрүнүн түзгөн кластерин презентациялашат.

**Потенциалы:** Бул ыкма аркылуу окуучулар билген маалыматтарын топтоштурууга, аларды туура пайдаланууга, топто биргелешип иштөөгө үйрөнүшөт.

**Үй тапшырмасы:** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, созулма жана кыска үндүүлөрдү белгилешет.

**Окуучулардын билимин баалоо**. Баалоо критерийлерине карата жүргүзүлөт.

**Сабактын темасы:** Жөнөкөй жана татаал сүйлөм

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** жөнөкөй жана татаал сүйлөм жөнүндө маалымат алышат, аларды бири-биринен ажырата алышат;
- **өнүктүрүүчүлүк:** жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөргө мисалдарды түзө алышат, аларды тексттен таба алышат;
- **тарбия берүүчүлүк:** нанды баалай билүү керектигин, аны коромжуга учуратпоо керектигин баамдап билишет.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде**

- жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү бири-биринен ажырата билишсе;
- жөнөкөй сүйлөмдөргө мисал түзө алышса;
- татаал сүйлөмгө мисал түзө алышса;
- тексттин тутумунан жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү таба алышса;
- тексттин мазмунун түшүнүшсө;
- аны Инсерт стратегиясы менен талдай алышса;
- нанды баалай билип, аны коромжуга учуратпоо керектигин түшүнүшсө.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү.

**Сабактын методу:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** Инсерт

**Сабактын жабдылышы:** таблица, сүрөттөр, ар бир окуучуга бирден карандаш, текст.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо. Өткөн сабактагы «Илептүү сүйлөм» темасын кайталоо. Үй тапшырмасын текшерүү.**

**Жаңы сабак:** Жөнөкөй жана татаал сүйлөм темасын таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**Бышыктоо:** Көнүгүүлөрдү иштетүү.
«Элдик байлык» текстин Инсерт стратегиясы боюнча талдоо:

1. Окуучуларга нан жөнүндө эмне билесиңер? деген суроо берилет. Окуучулардын жооптору доскага жазылат. Нан жөнүндө маалыматтарын бири-бирине айтышат.
2. Инсерт стратегиясы боюнча таблицаны толтуруу эрежеси кайталанат, аны дептерлерине чийишет.
3. Окуучуларга текст таратылып берилет. Алар аны окуп, таанышышат.
4. Тексттин мазмуну боюнча Инсерт таблицасын толтурушат.
5. Бир нече окуучу өз ишин презентациялайт.

**Потенциал:** Инсерт стратегиясы аркылуу буга чейин билгендерин жана жаңы алган маалыматтарын системалаштырып, талдоого үйрөнүшөт.

**Үй тапшырмасы:** «Нан – биздин байлыгыбыз» деген темада жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү катыштырып, аңгеме түзүп келишет.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына карата берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.**

**Сабактын темасы:** Алфавит

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк:** алфавит жөнүндө билимдерин бекемдешет;
- **өнүктүрүүчүлүк:** алфавитти жатка билишет, текстти талдоо, көркөм айтуу көндүмдөрүн өркүндөтүшөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** улуттук баалуулуктар, анын ичинде элдик аспаптар жөнүндө, залкар акын А. Осмонов жөнүндө маалыматтарын кеңейтишет.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде**
- алфавит деген эмне экендигин түшүнүшсө;
- алфавитти жатка билишсе;
- алфавитти пайдалана билишсе;
- ырды көркөм айта алышса;
- анын автору жөнүндө билишсе;
- текстти талдай алышса.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү.

**Сабактын методу:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** кластер

**Сабактын жабдылышы:** алфавит, А. Осмоновдун портрети, улуттук аспаптардын сүрөттөрү, ватман, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо. Түгөйлүү үнсүздөр темасын кайталоо. Көнүгүүнү текшерүү.**

**Жаңы сабак:** алфавит жөнүндө маалымат берүү.

**Бышыктоо.** А.Осмоновдун «Комуз» ырынын негизинде көнүгүүлөрдү иштетүү.

«Улуттук аспаптар» темасына кластер түздүрүү.

**Кадамдар:**
- Окуучуларды 1ден 3кө чейин санатып, 3 топко бөлүү.
- Ар бир топко 1ден ватман, маркер таратып берүү.
- Улуттук аспаптар жөнүндө билгендерин сурап, жоопторду доскага жазып туруу.
- Кластер түзүү эрежесин эстерине салуу.
- Ар бир топ өз алдынча иштешет.
- Топтор өз иштерин презентациялашат.

**Потенциалы:** Окуучулар билген маалыматтарын топтоштуруп, талдаганга жана биргелешип иштөө көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Үй тапшырмасы:** Кыргыздын белгилүү комузчулары жөнүндө маалыматтарды чогултуп, портфолиолоруна жайгаштырышат.

**Баалоо:** Окуучулардын билими көрсөткүчтөргө ылайык бааланат.

**Сабактын темасы:** Муун. Көнүгүү иштөө

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** муун жана анын түрлөрү жөнүндө маалымат алышат;
- **өнүктүрүүчүлүк:** сөздөрдү муунга туура ажырата алышат, муундун түрлөрүн аныктай алышат, муунга карай сөздөрдү ташымалдоону билишет;
- **тарбия берүүчүлүк:** залкар жазуучу Ч. Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө билимдерин кеңейтишет, анын негизинде улуу адамдардан өрнөк алууга далалаттанышат.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жеттик дейбиз, эгерде**

- муун, жөнүндө билишсе;
- муундун түрлөрүн аныктай алышса;
- сөздөрдү муунга туура ажырата алышса;
- сөздөрдү муунга карай туура ташымалдай алышса;
- текстти окуп, түшүнүгүн айтып беришсе;
- жаңылмачты жатка айтып, табышмактын жандырмагын табышса;
- макалдардын маанисин чечмелеп айтып бере алышса.

**Сабактын тиби:** аралаш.

**Сабактын ыкмасы:** башкарып окутуу.

**Сабактын жабдылышы:** муун жөнүндө таблица, карточкалар, Ч. Айтматовдун портрети, китептери.

**Сабактын жүрүшү: Классты уюштуруп, жагымдуу жагдай түзүү. Үй тапшырмасын текшерүү.**

**Жаңы теманы** муун жөнүндө таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

Ч. Айтматов жөнүндө текстти окуп берүү. «Акыл чабуулу» ыкмасын колдонуу менен окуучулардан төмөнкү суроолорго жооп алуу:

- Ч. Айтматов качан жана каерде төрөлгөн?
- Анын ата-энеси кимдер болгон?
- Ч. Айтматов согуш учурунда ким болуп иштеген?
- Анын эң алгачкы чыгармасы кайсы?
- Ч. Айтматов жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.

Тексттин жардамы менен көнүгүүлөрдү иштетүү.

2-сабакта муун темасы боюнча көнүгүүлөр иштетилет.

«Акыл чабуулу» ыкмасынын негизинде суроолорго жооптор алынат.

Муундун негизинде сөздөрдү ташымалдоого карата эрежелер кайталанып, таблица толтурулат.

Жаңылмач, ыр, табышмак, макалдардын жардамы менен муун, анын түрлөрү жөнүндө билимдерин бышыкташат, ребусту жандырышат (Жообу: *Чыңгыз).*

Бул тапшырмаларды жупта, өз алдынча жана топто иштетүүгө болот.

**Үй тапшырмасы:** сүрөт боюнча текст түзүп келишет.

**Баалоо:** окуучулардын билими көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.

**Сабактын темасы:** Уңгулаш сөздөр

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк:** уңгулаш сөздөр жөнүндө маалымат алышат;
- **өнүктүрүүчүлүк:** уңгулаш сөздөрдү таба алышат, аларды жазуу жана оозеки кебинде пайдалана алышат, жомоктун мазмунун түшүнүп, ага талдоо жүргүзүшөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** бири-биринин сөзүн угуп, пикирин баалай билүүгө үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде**
- уңгулаш сөздөрдү билишсе;
- уңгулаш сөздөрдү сүйлөмдүн тизмегинен таба алышса;
- аларды оозеки жана жазуу кебинде пайдалана алышса;
- жомоктун мазмунун түшүнүп, түшүнүгүн айтып беришсе;
- андан уңгулаш сөздөрдү табышса;
- топто иштөөдө бири-биринин пикирин угушса.

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабактын ыкмасы:** пирамидалык окуя

**Сабактын жабдылышы:** ар бир топко ар кандай түстөгү карточкалар, эки окуучуга бирден текст.

**Сабактын жүрүшү: Окуучуларды сабакка уюштуруу, жагымдуу жагдай түзүү.**

**Өтүлгөн теманы кайталоо.** Өткөн сабактагы «Сөздүн түрлөрү» темасын кайталоо, үйгө берилген көнүгүүнү текшерүү.

«Уңгулаш сөздөр» темасын түшүндүрүү.

Уңгулаш сөздөр деп уңгулары бирдей болгон сөздөр аталары жөнүндө конкреттүү мисалдардын негизинде жана атайын таблицанын жардамы менен баяндап айтып берүү.

**Текст менен тааныштыруу. Текст:** ***«Баарынан ким күчтүү?»*** *жомогу.*

Тексттин негизинде көнүгүүлөрдү иштетүү.
- Окуучулар 1ден 4кө чейин санап, 4 топко бөлүнөт. Ар бир топко бирден флипчарт, бирден маркер, текст таратылат.
- Топтордун мүчөлөрү тексттин негизинде талкуу жүргүзүшүп, Пирамидалык окуя стратегиясы боюнча текстти талдашат.
- Белгиленген убакыт бүткөндө ар бир топ өз ишин презентациялашат.

Пирамидалык окуя стратегиясы менен текст төмөнкүдөй талданат:

**1-сап.** 1 сөз. Окуянын каарманы.
**2-сап.** 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.
**3-сап.** 3 сөз. Окуянын болгон жери.
**4-сап.** 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон кырдаал.
**5-сап.** 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1-себеби.
**6-сап.** 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2-себеби.
**7-сап.** 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне түрткү болду.
**8-сап.** 8 сөз. Окуянын чечилиши.

**Потенциал:** Бул стратегия менен иштөө аркылуу окуучулар тексттин мазмунун, анын каармандарын, башталышын, чиеленишин, өнүгүшүн жана чечилишин аныктап, анализдөө көндүмдөрүнө ээ болушат.

Тексттен уңгулаш сөздөрдү табышат, көнүгүүлөрдөгү тапшырмаларды аткарышат.

**Үй тапшырмасы:** Сөздөн сөз жаратып, алардын уңгулаш сөзүн табышат.

**Баалоо:** Көрсөткүчтөрдүн негизинде.

## **Сабактын темасы:** Кош сөздөр

**Сабактын максаттары:**
- **билим берүүчүлүк**: кош сөздөр татаал сөздөрдүн бир түрү экендиги, алар бири-биринин маанисин толуктап турган эки сөздүн тизмегинен туруп, бир лексикалык маанини билдирери, компоненттеринин ортосуна сызыкча белгиси коюлары жөнүндө маалымат алышат.
- **өнүктүрүүчүлүк:** кош сөздөрдү татаал сөздүн башка түрлөрүнөн ажырата алышат, аларды оозеки жана жазуу кебинде пайдалана алышат.
- **тарбия берүүчүлүк**: «Уз мугалим» текстинин негизинде талыкпаган эмгек менен бакыбат жашоого жетишүүгө болорун баамдап билишет, ата-эненин эмгегин баалай билүүгө тарбияланышат.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жеттик дейбиз, эгерде**
- кош сөздөр эмне экенин билишсе;
- аны татаал сөздүн башка түрлөрүнөн айырмалай алышса;
- аларды жазуу эрежесин билип, туура жазышса;
- кош сөздөрдү катыштырып, сүйлөм, текст түзө алышса;
- оозеки жана жазуу кебинде пайдаланышса;
- тексттин негизинде көнүгүү-машыгуу иштерин туура аткара алышса;
- топто иштөөдө бири-биринин пикирин баалай билишсе.

**Сабактын тиби**: жаңы билимди өздөштүрүүчү.

**Сабактын ыкмасы**: кластер түзүү, топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: флипчарт, маркер, таблица, сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү**: **Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо**. Өткөн сабактагы жөнөкөй жана татаал сөздөр темасы кайталанып, үйгө берилген көнүгүү текшерилет.

**Жаңы сабак: Кош сөздөр**

Кош сөздөр деген бири-биринин маанисин толуктап турган эки сөздүн тизмегинен турган татаал сөздүн түрү экендигин таблицанын жана конкреттүү мисалдардын жардамы менен түшүндүрүү.

**Бышыктоо.** Тексттин негизинде көнүгүүлөрдү иштетүү. Текст: «Уз мугалим».
- Текстти окуп, түшүнүгүн айтып беришет.
- Тексттеги кош сөздөрдү табышат.
- Текстте кездешкен кош сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзүшөт. Жазылуу эрежесине байкоо жүргүзүшөт.
- **Сөздүк менен иштөө:** *уз, кемсел, белдемчи, туш кийиз* деген сөздөрдү сөздүк дептерлерине жазышат, аларды жатташат, алар менен сүйлөмдөрдү

түзүшөт. Ар бир сабакта сөздүк жумуштарын жүргүзүү окуучулардын кебин байытууга, сөздүк запасын кеңейтүүгө зор өбөлгө түзөт.

- Кош сөздөр темасына кластер түзүшөт.
- Окуучулар топторго бөлүнүп, флипчарт, маркер таратылып берилет.
- Кластер түзүүнүн ыкмасын эстерине түшүрүшөт.
- Өз топторунда иштешет.
- Белгиленген убакыт аяктаганда өз иштерин презентациялашат.

**Потенциалы:** берилген тема боюнча билимдерин топтоштуруу, топто иштөө, бири-биринин пикирин баалоо көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Жыйынтыктоо.**

**Үй тапшырмасы:** Суроолорго кош сөздөрдү катыштырып жооп жазып келишет.

**Баалоо.** Көрсөткүчтөргө ылайык окуучулардын билими бааланат.

## **Сабактын темасы:** Этиштин чактары

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк**: кыймыл-аракеттин кайсы учурда болгондугуна байланыштуу этиш чактар боюнча өзгөрөрүн, этиштин чактары учур чак, өткөн чак, келер чак болуп 3кө бөлүнөрүн билишет;
- **өнүктүрүүчүлүк:** этиш жана анын чактары боюнча билимдерин кеңейтишет, этиштерди оозеки жана жазуу кебинде колдонот, кыймыл-аракеттин кайсы мезгилде болуп жаткандыгын ажырата алышат. Текст менен иштей алат, андан этиштерди таап, суроо коюп, кыймыл-аракеттин мезгилин аныкташат.
- **тарбия берүүчүлүк**: топто иштөөдө бири-биринин пикирин угуп, баалоого үйрөнүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жеттик деп эсептейбиз, эгерде**

- этиш жөнүндө маалыматтары болсо;
- кандай суроолорго жооп берерин билишсе;
- этиштин 3 чагы бар экенин билишсе;
- этиштерди оозеки жана жазуу кебинде пайдалана алышса;
- сүйлөмдүн тизмегинен жана тексттен таба алышса;
- аларга суроо коё алышса;
- кыймыл-аракеттин кайсы мезгилде болуп жаткандыгын ажырата алышса;
- топто иштөөдө бири-биринин пикирин баалай билишсе.

**Сабактын тиби**: жаңы билим берүүчү.

**Сабактын ыкмасы**: кластер түзүү, топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: таблица, сүрөттөр, флипчарт, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо**. **Үй тапшырмасын текшерүү**.

Жаңы сабакта этиштин 3 чагы жөнүндө таблицанын жардамы менен маалымат берүү.

**Текст: «Том жана Жерри».** Шедеврге айланган мультфильмдин тарыхы жөнүндөгү тексттин жардамы менен көнүгүү-машыгуу иштерин жүргүзүү.

**Сөздүк иштери**. Жаңы сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртып, аларды жаттатуу жана алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

Том жана Жерринин кыймыл-аракетин кластер түрүндө көрсөтүү тапшырмасын аткартуу.

Окуучуларды топторго бөлүп, аларга флипчарт, маркер таратуу жана кластер түзүү ыкмасын эстерине салуу.

Том эмне кылат? Жерри эмне кылат? деген суроолор менен окуучуларга кайрылуу жана алардын жоопторун доскага жазуу. Топтордо иштетүү. Кластер түздүрүү жана ар бир топко презентация өткөртүү. Кластердеги этиштердин кыймыл-аракеттин кайсы учурун көрсөтүп жаткандыгын аныктатуу.

**Үйгө тапшырма:** мультсериалдын каалаган эпизодун тартып, ага карата кыскача текст түзүү.

**Баалоо:** көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.

## Чейректик кайталоо үчүн тапшырмалар

### I чейрек

**1. Текст боюнча грамматикалык тапшырмаларды аткаргыла.**

1. Ырдын автору ким?
2. Ыр канча сүйлөмдөн турат?
3. Сүйлөмдөрдүн аягына кандай белги коюлду? Демек, алар кандай сүйлөмдөр?
4. Ыр канча сөздөн турат?
5. Ырдагы кыска үндүүлөр катышкан сөздөрдүн астын бир сызык менен, созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдүн астын эки сызык менен сызгыла.
6. Ырдагы жумшак үнсүздөр катышкан сөздөрдөн 5ти жазгыла.
7. Ырдагы каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөрдөн 5ти жазгыла.
8. *Кыргыз* деген сөзгө тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.

**2. Пирамидалык окуя стратегиясы боюнча текстке талдоо жүргүзгүлө.**

**1-сап.** 1 сөз. Окуянын каарманы
**2-сап.** 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.
**3-сап.** 3 сөз. Окуянын болгон жери.
**4-сап.** 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон кырдаал.
**5-сап.** 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1-себеби.
**6-сап.** 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2-себеби.
**7-сап.** 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне түрткү болду?
**8-сап.** 8 сөз. Окуянын чечилиши.

### II чейрек

**1. Текст боюнча грамматикалык тапшырмаларды аткаргыла.**

- 1-сүйлөмдөгү сөздөрдү муунга ажыратып жазгыла.
- Андагы муундардын түрүн аныктагыла.

- 2-сүйлөмдөгү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.
- Баатыры, кызылчадан, борбору деген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратып, мүчөнүн кандай түрү экендигин аныктагыла.
- Тексттен сөз жасоочу мүчөлөр менен жасалган сөздөрдү тапкыла.
- Тексттен сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганган сөздөрдү тапкыла.
- Тексттен татаал сөздөрдү тапкыла.
- *Ала-Тоо* деген сөз татаал сөздүн кайсы түрүнө кирет?
- Тексттеги *Ата Мекен, жашоо* деген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.
- Тексттеги *баатыр, эмгекчил* деген сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

**2. Пирамидалык окуя стратегиясы боюнча тексттин мазмунун талдагыла.**
**1-сап.** 1 сөз. Окуянын каарманы
**2-сап.** 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.
**3-сап.** 3 сөз. Окуянын болгон жери.
**4-сап.** 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон кырдаал.
**5-сап**. 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1-себеби.
**6-сап**. 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2-себеби.
**7-сап.** 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне түрткү болду?
**8-сап**. 8 сөз. Окуянын чечилиши.

## III чейрек

**1. Төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.**
- Тексттеги зат атооч сөздөрдү таап жазгыла.
- Тексттен көптүк сандагы зат атоочторду тапкыла.
- Тексттеги зат атооч сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.
- *Амина, Далия* деген сөздөрдү жөндөгүлө.
- Тексттеги жөнөкөй зат атоочтордон бешти жазгыла.
- Тексттеги татаал зат атоочторду тапкыла.
- Тексттен этиш сөздөрдү таап жазгыла.
- Этиш сөздөрдүн кайсы чакта тургандыгын аныктагыла.
- Тексттен сын атооч сөздөрдү тапкыла.
- Тексттен эсептик жана иреттик сан атоочторду тапкыла.

**2. Пирамидалык окуя стратегиясы боюнча текстке талдоо жүргүзгүлө.**
**1-сап.** 1 сөз. Окуянын каарманы
**2-сап.** 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.
**3-сап.** 3 сөз. Окуянын болгон жери.
**4-сап.** 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон кырдаал.
**5-сап.** 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1-себеби.
**6-сап.** 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2-себеби.
**7-сап.** 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне түрткү болду.
**8-сап.** 8 сөз. Окуянын чечилиши.

## IV чейрек

**1. Грамматикалык тапшырмаларды аткаргыла.**
- Тексттеги этиштерди таап жазгыла.
- Алардын кайсы жакта тургандыгын аныктагыла.

- Тексттеги кызматчы сөздөрдү тапкыла.
- Тексттеги зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.
- Тексттеги *окуйм, угам* деген сөздөр менен тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.
- Тексттеги *угамын, орундаймын* деген сөздөр менен тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.
- Тексттеги *эмгек, өлкө, мугалим* деген сөздөр менен сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.
- Сүйлөмдү кызматчы сөздөр менен толуктап жазгыла.

Биз 4-классты ... жакшы баалар ... бүтүрдүк ... көп жаңы нерселерди үйрөндүк.

**2. Пирамидалык окуя стратегиясы боюнча текстке талдоо жүргүзгүлө.**

**1-сап**. 1 сөз. Окуянын каарманы.
**2-сап**. 2 сөз. Каарманды сыпаттаган сөздөр.
**3-сап**. 3 сөз. Окуянын болгон жери.
**4-сап**. 4 сөз. Окуянын чыгышына себеп болгон кырдаал.
**5-сап**. 5 сөз. Окуянын чыгышынын 1-себеби.
**6-сап**. 6 сөз. Окуянын чыгышынын 2-себеби.
**7-сап**. 7 сөз. Окуянын чечилишине эмне түрткү болду.
**8-сап**. 8 сөз. Окуянын чечилиши.

## Жыл боюнча өтүлгөндөрдү кайталоо үчүн тесттик тапшырмалар

### I вариант

**1. Тил жана кеп аркылуу адамдар эмне кылышат?**
а) окушат;
б) байланышып, өз оюн, пикирин билдиришет;
в) иштешет.

**2. Текст деген эмне?**
а) мааниси боюнча байланышкан 2 же андан көп сүйлөмдөрдүн тобу;
б) бир сүйлөм;
в) бир нече сөздөр.

**3. Кептин кандай түрлөрү бар?**
а) оозеки жана жазуу;
б) чоң жана кичине;
в) жекелик жана көптүк.

**4. Сүйлөм деп эмнени айтабыз?**
а) эки сөздөн турган сөз айкашын;
б) бир нече сөздөрдүн тизмегин;
в) бүткөн бир жыйынтыктуу ойду билдирген сөз же сөздөрдүн тизмеги.

**5. Сүйлөмдүн баш мүчөлөр кайсылар?**
а) айкындооч, толуктооч;

б) ээ, баяндооч;
в) атооч, этиш.

**6. Жай сүйлөм кайсы?**
а) Жаз келди.
б) Жаз качан келет?
в) Жаз – кандай сонун мезгил!

**7. Кыргыз тилинде канча тамга, канча тыбыш бар?**
а) 30, 39;
б) 32, 36;
в) 36, 39.

**8. Мүчөлөрдүн кандай түрлөрү бар?**
а) Сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү;
б) Сөз аныктоочу, сөз өзгөртүүчү;
в) Сөз жасоочу, сөз белгилөөчү.

**9. Этиштин канча чагы бар, алар кайсылар?**
а) 2, өткөн чак, келер чак;
б) 4, учур, байыркы, өткөн, баштапкы;
в) 3, учур чак, өткөн чак, келер чак.

**10. Тууранды сөз катышкан сүйлөмдү тапкыла?**
а) Эшикти бирөө чертти.
б) Булактын суусу таза, тунук.
в) Эшикте дыбыр-дыбыр этип жамгыр жаап жатат.

## II вариант

**1. Тексттин кандай түрлөрү бар?**
а) баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү;
б) ой жүгүртүү, толуктоо, жазуу;
в) сүрөттөө, колдонуу, баяндоо.

**2. Сөз айкаштарын тапкыла.**
а) китеп, дептер, сабак, окуучу;
б) шаар, айлана, калк;
в) китеп окуу, сабакка баруу, жакшы окуучу.

**3. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм кайсы?**
а) Амина, Далия, Элеонора, Айхан, Фаиза жана Айша – курбулар.
б) Амина жакшы окуйт.
в) Амина – сулуу кыз.

**4. Түгөйлөш үнсүздөр кайсылар?**
а) б – в, ж – ш, к – т, л – м;
б) с – з, т – ч, ф – п, д – т;
в) б – п, с – з, г – к, д – т.

**5. Кайсы сөздөр туура жазылган?**
а) Далия, чие, аюу, кыяк;
б) койон, айак, туйак, ойуу.
в) тайак, кыйал, байан.

**6. Жалаң сүйлөмдү тапкыла.**
а) Арсен жакшы окуйт.
б) Арсен жакшы бала.
в) Арсен окуйт.

**7. Төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөм кайсы?**
а) Элибизде: «Тарбия үйдөн башталат», – дейт.
б) Тарбия үйдөн башталат.
в) Тарбиянын үйдөн башталары анык.

**8. Татаал сын атоочторду тапкыла.**
а) кызыл, жашыл, абдан кызыктуу;
б) чоң, кичине, өтө даамдуу;
в) ак жуумал, эң сонун, бийик-бийик.

**9. Мезгилди билдирген тактоочторду тапкыла.**
а) кечээ, жакын, алыс, чоң;
б) эртең, быйыл, жакында, бүгүн;
в) алыс, ортодо, былтыр, көп.

**10. Сырдык сөз катышкан сүйлөм кайсы?**
а) Өнөрүң болсо, өргө чап!
б) Балам, өнөрүң болсо өргө чап!
в) Бали, өнөрүң болсо өргө чап!

## Жазуу иштерин жүргүзүүнүн ыкмалары жана 4-класста жүргүзүлүүчү жазуу иштери

Башталгыч класстарда жазуу иштерин анын эң жөнөкөй элементтерине таянып жүргүзүү талапка ылайык. Андай иш-аракеттердин катарына:

- жат жазуунун бардык түрлөрү;
- таяныч сөздөрдү пайдаланып, аңгеме же жомок жазуу;
- дилбаян жазуу;
- баяндама жазуу;
- текст түзүү;
- план түзүү;
- сүйлөм түзүү;
- өмүр баян, арыз, кулактандыруу, мүнөздөмө, маалымдама сыяктуу иш кагаздарын жаза билүү;

– кат жаза билүү, ж. б. у. с. жазуу иштеринин түрлөрү кирет.

Башталгыч класстарда эне тилин текстке байланыштуу окутууда жазуу иштеринин бардык түрлөрү кеңири колдонулат. Жат жазуунун түрлөрү окуучулардын билимдерин текшерүүнүн эң негизги иш-аракеттеринен болуп саналат. Ар бир бөлүмдү, чейректи жыйынтыктоодо грамматикалык материалдарды окуучулардын өздөштүрүү деңгээли, алардын орфографиялык сабаттуулугу текшерилип, анын жыйынтыктарынын негизинде мугалим өзүнүн андан аркы иш-аракеттерин пландаштырат. Жат жазуунун башталгыч класстарда колдонулган текшерүү жат жазуусу, сөздүк жат жазуу, эске тутуу жат жазуусу, көрүү жат жазуусу, чыгармачы-

лык жат жазуу сыяктуу түрлөрүнөн тышкары азыркы учурдун талабына ылайык интерактивдүү окутуунун негизинде *жүгүрүп жазган жат жазуу* түрүн колдонуу сунушталууда.

Бул иш-аракет салттуу окутуудагы жат жазуунун түрлөрүнөн толугу менен айырмаланат. Мында окуучунун кыймыл-аракети, көрүү, окуу, жазуу, сүйлөө, угуу сыяктуу кеп ишмердигинин бардык бирдиктери катышат. Ар бир окуучунун жекече иш-аракетинде жогорку жоопкерчилик пайда болуп, топтун жеңиши андан көз каранды экендигин, ага түздөн-түз таасирин тийгизерин сезет, өз ара биргелешип, байланышта, мамилелешип иштешет. Бул сабакта төмөнкүдөй максаттар ишке ашат:

- сүйлөмдөрдү жазуу аркылуу маалыматтарды эсине тутуусу өнүгөт;
- сүйлөмдөрдүн байланышын, лексикалык маанисин айырмалайт;
- туура, сабаттуу жазууга үйрөнөт;
- көрүү, угуу, жазуу, сүйлөө көндүмдөрү өнүгөт;
- топто биргелешип иштөөгө машыгышат.

Жүгүрүп жазган жат жазуу стратегиясы менен 4-класста жүргүзүлгөн сабактын үлгүсүн сунуштайбыз.

**Сабактын темасы:** Ырыс алды – ынтымак

**Сабактын максаттары**: «Ырыс алды-ынтымак» текстинин негизинде жат жазуу менен сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн лексикалык маанисин, сүйлөмдөрдүн өз ара логикалык байланыштарын түшүнүп, билишет. Туура, сабаттуу жазууга көнүгүшөт. Биргелешип, жардамдашып иштөө аркылуу жазуу ишин аткарууга машыгышат.

**Сабактын методдору**: топто иштөө, баалоо.

**Сабактын ресурстары**: А 4 кагазына жазылган тексттер. Иш кадамдары:

1. А 4 кагазына жазылган текст дубалдын 4 жерине илинет.
2. Класстагы окуучулар 1ден 4кө чейин саноо менен 4 топко бөлүнүшөт. Топ уй мүйүз тартып отурушат.
3. Ар бир окуучу солдон оңду көздөй ирети менен кезектешип өз тобуна тиешелүү дубалда илинген кагаздагы тексттен 1 сөздү жүгүрүп окуп, өз тобуна айтып берет, алар жазышат.
4. Окуучулар кезектешип, тез жүгүрүп, чуркап, өз тобуна сөздөрдү окуп, айтып берип турат. Текстти жазып бүтмөйүнчө бул иш-чара улантылат.
5. Кайсы топ биринчи бүтсө, бүткөндүгүн белгилеп, алакан чабышат.
6. Ар бир топ «чуркап жазган жат жазуусун» презентациялайт. Окуучулар жалпы анализдеп, каталарын текширишет.

## Ырыс алды ынтымак

Бир карыянын тогуз уулу бар экен. Балдары атасы айткан акылды укпайт, ар кимиси өз бетинче жүрөт.

Карыя тогуз табылгыны бириктирип байлады да, мындай деди: «Кана балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн, мына бул табылгыны тобу менен сындыргыла».

Тогуз уулдун ар бири күчүн сынады. Табылгыны эч кимиси сындыра алышпады. «Эми бирден сындырып көргүлө» деп карыя табылгынын боосун чечип койду. Балдары табылгыны ошол замат чарт-чурт сындырышты.

Карыя балдарына мындай деди: «Боолонгон табылгыдай бирдиктүү болсоңор, силерге эч ким тие албайт». Балдары атанын сөзүн аткарышты. «Ырыс алды – ынтымак» деген сөз ошондон калган экен.

*Кыргыз эл жомогу*

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

– Кандай каталарды кетирдиңер?

– Топту алдыга, же тескерисинче, артка тартып жаткан учурда өзүңөрдү кандай сездиңер?

– Жүгүрүп жазган жат жазуу ишинде кандай кызыктуу учурлар, же макал-ылакапты байкадыңар?

– Ынтымак жөнүндө кандай ырларды, макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү билесиңер?

**Үй тапшырмасы:** «Ынтымак» темасындагы ырлардан, макал-ылакаптардан, учкул сөздөрдөн жаттап келүү.

Бүгүнкү күндө башталгыч класстардын мугалимдери тарабынан текшерүү жана чейректик жат жазуу гана колдонулуп, жат жазуунун калган түрлөрү сейрек жүргүзүлүп, же таптакыр эле унутта калтырылууда. Эгерде сөздүк, чыгармачылык, үйрөтүүчү, көрүү, жат жазуулары атайын пландаштырылып, максаттуу жана ырааттуу жүргүзүлсө, окуучулардын сабаттуулугу артып, өтүлгөн темалар боюнча билим, билгичтиктер, көндүмдөрүнүн калыптануусуна өбөлгө түзүлөт.

Сөздүк жат жазуусун жүргүзүүдө сөздөрдү мугалим окуп берет, окуучулар жазышат. Текшерүү үчүн сөздөрдүн туура жазылышы атайын плакатка, же досканын артына алдын-ала жазылып, жазуу иши аяктаган соң көрсөтүлөт. Бири-бирин, же өзүн-өзү баалоо, катанын үстүндө иштөө ыкмасы колдонулат. (Мындай жат жазуунун түрүн мугалим кадыресе сабактарда деле, убакытка жараша окулуп жаткан тексттин ичинен 5–10 сөздү, же жаңы материалга тиешелүү, мисалы, сын атооч, же этиш сөздөрдөн алып окуучуларга жаздырып, системалуу иш-аракетке айлантса орфографиялык сабаттуулукту арттырат.)

Чыгармачылык жат жазуу жаздырууда мугалим окуучуларга «Шаарда», «Айылда», «Жайлоодо», «Көлдө» сыяктуу темаларды доскага жазат. Ушул темалардын бирин тандап, окуучулар эссе жазышат. Сүрөт тартып, ыр чыгарышат. Мындай иш-аракеттер окуучунун жазуудагы сабаттуулугун, байланыштуу кебин текшерүү жана өнөрүн ачуу менен бирге каралат. Мугалим өзү текшерип, жыйынтык чыгарат. Кетирилген каталарды классификациялап, аларды оңдоо, жоюу үчүн жекече карточкаларды иштеп чыгып, ар бир окуучу менен иш алып барса, жакшы натыйжа болот.

Чейректик жат жазуу – ар бир чейректин аягындагы окуучунун орфографиялык жана каллиграфиялык билгичтиктерин текшерүү, жыйынтык чыгаруу жана андан ары кайсы багытта иш алып баруу зарылдыгын аныктоо максатында жүргүзүлүүчү жазуу иши. Мугалим тарабынан текшерилип, кетирилген каталар классификацияланып, окуучуларга аларды жоюу жолдору көрсөтүлөт.

Үйрөтүүчү жат жазуунун максаты – окуучунун сабаттуулугун текшерүү менен катар өтүлгөн тилдик материалды өздөштүрүүсүнө көнүктүрүү, үйрөтүү. Жат жазуунун түрүн жаздырууда төмөнкүдөй тапшырмалар аткартылышы мүмкүн:

- тексттеги көп чекиттердин ордуна жөндөмө мүчөлөрүн улап жазуу;

- берилген сөздөрдү керектүү жөндөмөлөргө коюп, текстти толуктап жазуу.
- тексттен зат атоочторду таап, аларга суроо коюу;
- тексттеги алды сызылган сөздөрдү маанилеш сын атоочтор менен алмаштыруу;
- тексттен уңгулаш сөздөрдү табуу ж. б.

Көрүү жат жазуусун жаздырууда мугалим доскага же ватманга жат жазуунун текстин жалпыга даана көрүнгөндөй жазып даярдап коёт. Окуучуларга жат жазуунун бул түрүнүн максаты жана аны аткаруу жолу ачыкталат. Текст бир жолу мугалим тарабынан окулуп, окуучулар менен бирдикте тексттин мазмуну, аталышы, канча сүйлөмдөн куралгандыгы, тыныш белгилеринин коюлушу, кыска жана созулма үндүүлөр, катар келген үнсүздөр, йоттошкон тамгалар ж. б. зарыл деп эсептелген эрежелер эске салынат. Текст окуучулар тарабынан дептерге көчүрүлүп жазылат. Баалоо критерийи катары окуучулардын грамматикалык, орфографиялык сабаттуулугу.

Текшерүү жат жазуусу өтүлгөн темаларды кайталап эске түшүрүү, бир канча убакыттан соң жаңы тема менен байланышта билимди бышыктап туруу максатында жүргүзүлөт. Жат жазуу мугалим тарабынан жаздырылып бүткөндөн соң, «Тексттерден кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла. Ал сөздөрдү муунга бөлүп, үндүү жана үнсүз тыбыштарды ажыраткыла» деген сыяктуу кошумча тапшырмалар берилет. Баалоо критерийи катары орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулуктан тышкары, тилдик материалдардын өздөштүрүлүшү алынат.

**Жатка жазуу** өткөрүүнүн алдында ыр түрүндөгү тексттер окуучуларга берилип, үйдөн жаттап келүү тапшырылат. Окуучулар ырдын текстин эске тутуусу боюнча жатка жазууга машыгышат. Өзүн-өзү, бири-бирин баалоо ыкмалары менен текшерилет. Кетирилген каталардын үстүндө иштөө жүргүзүлөт.

Программалык талаптарга ылайык **жат жазуулардын көлөмү** чейректер боюнча төмөнкүдөй санда болот.

| Класстар | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| II | 20–25 сөз | 25–30 сөз | 30–35 сөз | 35–40 сөз |
| III | 40–45 сөз | 45–50 сөз | 50–55 сөз | 55–60 сөз |
| IV | 60–65 сөз | 65–70 сөз | 70–75 сөз | 75–80 сөз |

II–IV класстарда текшерүү жумуштарын алганда грамматикалык тапшырмалар кошо берилсе, анда 35–40 минута убакыт сарпталат.

**«5» деген** баа орфографиялык жагынан оңдолбогон жана ката кетирилбеген жат жазууга коюлат. Жазуу жумушу ачык-так, каллиграфиялык жагынан болгон талапка жооп бериши керек. Ошондой эле түшүрүлгөн тамга өз ордуна коюлса жана ачык-так жазылбаган тамганы бир жолу эле оңдоого жол берилет.

**«4» деген** баа жат жазууда 2 орфографиялык (фонетикалык-графикалык) жана 1 пунктуациялык, же болбосо 1 орфографиялык, 2 пунктуациялык ката кетирилсе коюлат. Иш таза аткарылса, бирок каллиграфиялык жактан анча одоно ката кетирилбегендиги эсепке алынат. Ар кандай мүнөздөгү бир жолку оңдоого жол берилет.

**«3» деген** баа жат жазууда 3төн 5ке чейин орфографиялык (фонетикалык-графикалык) ката кетирилсе коюлат. Мында каталардын төмөндөгү вариантта жиберилиши эсепке алынат: жат жазууда 3 орфографиялык жана 2–3 пунктуациялык

же 4 орфографиялык, 2 пунктуациялык же 5 орфографиялык, бир пунктуациялык өңдөнгөн каталардын жиберилиши да мүмкүн.

**«2» деген** баа жат жазууда 5–7 орфографиялык (фонетикалык-графикалык) ката кетирилсе коюлат. Булганч жана каллиграфиялык өлчөмдөн бир топ четтеп кеткен мүчүлүштүктөр да ага кошулат.

**«1» деген** баа жат жазууда 8ден ашык орфографиялык ката кетирилсе коюлат.

***Эскертүү:*** **1**. Жат жазууда төмөндөгүлөр да ката болуп эсептелет: сөздөрдү жазууда андагы муундардын жана тамгалардын ордун алмаштырып коюу, сөз ичинде тамгаларды таштап кетүү, сөздөрдү жазууда ташымалдоонун эрежесин бузуу, өтүлгөн материалдарга байланыштуу тыныш белгилерин туура эмес коюу.

**2. Жат жазуунун айрым сөзүнөн жиберилген каталар бир нече жолу кайталанса, анда алар 1 гана катага эсептелет.**

**3. Төмөнкүлөр ката болуп эсептелбейт:**

а) айрым сүйлөмдүн аягына кокусунан чекит коюлбай калып, андан кийинки сүйлөм баш тамга менен башталып жазылса;

б) окуучу байкабастан бир сөзүн экинчи бир маанилеш сөз менен алмаштырып жазып койсо (Аман-эсен, сакайды-айыкты у. с.);

в) окуучунун өзү тарабынан оңдолгон айрым түзөтүүлөр, тамгалардын үстүнөн жазуулар болот;

г) бул класста, мурдагы класста да орфография жана пунктуация бөлүмүнөн окубаган темадан ката кетирсе.

**4. Төмөндөгүлөр жат жазууда 1 ката гана болуп эсептелет:**

а) орфографиялык, же фонетико-графикалык жактан эки жолу оңдолсо;

б) бир өңчөй эки, же андан көп пунктуациялык ката кетирилсе.

**5. Эки одоно ката кетирилсе:**

а) бир эле тамганы сөздө кайталаса;

б) сөздү ташымалдоодо анын айрым бөлүгүн түшүрүп койсо;

в) сүйлөмдө бир эле сөздү эки жолу жазып жиберсе.

Жат жазуунун текстин мугалим адабий тилдин нормасы менен кадыресе жай, салмактуу, тыным менен окуп берет. Адегенде жат жазуунун тексти бүт бойдон башынан аягына чейин окуп тааныштырылат. Окуучулардын айрым суроолоруна жооп берет. Тексттеги сүйлөмдөр биринчи жолу угуу үчүн, экинчи жолу жазуу үчүн, үчүнчү жолу жазган сүйлөмүн текшерүү үчүн окулат. Текст жазылып бүткөндөн кийин текшерүү үчүн аягына чейин дагы бир жолу окулат.

**Сөздүк жат жазууну өткөрүүдөгү сөздөрдүн болжолдуу саны:**

II класста 8 сөздөн 10 сөзгө чейин,

III класста 10 сөздөн 12 сөзгө чейин,

IV класста 12 сөздөн 15 сөзгө чейин болот.

**II–IV класстарда өткөрүлгөн сөздүк жат жазууга төмөндөгүдөй баа коюлат:**

«5» деген баа сөздүк жат жазууда ката жиберилбесе коюлат.

«4» деген баа жат жазууда бир ката жиберип, бир оңдоо киргизилсе коюлат.

«3» деген баа жат жазууда эки ката жиберилип, бир оңдоо киргизилсе коюлат.

«2» деген баа жат жазууда үчтөн бешке чейин ката жиберилсе коюлат.

«1» деген баа жат жазууда алты, же андан ашык ката кетирилсе коюлат.

Жазуу иштерин текшерүүдө мугалим жазуу жүзүндөгү кайтарым байланышты

колдонсо болот. Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш – окуучуга мугалим тарабынан жазуу түрүндө анын жазган ишине комментарийлерди берүүсү. Мындай ыкма жазуу иштерин: жат жазуу, эссе, дил баян ж. б. текшерүүдө пайдаланылса, жакшы натыйжа берет.

«Стандарттуу» текшерүүдө мугалим окуучунун жазуу ишиндеги каталарды кызыл түстөгү калем менен оңдоп, баасын коёт.

Текшерүүнүн бул түрү окуучуларга окуу жетишкендиктерин жакшыртууга эч кандай жардам бербейт, ал эми кээ бир учурларда аларда окууга кайдыгер мамиленин калыптанышына алып келет. Алдыңкы окуучу теманы, предметти окуп-үйрөнүүгө кызыгын жоготуп, окууда жетише албаган окуучуга айланышы мүмкүн. Анткени, мындай жагдайда окуучу каталарды табуу жана оңдоо процессиндеги пассивдүү байкоочунун ролун гана аткарып калат.

Ал эми жазуу ишин текшерүүдө мугалим тарабынан жазуу жүзүндөгү сунуш берилсе, окуучу ал сунуштун үстүндө ой жүгүртөт, талдайт, ал каталарды кийинки жазуу ишинде кайталабоого аракеттенет.

Жазуу жүзүндөгү сунушта окуучуга ката кеткен жерди так көрсөтүп, катанын түрүн оңдоого жардам бере турган тийиштүү эреже көрсөтүлүшү керек. Окуучулар өз иштерин жакшыртуу үчүн мугалимдин сунуштарынын негизинде (дагы бир жолу теманы, теориялык материалды, эрежени кайталап) каталардын үстүндө иштешет. Окуучуларга жазуу жүзүндөгү сунуш берүү алардын тигил, же бул тема боюнча билимдерин өркүндөтүү жана бышыктоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп, окуу процессиндеги «мугалим – окуучу» өз ара кызматташтыгы үчүн жагымдуу чөйрөнү камсыз кылат.

Төмөндө чейректик жат жазуу сабагынын үлгүсүн сунуштайбыз.

**Сабактын темасы:** Чейректик жат жазуу

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулардын орфографиялык жана каллиграфиялык билгичтиктери текшерилет. Анын жыйынтыктары аркылуу андан ары иштөөнүн багыттары эске алынат. | Окуучулар катасыз, туура жана сулуу жазууга, тест боюнча ойлоолорун өнүктүрүүгө карай умтулушат. Өз катасын өзү текшере алууга жетишет. | Ынтымак бар жерде ырыс бар экенин түшүнүшөт. Ынтымактуу болууга далалаттанат. |

**Көрсөткүчтөр: Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде**

| | | |
|---|---|---|
| Жат жазуу ишин талаптагыдай аткарышса. | Кетирген каталарын окуучулар өздөрү талдай, оңдой билсе, логикалык ойлоолорун жогорулата алышса. | Ынтымактуу болуу менен жашоодо көп ийгиликтерге жетерин сезишсе. |

**Сабактын тиби:** текшерүү жана окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн каттоо сабагы.

**Сабактын формасы:** текшерүү сабагы.

**Сабактын методдору:** өз алдынча иштөө, айтып берүү, текшерүү жана баалоо.

**Сабакка колдонуучу каражаттар:** текст, карточкалар, баалоо баракчалары.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабактын фрагменти** | **Сунушталган метод, ыкма** | **Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери** | **Жабдылышы** |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | | Мугалим окуучуларды сабакка уюштурат. | |
| Жат жазуунун максаттары айтылат | Текстти окуп берүү | Мугалим доскага жат жазуунун темасын жазат. Анын максаттарын айтат, текшерүүнүн жолун түшүндүрөт. | Тема доскага жазылат. |
| Жат жазуу жаздыруу | Өз алдынча иштөө, анализдөө | Мугалим текстти окуп берет, жазууга кыйын делген айрым сөздөр (2–3 сөз) доскада көрсөтүлүп, түшүндүрүлөт. Окуучуларга жат жазуу сүйлөм-сүйлөм боюнча так, жеткиликтүү окулуп берилет. | Жат жазуу тексти |
| Физминутка | | Т. Кожомбердиевдин «Тоо экен деп ойлоду» ырынын негизинде кумурсканын кыймыл-аракетин туурашат. | |
| Жат жазууну улантуу | Өз алдынча иштөө | Жат жазуу иши андан ары улантылып окулуп берилет, окуучулар жазышат. | |
| Жат жазууну текшерүү | Өзүн-өзү текшерүү, мугалимдин текшерүүсү | Окуучулар жазган жат жазуу иштерин өздөрү текшерип чыгышат, каталарын оңдошот. Жат жазуу иштерин мугалим чогултуп алат. | Жат жазуу дептери |
| Жат жазууну баалоо | Өзүн-өзү баалоо. Мугалимдин баалоосу | Мугалим окуучулардын баалоо баракчаларын таратып берет, жат жазуу иштерин өздөрүн окутат. Окуучулар жазган иштерин байкоо менен баалоо баракчаларын толтурушат. | Баалоо баракчасы |
| Үй тапшырмасы | Түшүндүрүү, өз алдынча иш | Мурдагы өтүлгөн теманы кайталап келүүнү жана жазган текстке байланыштуу чакан текст, ыр, табышмак, макал-ылакап таап жазып келүүнү тапшырса болот. | Доскада тапшырмалар белгиленип жазылышы. |

Жат жазуу иштерин жүргүзүүдөн кийин программанын талаптарына ылайык, катанын үстүндө иштөө жумуштарын жүргүзүү милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Мындай сабактар окуучулардын каталарын өздөрү анализдеп, талдап, алардын үстүндө көнүгүү-машыгуу иштерин жүргүзүү жолу менен ал каталарды жоюуга багыт берет. Төмөндө катанын үстүндө иштөө сабагынын болжолдуу үлгүсүн сунуштайбыз.

**Сабактын темасы:** Каталардын үстүндө иштөө

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар каталардын үстүндө иштөө менен кетирген каталарын билишет. Аны жоюунун үстүндө иштешет. | Окуучулардын катасыз жазуу көндүмдөрү калыптанат, жазуунун эрежелерин түшүнүп, колдоно алуу жөндөмдөрү жогорулайт. | Ынтымак бар жерде ырыс бар экенин түшүнүшөт. Ынтымактуу болууга даалаттанышат. |

**Көрсөткүчтөр: Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде**

| | | |
|---|---|---|
| Окуучу өзүнүн катасын билип, оңдоонун үстүндө иштей алса. | Окуучу орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди туура колдонуп, билим, билгичтигин жогорулата алса. | Ынтымактуу болууга багыт алса. |

**Сабактын тиби:** билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.

**Сабактын методдору:** айтып берүү, түшүндүрүү, өз алдынча иштөө ж. б.

**Сабактын жабдылышы:** баалоо баракчалар, таблица, схемалар.

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын фрагменти | Сунушталган метод, ыкма | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | | Окуучулардын көңүлдөрүн сабакка буруу. | |
| Жат жазуунун жыйынтыгын билдирүү | Суроо-жооп, айтып берүү | Мугалим окуучулардын жат жазуу иштеринин жыйынтыгын айтып, алардын кетирген каталарын көрсөтөт. | Жат жазуу дептерлери |
| Каталарды анализдөө | Түшүндүрүү, суроо-жооп | Мугалим жат жазуу иштериндеги кетирилген каталарды анализдеп, типтештирет, канча окуучу эмнеден ката кетиришкендиктерин айтып, ката кетирүүнүн себебин жоюу максатында таблица, схемалар аркылуу түшүнүктөрдү берет. | Таблица, схемалар. |

| Сабактын фрагменти | Сунушталган метод, ыкма | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Катанын үстүндө иштөө | Өз алдынча, топто иштөө | 1) Кетирилген каталарга ылайык карточкалар окуучуларга таратылып, иштелет.<br>2) Доскада иштешет.<br>3) Топто иштешет.<br>4) Өз алдынча иштешет. | Карточкалар |
| Жыйынтыктоо | Аңгемелешүү | Сабак мугалим жана окуучулар тарабынан жыйынтыкталат. | |
| Үй тапшырмасы | Түшүндүрүү, өз алдынча иштөө | Окуучуларга ата-энелеринин жардамы менен жат жазуу иштерине үйрөнүү сунушталат. | Кошумча материалдар (тексттер) |

## Жат жазуу тексттери

## Сөз айкашы. Сүйлөм. Сүйлөмдүн түрлөрү

**Чыгармачылык жат жазуу**

### Кар

Чолпондун уйкусу аябай канып ойгонду. Кечинде койгон ордунан байпагын таап кийди да, макмал чапанын жамынып, тышка чыкты. Эшикте кар лапылдап жаап жатыптыр. Айыл арасы аппак кар. Дарак, куурай баштары текши аппак топу кийип алгандай. Эсине тайы түшүп, ат байлаган жакты карады. Тайын борошо уруп, аппак кылып таштаптыр.

Короодо из болбосо да, карда балпактай басып барып тайына жабуу жапты. Чай ичип алган соң, сабагына бармак болуп камынды.

– Чолпон, үшүп каласың, – деп апасы калпагын кийгизбей, башына жылуу шарф ороду.

Сабактан келе жатып, музда ойноп жаткан балдарга учурады.

*И. Арабаев*

**Улантып жазгыла**

**Көрүү жат жазуусу**

### Күкүк

Көктөмдө келип жайнаган,
Таңды-кеч көксөп сайраган,
Таанымал үнүң угулат,
Келипсиң, күкүк, кайрадан.

Уялып, күкүк, жашынба,
Сыр сурайм сенден жашырба!

Кышында кайда кетесиң?
Сайрайсың келип жазында.

Кайдыгер белең унуткан,
Кай жакта калат жумуртkaң?
Неликтен болот өнөкөт,
Башка куш баскан мурунтан?

Төрт бурчун артып дүйнөнүн,
Барбы дейм издеп жүргөнүң?
Сырыңды айтчы, бар беле,
Баладан артык сүйгөнүң?

*А. Токтомушев*

## Тюлень

Тюлень бүткүл өмүрүн дээрлик суудa өткөрөт. Күнгө жылыныш үчүн кумдуу жээктерге же муздун үстүнө чыгып жатат.

Тюлендин коюу жүнү жок. Коюу жүнү болгондо да, анын жылуулугун сактай алмак эмес. Бирок терисинин алдындагы калың май катмары аны суукtan коргоп турат. Тюлень өзүнүн азыгы болгон балыкты кубалап, сууда оңой жана шамдагай сүзөт.

**Макалдар**

1. Карысы бардын ырысы бар.
2. Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.
3. Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт.
4. Жакшы уул – көктөгү жылдыз, жакшы кыз – жакадагы кундуз.
5. Жакшы уул элине баш болот, жаман уул элине кас болот.
6. Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.
7. Жакшыга жанаш, жамандан адаш.
8. Жаз – жарыш, күз – күрөш.
9. Бата менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.
10. Ак эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу.
11. Жалкоого шылтоо көп.
12. Жамгыр болбой жер көгөрбөйт.

**Көрүү жат жазуусу**

## Короодо

Бадыраң бар, баары чыккан,
Дарбыз, коону түйүлгөн,
Сабиз, пияз тегиз өнүп,
Помидор да тигилген.

Огороддо ашкабак да,
Шалгам, кызыл кызылча,
Санасаң да эсеп жетпейт,
Картошкасы ушунча.

Күнкарама күндү карайт,
Жүгөрүсү жайкалат.
Ойнойт, күлөт, балдар ырдайт,
Бул да сонун салтанат.

Мына ушундай,
Көңүлдүү жай.
Күндөр өтүп, күз келет,
Огороддо
Баары бышып,
Бизге түшүм көп берет.

*М. Жангазиев*

**Табышмактардын жандырмагын тапкыла, алар менен бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

1. Жаратылышта эки макулук бар: ичпейт, жебейт, карыбайт, жашарбайт. Бири кетсе, бири келип, өз милдетин аткарат. (К...н, т...н)
2. Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет, шакектери шалдырап, күмүштөрү күлдүрөп. (Д...я)
3. Суюк, супсак жана муздак, бирок ансыз жашай албайт бардык зат. (С...)
4. Кыш куйбай, ылай чылабай, ичи-тышын шыбабай, үй куруп алат кайсы уста, балта, керки кармабай? (Ч...й)

**Эскертмелүү жана түшүндүрмөлүү жат жазуу**

## Пилдин кулагы эмнеге чоң?

Пилдердин кулактарынын чоңдугу алардын жакшы угуусуна эч кандай тиешеси жок, себеби, кулактары муздатуучу милдетти аткарат. Белгилүү болгондой пилдердин денелери абдан чоң келет жана алар абдан ысык өлкөлөрдө жашашат. Пилдин кулагында болсо бир топ кан тамырлары бар, бул тамырлар денесиндеги ысык кандарды кулагына алып келип, кандын муздашына шарт түзөт. Ошентип, пилдер кулактарын ар дайым кыймылдатуу менен өздөрүн сергек сезишет экен.

**Тандама жат жазуу**

## Боз үй

### I

Элибиз эзелтеден ыйык тутуп, ата-бабадан калган мурас катары ардактап тигип келген боз үйдү кимдер гана билбейт. Боз үй жалпы эле көчмөн элдердин ысыкта саябандоочу, сууктан калкалоочу, жашоо турмушу өтүүчү негизги турак жайы болгон. Боз үй – азыр да малчылардын үйү. Ал ар кандай майрам, салтанаттарда тигилип жүрөт. Боз үй – көркөм, тигип-чечүүгө жана көчүп-конууга ыңгайлуу, жөнөкөй жана жеңил. Аны чечип туруп бүктөп койсо, бир төөлүк гана жүк болот;

тигип койсо, адам жашай турган үйгө айланат. Боз үй – кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн эң мыкты чыгармасы. Боз үйдүн эң жакшысы өргөө деп аталат. Ага от жагылбайт, чыгдан тартылбайт.

II

Боз үй негизинен жыгач, кийиз, чий, боо-чуудан куралат.

Боз үйдүн жыгачына түндүк, уук, кереге, босого, каалга, бакан кирет. Боз үйдүн төбөсүндөгү жарык киргүүчү жана түтүн чыгуучу тегерек жыгачы түндүк деп аталат. Түндүк менен керегени бириктирүүчү чабак жыгачтар уук деп аталат. Боз үйдүн уук бекитилүүчү таяныч жыгач жасалгасы кереге деп аталат. Кереге бири-бирине кайчылаштыра көзөлүп көктөлгөн таякчалардан жасалат. Керегенин санына жараша үй канатка бөлүнөт. Боз үйдүн кийизине үзүк, туурдук, түндүк жабуу кирет. Үзүктөр ууктун үстүнөн жабылат, туурдуктар керегенин сыртынан каланат. Түндүк жабуу түндүктүн үстүнө жабылат.

Боз үйдүн чийине канат чий, чыгдан, эшик чий кирет. Канат чий чырмалып, же чырмалбай актай эле согулат да, кереге менен туурдуктун ортосуна каланат. Чыгдан чий көбүнчө оюм түшүрүлүп чырмалат. Ал тамак-аш, казан-аяк коюу үчүн калкан катары коюлат.

*«Улуттук энциклопедиядан»*

## Жумшак жана каткалаң үнсүздөр

**Эркин жат жазуу**

### Чамгыр

Чал чамгыр тигет. Чамгыр абдан чоң болуп өсөт. Чал чамгырды жулуп алгысы келип, тартат-тартат, чамгыр жулунбайт. Чал кемпирин чакырат. Кемпири чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Кемпир небересин чакырат. Небере чоң энесин, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Небере итин чакырат. Ит неберени, небере чоң энесин, чоң энеси чалын, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Ит мышыкты чакырат. Мышык итти, ит неберени, небере чоң энени, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, жула алышпайт. Мышык чычканды чакырат. Чычкан мышыкты, мышык итти, ит неберени, небере чоң энени, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жулуп алышат.

*Орус эл жомогу*

**Эскертмелүү жана түшүндүрмөлүү жат жазуу**

### Пайдалуу канаттууларды сактагыла

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн зыяндан сактоодо адамдын эң жакын жардамчыларынын бири болуп курт-кумурскаларды жечү канаттуулар эсептелет.

Алар – чабалекейлер, кара чыйырчыктар, тоңкулдактар, көк чымчыктар, жылкычы кучкачтар, от куйруктар, торгойлор жана башкалар. Бул канаттуулар биздин талааларыбыздагы эгиндерге, жашылчаларга, жемиш берүүчү дарактарга, токойлорубузга эң чоң зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жок кылышат.

**Эркин жат жазуу**

## Жетим

I

Мектепке бара жатып бир баланы көрүп боорум ооруду. Кычыраган кыш башталып, суук түшкөн кез эле. Бир тамдын бурчунда бир бала шүмүрөйүп олтурат. Жанына басып барып: «Эмне олтурасың?» – дедим. Мени бир жалт карап алды да улутунуп койду.

«Кимдин баласысың? Атың ким?» – деп сурадым.

«Менин ата-энем жок. Атам мурда эле кайтыш болгон, энем мурда күнү...» – деди да, ары жагын айта албай жашып, төмөн карап буркурап ыйлап жиберди.

II

Көзүнөн мончок-мончок төккөн жашын көрүп, менин да муунум бошой түштү.

Үстү-башын абайлап карасам жыртык, жамачылуу, бирок кири жок таза экен. Атын кайра сурасам, «Бөкөй» деп жооп берди. «Жүрү, Бөкөй», – деп мектепке ээрчитип бардым. Бөкөйдүн жайын мугалим агайга айттым.

Агай Бөкөйдү көрүп аяды. Боору ачыган агай: «Бөкөй, чырагым, бул мектепке окусаң жакшы болот. Мен сени ини кылып алайын. Бар нерсеңдин бардыгын даярдап берем», – деди.

Кубанычтан Бөкөй ыйлап жиберди. Бардыгыбыз аны ичибизден аяп турдук. Бирибиз кагаз, бирибиз карандаш, бирибиз дептер бердик. Агай болсо кийим, тамак, китептерди берип, үйүнө ээрчитип кетти.

Бөкөй тез эле көнүп, сабакты жакшы окуй баштады. Балдардын баары аны жакшы көрүшөт.

*И. Арабаев*

**Тандама жат жазуу**

## Жардамдаштык

Мугалимибиз бир күнү Эдигеден сабагын сурады. Эдиге сабакка даяр эмес экен, жооп бере албай мукактанып турду.

– Эмнеге даяр эмессиң, үйдөн эмнеге окуп даярданган жоксуң? – деди мугалимибиз.

– Колум тийбеди агай, – деп Эдиге үй оокатынан бошой албагандыгын айтты.

– Сенден башка тиричилик кылар адам жокпу? – деп агай сурады эле:

– Атам жолоочулап кеткен, энем ооруп калыптыр, – деп жооп берди Эдиге.

Эртеси сабактан кийин Эдигеникине бардык. Эдиге жалгыз оокат камын кы-

лып, жумуш жасап жүрүптүр. Биз бардыгыбыз жапа тырмак жардамдаштык. Короонун карын күрөштүк. Чөп-чарын, аштыктарын жыйнаштык. Малдарына чөп салышып, жардам берип кайттык.

*И. Арабаев*

**Эркин жат жазуу**

## Жыл башы болууну талашуу

Жылкы, кой, уй, төө, чычкан, ит, доңуз, улуу, барс, коён, мечин, жылан болуп чогулушуп, жыл башы болууну талашып калышат.

– Жыл башы мен болом, мен болушум керек! – деп ар кимиси өз жүйөөлөрүн айтып киришет.

Чычкан кургурдун айта турган жүйөөсү болбогондуктан, көпкө ойлонуп туруп, мындай дейт:

– Минтип талашуудан эчтеке чыкпайт, андан көрө бардыгыбыз жылды карап туралы, кимибиз мурун көрсөк, ошонубуз жыл башы бололу, – дептир.

Төөнүн бою бийик болгондуктан чычкандын сөзүнө макул болуптур. Ошентип, бардыгы жарданып, жылдын келишин карап турушат. Чычкан төөнүн өркөчүнө чыгып алып келе жаткан жылды бардыгынан мурда көрүптүр да, жыл башы болуп калыптыр. Боюнун бийиктигине ишенген төө жыл санактан куру калыптыр.

*И. Арабаев*

## Кемпирдин жети баласы

I

Өткөн заманда бечара кемпирдин жети уулу болгон экен. Балдарынын ар бири өз өнөрлөрүн айтышты.

– Мен асмандагы алп кара кушту атып түшүрөм, – деди эң улуусу.

– Мен жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билем, – деди экинчиси.

Үчүнчүсү мындай деди:

– Мен эки дүйнөдө эмне болуп жатканын өз алаканыман карап көрө алам. Төртүнчүсү: «Мен дарыя жана деңиздерден кеме жасап өтөм».

Энеси балдарынын өнөрүнө аябай кубанды, бирок кимисинин өнөрү артык экенин чече алган жок.

II

Балдар өзүлөрүнүн өнөрүн сынамак болуп, Болбос деген хандын шаарына келишти. Алдынан бир абышка чыгып, мындай деди:

– Түндө эл жатарда Болбос хандын кызы жок. Силер да издешкиле.

Балдардын бирөө алаканын карап, мындай деди: «Кызды Тойбос хандын алп кара кушу көтөрүп учуп баратат».

Мергенчи бала атып жиберсе, алп кара куш Тойбос хандын эшигинин так алдына барып түштү. Хан таң калды: «Асманда торгойдой болуп көрүнгөн алп кара кушту кантип ыргыта атат?»

*Кыргыз эл жомогу*

**Эркин жат жазуу**

## Элчи бала

I

Элчи бала төөнү минип, текесин жетелеп, хандын ордосуна барды. Хан мындай деп сурады:

– Кайдан келе жаткан баласың?

Анда бала жооп берди:

– Жаныбек ханга элчи болуп келе жатам.

Жаныбек хан баланы шылдыңдап күлдү:

– Оо, курган бала, айлыңарда чоңураагыңар жок беле!

– Таксыр ханым! Мени кичине көрсөңүз, бул буура менен сүйлөшүңүз, – деп бала жерге түшө калды.

II

– Э-э, курган бала, сакалдууңар жокпу деп жатам, – деди Жаныбек хан.

Элчи бала мындай жооп берди:

– Ханым, сакалдуу десеңиз, теке менен сүйлөшүңүз. Кепке түшүнөр киши менен сүйлөшөм десеңиз, мына мен кишимин.

Жаныбек хан баланын сөзүнө жыгылды:

– Оңбогон бала, деги эмнеси болсо да кечтим.

Ошентип, жаш бала өзүнүн сөз тапкычтыгы менен айылын жоодон сактап калган экен.

*Кыргыз эл жомогу*

**Текшерүү жат жазуусу**

## Ырыс алды ынтымак

Бир карыянын тогуз уулу бар экен. Балдары атасы айткан акылды укпайт, ар кимиси өз бетинче жүрөт.

Карыя тогуз табылгыны бириктирип байлады да, мындай деди:

– Кана балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн, мына бул табылгыны тобу менен сындыргыла.

Тогуз уулдун ар бири күчүн сынады. Табылгыны эч кимиси сындыра алышпады.

– Эми бирден сындырып көргүлө, – деп карыя табылгынын боосун чечип койду. Балдары табылгыны ошол замат чарт-чурт сындырышты.

Карыя балдарына мындай деди:

– Боолонгон табылгыдай бирдиктүү болсоңор силерге эч ким тие албайт.

Балдары атанын сөзүн аткарышты. «Ырыс алды – ынтымак» деген сөз ошондон калган экен.

*Кыргыз эл жомогу*

## Орус тилинен кирген айрым сөздөрдүн жазылышы жана жөндөлүшү

**Сөздүк жат жазуу**

1. Апрель, альбом, фильм, фельдшер, календарь, секретарь, портфель, бильярд, печенье, съезд, разъезд, подъезд, область, нефть, декабрь,

2. Коньки, медаль, фонарь, объект, Вьетнам, Эльбрус чокусу, январь, пальто, циркуль, Польша, апрель, автомобиль.

3. Павильон, руль, Тюмень шаары, Кремлде, пьеса, фестиваль, физкультура, хрусталь.

### Женьшень

Женьшень өсүмдүгүн «өмүрдүн тамыры» деп аташат. Ал көп жылдар бою өсөт. Бир катар өлкөлөрдүн токойлорунан кездешет.

Ал көбүнчө Ыраакы Чыгышта өсөт. Ал эми Крым, Кавказ жана Орто Азияда болсо кадимкидей эгилип өстүрүлөт.

Мурда женьшень элдик медицинада көбүрөөк пайдаланылуучу. Азыр болсо медициналык мекемелерде ар түрдүү илдеттерди айыктыруу үчүн кеңири колдонулуп келе жатат.

### Жол

Биз автомобиль менен чымын-куюн болуп бара жатабыз. Үстү жагыбыз – көз жетпеген аска. Асты жагыбыз – Нарын дарыясы. Мурда бул жер адам жүрө албаган аска-зоо болгон.

Мына бүгүн көк тиреген зоолор кесилип, даңгыраган жол салынууда. Адамга багынбаган эмне бар дейсиңер? Жерди көркүнө чыгарган адам баласы эмеспи!

Бишкек – Ош жолу салынып, элдин эңсеген ою ишке ашты. Узундугу алты жүз километр келген Бишкек – Ош жолу салынды. Төө-Ашууда атайын тоннель жасалды. Ал деңиз деңгээлинен үч миң эки жүз метр бийиктикте курулду. Тоннелдин узундугу үч километрге жакын.

**Сөздүк жат жазуу. Сөздөрдү жөндөгүлө:**

Клуб, дуб, отряд, коллектив, поезд, пароход, реактив, хирург, округ, кардиолог, технолог.

**Сөздүк жат жазуу. Орус тилинен кирген сөздөрдү жөндөгүлө**

I

Сирень гүлү, Харьков шаары, фельетон, нефть, циркуль, аттестат, киловатт, хоккей, дискуссия, конгресс, аккумулятор, антенна, теннис, килограмм, телеграмма, аппарат.

II

Металл, скульптура, бильярд, Тянь-Шань тоосу, центнер, искусство, транспорт, маляр.

**Чыгармачылык жат жазуу. Суроолорго жооп жазгыла.**

Силер кандай табышмактарды жатка айта аласыңар? Алардын жандырмактарын билесиңерби? Кандай ырларды көркөм окуй аласыңар? Өзүңөрдүн жазган ыр, жомогуңар барбы? Силер кайсы балдар журналдарын же гезиттерин алып окуйсуңар?

**Тандама жат жазуу**

## Кожомкул балбан

Кожомкул күчү толуп турган убагы эле. Ал Чопкут деген байдын чөбүн чаап жүргөн. Мен өгүзгө азыгымды артып, Кожомкул байкеме жардамга келдим. Ал талдын көлөкөсүндө чалгы чыңап отурган экен. Мен апкелген азыктан ооз тийип, кайрадан чөп чабыгын улантты.

Мен жатып уктап кетипмин. Көзүмдү ачсам Кожомкул мен минип келген өгүздү белинен аркан менен таңып, куурайдай типтик көтөрдү да нары-бери басып, кайра жерге койду.

Эртеси чабылган чөптү чөмөлөлөп, айылга кеттик. Болгон ишти атам менен апама айттым. Алар кубанышып, ак батасын беришти. Ошондон кийин Кожокем аш-тойлордо эңиш-күрөштөргө түшө баштады.

*Ш. Кулиев*

**Чыгармачылык жат жазуу. Улантып жазгыла.**

## Арча

Арча – жыттуу, өтө пайдалуу өсүмдүк. Ал кышы-жайы көк-жашыл болуп, табиятты көрктөнтүп турат. Арча – дарычылыгы бар бадал. Ал өзүнүн жыты менен абаны тазартат...

**Эркин жат жазуу**

## Канаттуулар

Кыргоол, кекилик, чил жана каракурлар жумурткадан чыккан балапандарын адегенде курт-кумурскаларды аралаштырып берип тоюндурушат. Жалаң эле курт-кумурскалар менен тамактанышкан майда канаттуулар бар. Айрымдары чымын-чиркейлерди, көпөлөктөрдү, зыяндуу курттарды жана коңуздарды жеп жоготушат.

Пайдалуу канаттууларды сактап, алардын көбөйүшүнө камкордук көрүү керек. Дүйнөдө жыл сайын канаттуулар, келгиндер күнү белгиленет. Кара чыйырчыктарга уяларды салып, чабалекейлердин уяларын бузбоо зарыл.

**Эскертмелүү жат жазуу. Антонимдерди тапкыла.**

## Эмгекчил бала менен жалкоо бала

Жалкоо бала: «Бүгүн ойнойлу, сабакка барсак барарбыз», – деп айткан, ал эми эмгекчил бала: «Бүгүн сабакка барайын, эртең ойнойбуз», – деп сабакка кеткен. Эмгекчил бала үйүнө келип, тапшырмасын жакшы аткарды.

*И. Арабаев*

## Сөз түркүмдөрү

**Жөнөкөй жана татаал зат атоочторду тапкыла.**

### Арча

Республикабыздын тоолорунда арчанын тогуз түрү өсөт. Анын майы ар түрдүү жараттарды айыктырууга колдонулат. Кийинки мезгилде шаарларда жана айылкыштактарда арча көбүрөөк олтургузула баштады, себеби, ал тегеректеги абаны ар кандай микробдордон тазалап, аны жыпар жыттантып турат.

Кыргыз жери ар кандай дары-дармек болуучу өсүмдүктөргө бай. Билгичтик менен бул өсүмдүктөрдү пайдаланса, адам көп ооруларга дуушар болбойт.

Баарыбыз мындай өсүмдүктөрдү көздүн карегиндей сактап, аларды көбүрөөк өстүрүп, элдин кызыкчылыгына пайдаланышыбыз керек.

**Төмөндөгү тексттен энчилүү жана жалпы зат атоочторду тапкыла.**

### Март

I

Март айы – жаз айларынын эң алгачкысы. Күн бир кыйла узарып, анын ысыгы Тянь-Шань өрөөндөрүндөгү карды дээрлик эритет. Көп жаныбарлар чээнден чыгат. Табияттын адамга жагымдуу мезгили башталат.

Март айында Түштүк Кыргызстандын жазгы жумушу аяктап калат. Түндүк Кыргызстандын Чүй, Талас өрөөнүндө кош айдоо башталат. Өсүмдүктөр бүчүрүн чыгарып, түздүктөрдү көк шибер коздойт.

II

Март айында Тянь-Шандын бийик тоолуу Нарын, Ат-Башы өрөөндөрүндө кыштын таасири кетпейт. Аскалуу беттерден көчкү жүрүп, жалгыз аяк жолдорду бууп калат. Мындай көчкүлөр Тескей, Суусамыр, Кабак, Нарын тоолорунда апрель айларына чейин созулат.

Бул айда кайсы бир жерлерде ак көпөлөктөр, калдыркан, ийнеликтер да чыгып калат.

**Көрүү жат жазуусу. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атооч сөздөрдү жазгыла.**

### Санат ырлары

Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко,
Иш кылдырба чоркокко.
Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың каранба.
Көйрөң атка коносуң,
Көрүп калган адамга.

*Токтогул*

## Кимге эмне керек?

Мамалакка бал керек,
Улактарга тал керек.
Кулундарга чөп керек,
Болгондо да көп керек.

Буудай керек корозго,
Алма керек Орозго,
Татыбаган алкоого,
Уйку керек жалкоого.

*Т. Кожомбердиев*

**Текшерүү жат жазуусу. Табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атооч сөздөрдүн астын сызгыла.**

## Таш-Рабат

Таш-Рабат – Ат-Башы өрөөнүндө жайгашкан байыркы кербен сарай. Ал Улуу Жибек жолунун боюнда курулуп, өз убагында эл аралык мааниге ээ болгон. Анын салынышы да өз мезгилиндеги курулуштардан абдан айырмаланып турат. Жалаң табигый таштан кынапталган бул кербен сарай дайыма өзгөчө кызыгууну пайда кылып келген. Сарайдын ичи 31 бөлмөдөн туруп, анда эс алуучу, тамактануучу, унааларды байлай турган жайлар жана кеңеш куруучу чоң бөлмөсү бар. Өз убагында сарай согуштук максатта да пайдаланылгандыгын андагы эки зындан айгинелеп турат.

«Рабат» – кыргыз тилине которгондо «ажайып, кооз жай» деген мааниде. Демек, «таштан салынган кооз жай» дегенди түшүндүрөт.

*«Кырчын» журналынан*

**Түшүндүрүү жат жазуусу. Илик, жатыш жөндөмөсүндөгү зат атооч сөздөрдүн астын сызгыла.**

## Санат ырлары

Аяздын көркү музда бар,
Алгырдын көркү кушта бар,
Тамактын көркү тузда бар,
Саамайдын көркү кызда бар.

Туйгундун көркү түлөктө,
Баатырдын көркү жүрөктө,
Балбандын көркү билекте,
Өрдөктүн көркү чүрөктө.

*Токтогул*

**Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочторду тапкыла.**

## Жибек курту

Апаларыбыз кийип жүргөн түркүн шайы көйнөктөр курттан алынат деп кимдин оюна келсин. Ал тургай, космонавттарды жерге кондурган парашюттар да жибектен жасалат. Тээ илгери эл аны канаттуу куштардын тыбыт-жүнүнөн алынат деп болжолдошкон. Ал эми кытайлыктарга бул төрт миң жыл мурда эле белгилүү болгон.

Жибек атайын өстүрүлгөн жибек куртунан алынат. Курттун бир өзгөчөлүгү – ал башка курт-кумурскалардай көрүнгөн чөп-чар, өсүмдүктөрдү жей бербейт. Ал бир гана тыт дарагынын жалбырагы менен азыктанат.

**Көрүү жат жазуусу**

## Ким эмнеден коркот?

Чычкан коркот мышыктан,
Аяз коркот ысыктан,
Чырпык коркот улактан,
Кургакчылык – булактан,
Караңгылык – чырактан,
Торпок коркот таяктан,
Токон коркот сабактан.

*Т. Кожомбердиев*

**Эскертүү жат жазуусу**

## Манастын күмбөзү

Манастын күмбөзү байыркы замандардан бери эле касиеттүү жай катары эсептелет. Анын жанында ата-бабаларыбыздын өткөн доордогу тарыхын чагылдырган этнографиялык музей курулган.

Күмбөз бышкан кыштан салынып, пирамида түрүндөгү төрт бурчтуктун үстүнө орнотулган 16 кырдуу чатыры бар. Сырты оймо-чийме менен асемделип кооздолгон. «Манас» эпосунда бул күмбөздүн салынышы тууралуу укмуштуудай зор эргүү менен баяндаган бөлүм бар.

Кыргыз элинин байыркы тарыхынан кабар берип турган бул күмбөзгө азыркы урпактар да чоң урмат менен мамиле кылышат.

**Чыгармачылык жат жазуу. Улантып жазгыла.**

## Келгин куштар

Жазында келгин куштар келе баштайт. Эң алды менен кара чыйырчык келет. Андан кийин боз торгой, жылкычы чымчык, чабалекейлер келишет. Чабалекей үйдүн төбөсүнө, сарайдын устундарына, бурчтарына ылайдан уя салат...

## Кыш

Кыш болсо да күн жылуу эле. Кар калың болчу. Балдар короодо ойноп жүрдү. Карды чогултуп, чоң кар киши жасашты...

**Көп чекиттин ордуна уйкаш зат атоочторду коюп жазгыла.**

## Өзүң тапкын уйкашын

Ойноймун деп кылба буй,
Оолак жүр, сүзүп коёт ... .
Салмагы болот канча кил,
Эң бир чоң экен тигил ... .

Жайытта оттоп, куруп той,
Жайылып жүрдү бир топ ... .
Каалаган жерге алпарат,
Минип чапсаң чабдар ... .

*А. Кыдыров*

**Чыгармачылык жат жазуу. Ырды окуп, маанисин түшүнгүлө, көп чекиттин ордуна автор эмнени досу деп айтып жаткандыгын таап жазгыла.**

## Дос

Бир досум бар эң сонун,
Ар нерсени бүт билет.
Бардык элде, бүткүл жерде
Саякаттап көп жүрөт.

Бул досумду биздин элде
Кадырлашат, сүйүшөт.
Кээде ырдап, кээде сайрайт,
Кызыгына күлүшөт.

Кеңеш берет баарыбызга,
Пайдалуу иш үйрөтөт.
Жакшы билсең анын жайын,
Жердин жүзүн гүлдөтөт.

Сүйлө десең, сүйлөп берет
Келечекти, өткөндү.
Мааниси алтын, билгин баркын,
Айтат кызык сөздөрдү.

Ал досуңдун аты ким деп,
Билбегендер сурашар.
Жан досумдун аты ...,
Окуган менен сырдашар.

*М. Жангазиев*

**Көрүү жат жазуусу**

## Жамгыр ыры

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Гүлдөт шактын бардыгын.
Алма, өрүктү бүрдөтүп,
Текши мөмө алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым.
Кызылчаны кандыргын.
Жаштайынан түйүлтүп,
Жанга кубат алдыргын.

Жаа, жаа,
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат элдин бардыгын.
Колу тарды март кылып,
Сандыктан нан алдыргын.

Чегирткени чертип өт,
Ташбаканы таптап өт,
Ударникти мактап өт,
Жалкоолорду каптап өт.

*А. Осмонов*

**Эскертмелүү жат жазуу. Сын атоочторду тапкыла.**

## Мисте

Мистенин чайырынан ар кандай лактарды, мыкты боёкторду жасап чыгарышат. Айрым боёктор килем жана жибек чыгаруучу фабрикаларда кеңири колдонулат.

Кызылтым түстөгү оңбой турган боёктор так ушул өсүмдүктүн жалбырагынан алынат. Кээде кара жана көгүлжүм түстөгү боёктор да даярдалат.

Мистенин жыгачы өтө оор. Ал сууда таш сыяктуу чөгөт. Жыгачынан ар кандай бекем жана кооз буюмдар жасалат.

## Нан

Нан!
Нансыз жашар кандай жан?!
Карап турам көз албай,
Толкуган ак буудай дан.
Алтын чачпак ар башы
Ак берметтей ар бир дан.

Нан!
Артыксың сен алтындан,
Алтын данды өстүргөн
Айланайын калкымдан!

*А. Тажибаев*

## Балдарга

Арнап жаздым бул ырды
Ардактуу балдар, көбүңө.
Чынарга чырпык жеткинчек,
Кулак сал, балдар, кебиме.

Билсең, балдар, талап кыл,
Билимди кууп жетүүгө.
Пикириң коюп окууга,
Бир күндү бошко кетирбе!

Бейбаштыктан пайда жок,
Окугун билим алышка.
Пикириң коюп окууга,
Бириңден бириң калышпа!

Акылдуу балдар, оку деп,
Ата-энең арнап жиберген.
Өссөңөр, балдар, жакшы окуп,
Кубанат өлкө силерден.

*Алымкул*

**Тандама жат жазуу. Сапаттык жана катыштык сын атоочторду тапкыла.**

## Канаттуулардын сыры

I

Тырмактай болгон кичинекей мыймыт деген чымчыкты алып көргүлөчү. Ал өтө кичинекей. Ошого карабастан бир жылдын ичинде 8–10 миллион зыяндуу курт-кумурскаларды жок кылат.

Мыймыттын уясын оңой менен таба албайсың. Уяны эң ичке чөптөрдөн жана майда бутактардан жасайт. Көп учурда сиз уянын жанынан өтүп баратып, аны байкабай да каласыз.

II

Сары ала чымчыкты ким билбейт! Ал калың өскөн талдын кылда учуна конуп алып сайрайт. Бул түктүү, далдагай көпөлөктөрдү, саратандарды, шиш тумшук, жалбырактарды, тыт көпөлөктөрүн терип жейт.

Жылкычы чымчыктардын бир түрү болуп ремез деген чымчык саналат. Ал сайроочу чымчыктардын түрүнө кирет, эң эле кооз. Ууяны жасаганга келгенде андан ашкан архитекторду табуу кыйын.

III

Адатта, күкүк өзү уя салбайт. Ошондуктан ал балапан багып убара болбогондуктан дайыма бош. Бош кезинде ал токойду кыдырып, өтө көп сандаган курт-кумурскаларды кырат.

Күкүк – эч качан тойбогон куш. Күкүк дайыма курт-кумурскалар көп жерде гана жүрөт.

Азыр токойлордун арасында канаттуу куштар кеңири уялап жаткан мезгил. Мектеп окуучулары да каникулга чыгышты. Алар канаттуулардын уясын бузбоолору керек.

*«Байчечекей» журналынан*

**Сөздүк жат жазуу**

1. Кызылыраак, кененирээк, таптаттуу, эбегейсиз чоң, ачуу, жакшыраак, көпкөк, кызыл, ак, агыш, көгүлтүр, жашыл, буурул, аппак, жашылыраак, сулуураак, жумшагыраак.

2. Даамдуу, таштуу, булактай, кызылт, көгүлтүр, ак жуумал; ачуу – таттуу, жоон – ичке, арык – семиз, узун – кыска; балалуу, малдуу, сөзмөр, агыш.

3. Көгүлтүр, кыпкызыл, апаппак, өтө сонун, чымкый кара, чопчоң, көпкөк, бийик-бийик, жашыл-жашыл, узун-узун, жылуу-жылуу, кызыл-тазыл, жоон-жолпу, кызыл ала, кара тору.

4. Улуу-кичүү, көк ала, сары ала, кара күрөң, кыпкызыл, түптүз, токойлуу, таттуураак, чийкирээк, кичирээк, жаман-жуман, оңой-олтоң, кызыл ала, ак саргыл, кең – тар, кызгылт, көгүш, түптүз, упузун.

5. Таттуу алма, түптүз көчө, жакшы адам кооз шаар, сары ала чымчык, токойлуу жер, терең көл, кыпкызыл алма, жаңы үй, ишмер адам, балдай таттуу.

## Жаңылмачтар

Алаңгазардын алаңгазарлыгы
Алаңгазарды алаңгазарлатпадыбы.
Алаңгазардын алаңгазарлыгы
Алаңгазарды алаңдатпадыбы.

Кырк кызыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде,
Ылгый кызыл кырк куйрук.
Кырк кызыл куйрук, кызыл куйрук,
Ичинде кызыл кылдырык кыл куйрук.

**Эскертмелүү жат жазуу. Сын атоочторду тапкыла.**

## Жакшы түшүм экен

Күзгө маал эл эгин оруп, чөбүн жыйнап жаткан кез эле...

Жайлоодо жатпастан чийне тартууга жакага келдим. Күн жылуу. Арпа-буудай бышып калган. Балдарга күзгү маал эң эле кызыктуу, көңүлдүү. Карала-торала болушуп дүмбүл куйкалашат.

Мен дагы бир кап дүмбүл тердим. Күрөң өгүзгө салып артып жатам. Чөңөр өтө калың экен, бутум жылаңаяк болгондуктан баса албадым.

Атам өтүк тиктирип бергени өтүкчү чакырды. Отор кеп жыгачын, шибегесин алып тез эле келди. Кең кара булгаарыны ары чоюп, бери чоюп, сууга салып таштады. Мен чийне тартканды уланта бердим, бирок эси-дартым жаңы өтүктө. Эки күн дегенде чөптү чөмөлөлөп бүттүк.

Үйгө келсем, өтүгүм бүтүп калыптыр. Чөңөрдүн азабы өттү эле, сүйүнгөнүмдү айтпа! Байпак менен кийип алып жыргап калдым. «Өтүкчү болбосоң коё кал!», – деп Оторду мактап калдым.

*И. Арабаев*

**Көрүү жат жазуусу**

## Кандай сонун кышкы убак

Тегиз шейшеп жайгандай,
Жердин бети апаппак.
Суусу күзгү, тоосу күмүш,
Кандай сонун кышкы убак.

Коньки, лыжа тепкен балдар,
Бирин-бири кубалап,
Сергек кылган жаш денени,
Кандай сонун кышкы убак.

Дөңдөн кыздар чана тебет,
Кубанышат, шаттанат.
Чыйрак кылган жаш денени,
Кандай сонун кышкы убак.

*«Байчечекей» журналынан*

**Текшерүү жат жазуусу**

## Чолпонбай

Чолпонбай Түлөбердиев 1922-жылы Киров районундагы Чымкент кыштагында туулган. Улуу Ата Мекендик согушка чейин өзү туулган колхоздо иштеген. 1941-жылы декабрда Советтик Армияга чакырылган. 1942-жылы согушка кирген. Ошол жылы 5-августта Чолпонбай кызмат өтөгөн батальонго Дон суусунан өтүү тапшырылат. Ал тапшырманы аткаруу үчүн Чолпонбай он жоокер менен Дондун батыш жээгине сүзүп чыгышат. Анан 100–120 метр бийиктеги дөңсөөнү ээлөө зарыл болот. Душмандын огунан жарадар болсо да көздөгөн жерге жетип, пулемёттун оозун денеси менен басып жыгылат. Натыйжада полктун жоокерлери ал дөңсөөнү ээлешет.

**Текшерүү жат жазуусу**

## Ысык-Көл

Ысык-Көлдө түрдүү балыктар бар. Анын ичинен 12си көлдүн өзүнүкү, калганы башка жактан алып келинген. Көлдөгү балыктар көк чаар, түрпү, каңылтыр, чабак, форель, карп жана башкалар.

Форель балыгы Севан көлүнөн алып келинген. Ал азыр Ысык-Көл форели деп аталат. Алардын эң чоңунун салмагы 24 килограммга жетет. Ысык-Көлдөн жылына 13–14 миң тоннага чейин балык кармалат.

Ысык-Көлгө жаздын келиши эң кызыктуу болот. Көл үстү түркүн сонундарды элестетет. Мында кыштаган ак куулар, кызыл моюн өрдөктөр башка жакка кетишет. Анын ордуна сууда сүзүүчү башка канаттуулар пайда болот.

Бардык келгин куштардын тобун карап отурса, көп нерселерди байкоого болот. Ошентип, Ысык-Көлгө 16 түрдүү келгин куштар учуп келишет. Алар уяларын салышат, жумурткалашат, балапан чыгарышат.

*«Улуттук энциклопедиядан»*

**Тандама жат жазуусу**

## Гёте

Улуу ойчул кичинесинде дарактардын жалбырактарын жакшы көрчү экен. Ошондуктан Гётенин бөлмөсүү күз айларында жалбырактарга толуп кетчү. Жалбырактар керебеттен тартып, жаздыгынын астында, кийим салган сандыгынын ичине чейин бапырап жатчу.

Таң калыштуусу – кимдир бирөөлөр жалбырактарын сыртка чачып жиберген жеринен да жазбай таанып, кайра чогултуп алчу экен.

## Кыргоол

Кыргоол биздин өлкөдөгү эң кооз куштардын бири. Кыргоолдор бадалдуу, чычырканактуу, бүлдүркөндүү жана чөбү калың өскөн жерлерде жашашат. Камыштуу аймактар да алардын сүйгөн жайы. Негизги азыгы – ар түрдүү жемиш бадалдарынын дандары. Эгин талааларына жакын жерди мекендеген кыргоолдор дан менен азыктанып жүрө беришет. Жайкысын майда курт-кумурскаларды жешет.

**Чыгармачылык жат жазуу. Жомокту уланткыла.**

## Түлкү абышка менен карышкырды кантип алдады

Абышка чанасы менен жол жүрүп келатты. Чанада балык бар эле. Жолдун жээгинде жашырынып турган куу түлкү абышканын чанасындагы балыкты көрүп, аны кантип жештин амалын ойлоду...

*Орус эл жомогу*

**Көрүү жат жазуусу**

## Чаарчык

Чаарчыгын эликтин
Көптөн бери багамын.
Кыртылдатып козуча,
Чөп жегенин карагын.

Атайы мен карасам,
Койдукундай туягы.
Тим туралбай улам бат,
Тикчиет да кулагы!

Эгер качып жөнөсө,
Жеткирбестен жүгүрөт.
Чарбактардан, тосмодон
Так секирип түйүлөт.

Жатып, турган ордуна,
Үйүр алып жаңыдан,
Келип калат кечкисин,
Оттоп-оттоп талаадан.

*В. Лифшиц*

**Сөздүк жат жазуу**

1. Окуп жатат, келген эле, аңгемелешип жатабыз, бийлеп жатат, коюп кой, ойлоп тап, окуп чык, көрүнүп турат, коё тур, келе жатабыз.

2. Аткарып келе жатат, алып барат, кетишиптир, жетилиптир, көрчүбүз, ырдачубуз, учурашчу, окучумун, саноочу, кетишчү.

3. Алып бара жатат, кирип келүү, өнүгүп жатат, жөнөп кетти, которуу, окуй баштады, эң жакшы окуу, жактыр, жогорулаткыла, бүткөй элек, баргай элек.

4. Учат, конот, иштеп жатабыз, курулуп жатат, чоңоёрмун, жетермин, иштеп жатышкан экен, кармоочубуз, окугум келип жатат, өссүн, жолуккун, жете келүү, сүйүнүү, жуунуу.

5. Достошуу, жууюн, коёюн, чеберде, келер, аччы, иччи, кеч тарады, нан барбы, милдеттендирет, арттырат, аяйт, жыят, таяйт, тыюу, жыйнайын, көрөр, болор, кубанып жатат, сүйлөп жаткан эле.

**Тандама жат жазуу. Тактоочторду тапкыла.**

## Алтын таяк

### I

Илгери-илгери өткөн заманда Бабанур деген киши болуптур. Ал адам бүткүл өмүрүн дыйканчылык менен өткөргөн экен. Маңдай терин агызып, жер айдап, эгин эгип, балдарын бакчу дейт.

Ал атанын беш уулу, беш кызы боло турган, эң кичүүсү Кенжебү алыска-алыска турмушка чыккан. Кенжебүнү атасы жакшы көрөр эле. Күндөрдүн биринде кемпири менен кеңешип, сапарга чыкмай болду.

II

Ошентип, Бабанур ата таңзарынан жолго чыгат. Кете берет, кете берет. Бийик-бийик тоолордон, улуу дарыялардан өтөт. Ызылдаган бороон, челектеп куйган жамгыр, чартылдаган чагылган, мээ кайнаткан ысык – баары Бабанур атаны коркута албайт.

Күндөрдүн биринде курсагы ачып, тамактангысы келет. Жоолукка түйүп, белине бекем байланган нан эсине түшөт, бирөөнү алып жейт. Ошондо нандын майда күкүмү жерге түшүп кетет. «Нанды тебелендиге таштабайын, убал болот», – дейт да, көпкө чейин издейт. Нан күкүмү табылбайт. Ошол жерге таягын сайып коёт. Ал өзүнчө катуу кейиди. Өмүр бою дыйканчылык менен күн көргөн адам нан кадырын билчү.

III

Акыры Кенжебү кызыныкына жетти. Кызын, неберелерин көрүп, Бабанур ата баягы жол менен кайтып келатты. Мына кызык, баягы нан күкүмү түшкөн жерге сайып кеткен таягы алтын болуп калыптыр!

Бабанур ата алтын таякты алууга бел байлады. Бүткөн бою дүр этип кетти: «Бул бирөөнүн байлыгы болуп жүрбөсүң? Жооп берип калбайын?» – деп ойлоду.

– Эй, Баба дыйкан, алгын! – деди кандайдыр бир жаңырык үн. – Бул сенин шыбагаң. Бир күкүм нандын акысы! Алгын!

*Эл жомогу*

**Эскертмелүү жат жазуу. Тактоочторду тапкыла.**

## Сыйкырдуу чоор

I

Илгери-илгери ченемсиз сараң бай бар экен. Ал малайларына түзүктөп тамак бербей, ачка коёт.

Ошол эле кыштакта бир койчу бар болчу. Ал тогуз жыл бою жоголуп жүрүп, акыры бир чоор көтөрүп келди. Чоор ойногонду аябай үйрөнүптүр.

II

Күндөрдүн биринде чоорчу жигит эрте туруп, сараң байдын алдына барды.
– Неге келдиң? – деп сурады бай.
– Сага койчу болуп, эчки менен коюңду багайын.
– Эмгек акың кандай болот? Эмне сурайсың?
– Башкаларга кандайча төлөсөң, ошону сурайм.

III

Бир күнү жигит чоорун ойной баштады. Чоордон укмуш үн чыгып, жандуулар бүт шаттанып бийледи, ал турсун сараң бай кошо бийледи.

– Токточу, жигит! Бир аз эс алайын, демим кыстыгып баратат, – деди бай.

– Мен үчүн эч токтоо жок! Эртең эс аласың! – деди жигит.

Мына ошентип, ал чоорду тындырбай ойноп, бай секире берип, эси оогон бойдон жыгылмак болду.

IV

Үйдө киши калбай, аянт толо эл чогулду. Ошондо койчу жигит минтип айтты:

– Көргүлө, достор! Бул акысын жебеген ким бар мында? Азыр ошону бүт кайтарып берсин! Буга көнбөсө, менин чоорум кайрадан ойноп, муну ушинтип секирте берет.

Сараң бай айласыз көнүп, түн бою карызын төлөп, таңга жуук араң кутулду.

*Жомок*

**Тандама жат жазуу. Тактоочторду тапкыла.**

## Күрөң аюу

Кыргызстанда кездешкен жырткычтардын эң чоңу – күрөң аюулар. Аюулар шамалдын агымы аркылуу алыстан жыт алып, кээ бир добуштарды жакшы угушат. Дене түзүлүшү олбурлуу келип, адамча тик туруп, эки аяктап басып кете беришет.

Аюулар ар түрдүү жолдор менен тамактанышат. Кеч күздө аюулардын салмагы эки жүз элүү, кээ бирлери үч жүз килограммга чейин жетет.

Кышында аюулар майларын жыйнап, чээнге кирип уктоого даярданышат. Кыш бою даам татпай, уйкуга мемиреши адамды таң калтырат.

Жазында энелери мамалактарын ээрчитип, чээнден чыгышат. Ошол убакта мамалактардын салмагы эки-үч килограмм болот.

*«Байчечекей» журналынан*

**Көрүү жат жазуусу**

## Арстанбап

Алмасы жайнайт шак ийип,
Алтындай өңү сапсары.
Салмагы басып жер чийип,
Кызылы турат басса ары.

Кыпкызыл, сары, капкара
Чар тарап толгон алчага.
Алмурут, өрүк, шабдалы
Бөлүнөт сорту канчага!

*А. Токтомушев*

**Эскертмелүү жат жазуу. Тактоочторду тапкыла.**

## Кереметтүү кыш

Айлана карга чөмүлүп, талаа сүттөй ак. Тоо, түз мемиреп, тынч уктап жаткансыйт. Бак-дарактар ак бубак мончок тагынып, эч капарсыз үргүлөйт. Быйылкы кыш да жомоктогудай кооз. Үйлөрдүн сырттары аппак экендигин мордон чыккан боз түтүн гана дааналайт. Күн жаңы эле уясынан чыгып келе жатканда тоо чокулары жылтылдап көздү уялтканын айтпа. Түнкү сууктагы кардын сан жеткис бүртүктөрү күмүш учкунун чачат.

Кышында канаттуулар сейрек, алар жылуу жактарга учуп кетишкен. Кышка чыдамдуулары гана бактан бакка секирип сүйүнгөндөй. Чана тепкен балдар беттеринен кызыл нур балкып, канаттуудай учуп баратышкансыйт.

*«Байчечекей» журналынан*

## 4-класста баяндама жаздыруунун жолдору

Эне тилин окутууда баяндама жаздыруу сыяктуу жазуу иши өзгөчө орунду ээлейт. Кыргыз тили сабагында өздөштүрүлүүчү фонетика, сөз жасоо, лексика жана фразеология, морфология, синтаксис, орфография жана пунктуацияны сөз өстүрүү менен тыгыз байланышта үйрөтүү окуучулардын кебин байытууда зор өбөлгө түзөт.

Кыргыз тилин окутуунун методикасында байланыштуу кепке көңүл буруу алгачкы китептерден, иликтөөлөрдөн, методикалык эмгектерден эле башталган. Алгачкы «Алиппенин» автору И. Арабаев окуучулардын кебин өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруп, буга карата атайын тапшырмаларды киргизген. Тунгуч окумуштуулардын бири К. Тыныстанов окуучулардын сөзүн өстүрүү үчүн кыргыз тили сабагында текст менен иштөөгө зор маани берип, өзүнүн бардык окуу китептеринде көптөгөн этнопедагогикалык мазмундагы көркөм тексттерди, элдик макалылакаптарды кеңири киргизген. Кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча биринчи окуу куралын жазган С. Нааматов кыргыз тилин окутуунун негизги максаты катары окуучулардын сөзүн өстүрүүнү аныктаган. Бул аталган тунгуч окумуштуулар кыргыз тилинин грамматикасын, сөз өстүрүүнүн, байланыштуу кепти өстүрүүнүн негизги каражаты катары пайдаланышкан. Алгачкы методисттердин бул көз караштары, изилдөөлөрү андан ары улантылбай, кыргыз тилин мектепте окутуунун негизги мазмунун тилдин грамматикасы түзүп калган. Куррикулумдун талаптарына ылайык кыргыз тилин окутууда грамматикалык материалдарды өздөштүрүү менен гана чектелбей, тилдин практикалык аспектилерине негизги көңүл бурулууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү мамлекеттик стандарттарында белгиленгендей: «Тилдин теориялык курсун окутуу аркылуу окуучулардын кебин өстүрүү, ошондой эле аларды сабаттуу, маданияттуу кеп адебине ээ кылууда тилдин фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, фразеологиялык, пунктуациялык бардык каражаттарын пайдалануу менен адабий тилде ээн-эркин баяндама, дилбаян, эссе, тезис, макала жана башкалар-

ды жаза алууга машыктыруу зарыл». (Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б., 2007.)

Орус тилин окутуу методикасын изилдеген окумуштуулар А. В. Текучев, Т. А. Ладыженская, В. Ч. Капинос, Е. Ч. Никитина, Ф. Буслаев, Н. Н. Сергеева, М. С. Соловейчик ж. б. сөз өстүрүү, жазуу иштерин, анын ичинде баяндама жазуунун жол-жоболорун иштеп чыгышып, иш-аракеттин бул түрлөрүн грамматиканы окутуунун ажырагыс бир бөлүгү катары карашкан.

Баяндама жаздыруу иши жалпы билим берүүчү орто мектептин башталгыч класстарында кеңири жүргүзүлөт. Окуучулардын өз оюн жазуу жүзүндө ырааттуу баяндап бере алышына жетишүү баяндама жаздыруудагы негизги маселелерден болуп саналат. Баяндама жаздыруу аркылуу окуучулардын окуу материалын терең түшүнүүгө көнүктүрүп, алардын шык-жөндөмүн өнүктүрөбүз.

Жазуу жумушунун бул түрү тексттин негизинде сүрөттөр аркылуу, ошондой эле угуу тексттери аркылуу, мугалим тарабынан берилген таяныч сөздөрдүн, сөз айкаштарынын жардамы менен жүргүзүлөт. Баяндаманын мындай түрлөрүн аткарууда окуучулар ар бир сөздү орду менен пайдаланууга, сүйлөмдөрдү синтаксистик жактан туура түзүүгө машыгышат. Системалуу жүргүзүлгөн баяндама окуучулардын орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуулугун арттырары анык. Албетте, окуучуларга мындай баяндама жаздыруу үчүн алдын ала оозеки көнүгүүлөрдү, суроо-жооптор аркылуу машыгууларды өткөрүү керек. Баяндаманы жазууга киришүүгө чейинки даярдык иштер төмөнкү планда жүргүзүлгөнү максатка ылайык:

- Тексттин мазмунуна карата мугалимдин багыт берүүчү кириш аңгемеси, тексттин окулушу, мазмундун түшүндүрүлүшү.
- Сөздүк-орфографиялык даярдыктар: тексттеги мааниси түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин чечмелеп түшүндүрүү, жазылышы татаал болгон сөздөрдүн жазылышын доскага жазып көрсөтүү.
- Баяндаманын планы (текст экинчи жолу окулгандан кийин анын мазмунун тийиштүү ирееттүүлүктө камтылгандай баяндаманын планы түзүлүп, доскага жазылат).
- Тексттин мазмунун план боюнча 2–3 балага оозеки айттыруу, кемчиликтерин оңдоо.
- Баяндаманы жаздыруу.

Жазуу жумуштарынын ичинен баяндама жаздыруу иши окуучулардын кабыл алуусун, текстти түшүнүүсүн, ой жүгүртүүсүн, стилин калыптандырууда өтө зор мааниге ээ.

## Баяндама үчүн тексттер

### Күз жомогу

Күз келди. Жалбырактардын саамайлары саргайды. Жаратылыш күз мезгилинин күчүнө айласыз баш ийгендей муңдуу жылмаят. Алтын күздүн сары кемесине түшкөн жалбырактар шамдагай шамал менен жарышып, акыркы саякатына чыгышат. Түркүн түскө боёлгон көйнөктөрүн желге желбиретип учушат. Айланага алтын тыйын чачылгандай күздүн күнү саргарып жалтылдайт. Алардын бири Айдайдын колуна келип конду. Кыз анын коздугуна суктанды. Эжесине, курбуларына көр-

сөткүсү келди. Жалбыракты жалгыздатпай дагы бир нечесин терип алды. Аларды класстагы мугалим эжесинин столуна коюп койду. Мугалим класска күздүн бир кооз күнү конокко келгенин түшүндү.

*«Байчечекей» журналынан*

**План**

1. Жаратылыштагы күзгү өзгөрүүлөр.
2. Күз мезгилинин адамдарга тийгизген таасири.
3. Жаныбарлардын күзгү түйшүгү.
4. Күз жомогу.

**Суроолор:**

1. Күзүндө жалбырактар кандай болуп калышты?
2. Айдайдын колуна эмне келип конду?
3. Айдай аны эмне кылды?
4. Мугалим эмнени түшүндү?

*Таяныч сөздөр:* берекелүү, сапсары, алтын түстүү, түшүм, саргайды, учурду, күбүлдү, алышты, чогултушту, жыйнап алышты, даярдык көрүштү, салышты, кийиништи, кургатышты, ташышты, чээнге, ийинге, түштүккө, жылуу жерлерге, алдын ала, мол, кетишти, учурушту.

## Нан жомогу

Бир убактарда кичинекей шаарчада Герда аттуу кыз жашаган экен. Ата-энеси жөнөкөй жана эмгекчил адамдар болушат. Алар жалгыз кызы жөнүндө дайыма камкордук көрүшөт. Бирок Герда өзүмчүл, эрке болуп чоңоёт.

Бир күнү апасы ага талаада иштеген атасына нан жеткирүүсүн өтүнөт. Герда жаңы туфлисин кийип чыгат. Талааны айланып, кыска жол менен жөнөйт. Бирок жолунан саздуу көлчүк кездешет. Кыз жаңы туфлисин аяп, нанды таманына коюп өтүүгө камданат. Ошол замат көлчүктүн ортосу ачылып, Герда саздын түбүнө чөгөт. Кыз саздын ханышасы Бака айымдын алдына келет. Жөргөмүш, жылан, курттар айымдын айтуусу менен Герданы байлап коюшат.

Кечке чейин асылып турган кыз жашын төгүп ыйлайт. Ошондо Бака айым Герданы нанды кордогону үчүн чымчыкка айландырат. Ал бир нанга канча ун кетсе, ошончо буудай данын жыйнаганда гана адамга айлана тургандыгын эскертип коё берет. Герда-чымчык бир нече күн талаадан буудай башын терип, үйүнө чогултат. Апасы мээнеткеч чымчык терген буудайдан нан жасайт. Кичинекей куш кайрадан кызга айланат. Ошондон кийин Герда ыймандуу кыз болуп, нанды сыйлап калган дешет.

*Скандинавия жомогу*

**План**

1. Герда жана анын ата-энеси.
2. Жаңы туфлисин аяган кыз.
3. Герда Бака айымдын колунда.
4. Кыздын жазаланышы.
5. Мээнеткеч чымчык.

**Суроолор:**

1. Герда эмне үчүн эрке, өзүмчүл болуп чоңойду?
2. Кыз эмнеге нанды таманына койду?
3. Бака айым кызды туура жазаладыбы?
4. Чымчыктын мурдагы Гердадан айырмасы эмнеде?
5. Сенин досторуңда өзүмчүлдүк сапат жокпу?
6. Мээнеткеч жана жалкоолор кандайча айырмаланат?

*Таяныч сөздөр:* шаарчада, Герда, ата-энеси, эмгекчил, өзүмчүл, эрке, талаага, нан, жаңы, туфлисин, таманына, сазга, Бака айым, асылып, ыйлайт, жаза, чымчык, буудайдын, терип, апасы, мээнеткеч, ыймандуу, сыйлап калган.

## Таятанын жомогу

Бала таятасынын жомогун абдан жакшы көрөт. Жомоктогу бабаларынын эрдигине суктанат. Жаратылышка кол көтөргөн акылсыздарына кейип калат.

Ал эми баланын жомогундагы адамдардын жашоосу таптакыр башкача болот. Карагайлуу токойдо бугунун тукумдары эркиндикте жана токчулукта жашашат. Адамдар айбанаттар жөнүндө камкордук көрүшөт. Орозкул таякесине Бугу-Эне мүйүзүнө илип, коңгуроолуу арча бешик алып келип берет. Бекей таежеси балалуу болуп, бактылуу жашайт. Кордондо жашагандар бири-бирин сыйлап, урматташат. Таятасы менен таенеси да урушпайт. Китеп баштыгы менен мектепке каттайт. Ак кемедеги атасын ээрчитип, бугуларга барып турушат.

*Ч. Айтматов*

**План**

1. Бала таятасынын жомогун угат.
2. Жомоктогу каармандарга суктанат.
3. Баланын жомогундагы адамдардын жашоосу.
4. Бугу-Эне жана арча бешик.

**Таяныч сөздөр:**

Бала, таятасы, жомок, токой, Бугу-Эне, арча бешик, Орозкул таекеси, Бекей таежеси, Ак кемедеги атасы.

**Суроолор:**

1. Баланын жомогундагы адамдар айбанаттарга кандай мамиле кылат?
2. Бугу-Эне Орозкул таекесине эмне алып келип берет?
3. Кордондо жашагандар эмне кылышат?
4. Бала атасы менен кайда барып турушат?

## Ат чабыш

Балалыктын сүйүнүчүн өмүр бою унутпайсың. Менин артыкча сүйүнүчүм – адеп кунан чапканым.

Жайлоого чыкканда кунанды таятабыз бапестеп таптады. Айт күнү суунун аркы- берки өйүзүндөгү айылдар оюн-тамаша курушту. Он чакты кунан, тай чабылмак болду. Күлүктөрдүн көкүлүн шүйүп, куйругун түйдүк. Башыбызга жоолук

байлашты. Алеп-желеп болуп, жүрөк түрсүлдөп, сүрдөгөндү айтпа. Ат айдоочу күлүктөрдү белге чейин сүрүп барып, анан коё берди. Шатырап учкан көгүчкөндөрдөй артка кайрылып, чаап жөнөдүк. Жел менен жарышып, зымырап баратабыз.

Ат чабышта таятамдын тилин албай, кунанды жиниктирип алдым. Адегенде эле аттын оозун коё бергенмин. Ошентип, мен байгеге илинбей калдым. Бирок менин өмүрүмдө бул ат чабыш шаңдуу майрам болду.

*К. Жусупов*

**План**

1. Балалыктын  артыкча сүйүнүчү.
2. Ат чабышка даярдануу.
3. Күлүктөрдүн жарышы.
4. Жаш чабандестин жаңылганы.

**Суроолор:**

1. Ат чабыш эмне үчүн баланын эсинде калды?
2. Ат чабышка айыл ичи кандай даярдык көрүштү?
3. Жаш балдар эмнеге сүрдөштү?
4. Күлүктөрдүн жарышы кандай башталды?
5. Жаш чабандес эмнеге байге алган жок?

*Таяныч сөздөр:* балалыктын, сүйүнүчүм, кунан чапканым, унутпайсың, жайлоого, таятабыз, таптады, айт күнү, айыл, оюн-тамаша, түйдүк, жоолук, жүрөк, ат айдоочу, сүрүп барып, шарт кайрылып, зымырап, таятамдын айтканы, жиниктирип, илинбей калдым, майрам.

## Аквариум балыктары

Аквариум балыктары кооздук жана изилдөө максатында багылат. Атайын жасалган айнек идиш майда балыктардын жашоо шартына ыңгайлашкан болот. Аквариумдагы суу кычкылтек жана туздар менен каныктырылат. Бул максатта идиштин түбүнө түрдүү суу өсүмдүктөрүн пайдаланышат. Аквариумга бир суткада 10–12 саат жарык жиберүү керек. Түбүнө арык кумун таза жууп пайдаланышат.

Аквариум балыктарынын дене узундугу 1,5–3,0 см келет. Көпчүлүгү майда, түркүн түстүү, кооз болушат. Алар жылуу, шор эмес сууларда кездешет. Аквариум балыктарын Африка, Американын деңиздеринен кармап келишет. Айрыкча берметчен гурами, пецилия, оранда сейрек кездешет. Аквариум балыктары турган бөлмө кооз жана салкын болот. Балыктардын кыймылына көз салып карап туруу – ден соолукка да пайдалуу.

**План**

1. Аквариум балыктарын кармоонун максаты.
2. Балыктардын жашоосуна ыңгайлуу идиш.
3. Аквариум балыктарынын сырткы көрүнүшү, алардын түпкү мекени, түрлөрү.
4. Аквариум балыктарынын пайдасы.

**Суроолор:**

1. Аквариум балыктарын эмне максат менен багышат?
2. Балыктардын айнек идиштеги жашоосуна кандай шарттар түзүлөт?
3. Алардын табигый жашоодогу орду кайда болгон?
4. Аквариум балыктарын кооздук үчүн гана кармашабы?

*Таяныч сөздөр:* аквариум, балыктары, изилдөө, кооздук, айнек, идиш, жашоо шарты, ыңгайлашкан, кычкылтек, туздар, каныктырылган, түбүнө, өсүмдүктөр, жарык, арык кумун, пайдаланышат, узундугу, майда, түстүү, жылуу, шор эмес, деңиздикинен, салкын.

## Салам айтуу адеби

Мен айылга барганда чоң атам мага ким менен кантип учурашуу керектигин үйрөттү. Бир күнү чоң атам экөөбүз айылдагы тойго бардык. Мен алдымдан чыккан кишиге:

– Ассалом алейкум! – деп салам айтып, кош колумду сундум. Ал киши менин саламыма «Алейкум ассалам!» – деп алик алды да, минтип сурады:

– Салам айткан адептүү жакшы бала турбайсыңбы. Кимдин баласы болосуң? – деди.

Мен чоң атамды көрсөттүм.

– Ооба, бул менин балам! – деди чоң атам башыман сылап сыймыктана.

*А. Карымшаков*

**План**

1. Чоң атам жана мен.
2. Учурашууну үйрөнүү.
3. Тойго баруу.
4. Биринчи учурашуу.

**Суроолор:**

1. Чоң атасы балага эмнени үйрөттү?
2. Бала алдынан чыккан кишиге кандайча салам берди?
3. Ал балага эмне деди?
4. Чоң атасы эмнеге сыймыктанды?

*Таяныч сөздөр:* чоң ата, учурашуу, үйрөттү, киши, салам айтуу, ассалом алейкум, алейкум ассалам, адептүү, сыймыктануу.

# Интерактивдүү ыкмалар жана аларды 4-класста кыргыз тилин окутууда пайдалануу

Интерактивдүү (inter «өз ара», иш аракет кылуу) метод – өз ара аракеттенүү, бирөөлөр менен маектешүү, диалог режиминде болуу дегенди билдирет. Интерактивдүү методдор (усулдар) окуучулардын мугалим менен гана эмес, бири-бири менен да өз ара кеңири аракеттенүүсүнө, ошондой эле окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын активдүүлүгүнүн басымдуулук кылышына багытта-

лат. Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен өтүлгөн сабактарда мугалимдин ролу сабактын максаттарына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттоо болуп эсептелет.

Интерактивдүү окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт. Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары төмөнкүлөр:

- окуучулар өздөрүн эркин сезип, «туура эмес жооп берип алам» деген коркунучтан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;
- ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;
- жуп менен, топ менен иштегенге машыгышат;
- мугалим менен, бири-бири менен тыгыз карым-катнашта пикир алышуу ишке ашат;
- окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
- тапшырманы аткарууда бири-биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
- мугалим фасилитатор катары багыт берип, окуучу менен достук, кызматташтык мамиледе болот.

Интерактивдүү окутууда негизги көңүл окуучуга бурулуп, эвристикалык окутууга басым жасалып, тажрыйба жүзүндө окутуу иши колдоого алынат. Бул жагдайдан алып караганда инсанга багытталган окутуу менен шайкеш келет. Мында билим берүү процессинин катышуучуларынын эмес, окуучулардын кызыкчылыгын көздөйт.

Инсанга багытталган окутуу – керектөөлөргө, жөндөмдүүлүктөргө, окуучуларды окутуу стили менен алардын кызыкчылыктарына багытталат. Сабак процессинде окуучулар окутуу тажрыйбасынын эң маанилүү катышуучулары болот, окутуу учурунда мугалим да маанилүү жана активдүү ролду ойногон катышуучу боло алат, ал эми окуучуга пассивдүү роль бөлүнөт. Ал эми инсанга багытталган окутууда окуучулардан окуу процессинде активдүү жана жоопкерчиликтүү катышуучу болушун талап кылат. Мында окуучулар жупта, топто иштей билүү менен өз жоопкерчилигин сезүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар бири-бири менен, мугалим менен бирге иштей да, кызматташа да алышат. Бул аларды оюндагысын эркин айта билүүгө, мугалимди жана жолдошторун уга билүүгө, толеранттуулукка үндөйт. Топтордо иштөөдө төмөнкүдөй эрежелер сакталууга тийиш:

- Бири-бирин сыйлоо.
- Жанындагы окуучунун сөзүн бөлбөй угуу.
- Ресурстарды бөлүштүрүү жана биргелешип пайдалануу.
- Топтун шайланган жетекчиси менен келишүү, бирге чечимдерди кабыл алуу.
- Топтогу ар бир окуучунун пикирин баалоо.

Бардык окуучулар биргелешип ойлонуп, натыйжалуу иштөөсү жана топто иштөөнүн негизги эрежелерин өздөштүрүүсү жана сактоосу зарыл.

Окуу максатын коюу инсанга багытталган окутууда сабактын маңызы болуп саналат. Мугалимдин жана окуучулардын бардык иш-аракеттери ушул максатка жетүүгө багытталган. Окуу максаты сабак процессин, усулдарды, окутуунун жана баалоонун каражаттарын аныктайт.

Окуу максаты – билимди өздөштүрүүнүн, өнүгүүнүн жана тарбия берүүнүн натыйжаларын алдын ала пландаштыруу, башкача айтканда, ишмердүүлүктүн күтүлүүчү натыйжасы. Окуу максатын коюу, аны менен тааныштыруу процесси интерактивдүү жол менен жүргүзүлүүсү шарт, анткени ошондо гана окуп-үйрөнүү процессинин бардык катышуучуларына бир багытта иш алып барууга мүмкүнчүлүк берет. Окуу максаты конкреттүү, ишке ашкыдай, өлчөнүүчү жана окуучуга багытталган болууга тийиш. Окуу максатын коюуда мугалим төмөнкү шарттардын аткарылышына жетишүүсү керек:

1. Сабактын эң башында окуучуларга мугалим тарабынан билдирилиши зарыл.
2. Окуучуларга жазуу түрүндө доскада, плакатта, же башкача жол менен көрсөтүлүшү керек.
3. Окуучуларга түшүнүктүү болуп, алар тарабынан кабыл алынышы керек. Суроолордун жардамы менен мугалим коюлган максаттарды окуучулар канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүн текшерет. Окуучулар сабактын максаттарын өздөрүнүн жеке максаттары катары айтып берүүлөрү зарыл. *Мисалы:* – Сабактын аягында мен сын атоочторду катыштырып сүйлөм түзө алам, аларды өз кебимде пайдалана алам.

## Окуу максаттарын окуучуларга төмөнкүдөй жол менен түшүндүрүүгө болот

### Тема: Сырдык сөз

**Сабактагы мугалимдин биринчи кадамы:** Мугалим (саламдашуу жана окуучулардын сабакка даярдыгын текшергенден кийин) доскага «Тууранды сөз» жана «Сырдык сөз» деп жазат да, төмөнкү суроо менен кайрылат:

– Булардын бири-бири менен окшоштугу эмнеде?

Окуучулар жоопторду сунушташат. Алардын ичинде экөө тең сөз түркүмү деген жооп болушу мүмкүн. Мугалим бир нече жоопту уккандан кийин сабактын темасын жазып, максаттарын түшүндүрөт.

**Сабактын максаттары:**

- Окуучулар сырдык сөз кандай сөз түркүмү экендигин түшүнүшөт.
- Сүйлөмдөрдөн жана тексттен сырдык сөздөрдү таба алышат жана аларды сүйлөм, текст түзүүдө колдоно алышат.

Сабактын максаттары аталгандан кийин мугалим балдарга төмөнкү суроону берет:

– Силер сабактын аягында эмнелерди аткара аласыңар?

2–3 окуучунун жообун уккандан кийин экинчи суроону берет:

– Сырдык сөздөрдү сүйлөм же текст түзүүдө орду менен колдонуу үчүн силер дагы эмнелерди билүүңөр керек?

Мугалим 2–4 окуучунун жообун угат. Окуучулар сабактын максатын түшүнгөндүгүнө көзү жеткенден кийин сабактын кийинки баскычына өтөт.

Сабактын максаттарын коюуда мугалим көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) да коюуга тийиш. Алардын жардамы менен ал максаттардын аткарылуу деңгээлин жана сапатын текшере алат.

Индикатор (лат. *indicator*) – процесстин жүрүшүнүн же байкоо жүргүзүү объектисинин абалынын сапаттык же сандык мүнөздөмөсү. Ал эми окутууда билим берүүчүлүк максаттарга жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчү (индикатору).

Окуучуларды көрсөткүчтөр менен сабактын башында тааныштыруунун зарылчылыгы жок, анткени мугалим аларды максаттарга жетүү деңгээлин текшерүү үчүн колдонот. Төмөндө сабактардын максаттарына жана көрсөткүчтөрүнө карата мисалдар сунушталат.

### Тема: Энчилүү жана жалпы зат атоочтор

| Сабактын максаттары | Максаттарга жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| Материалды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында окуучулар энчилүү аттардын жалпы зат атоочтордон айырмасын аныктай алышат, алардын жазуу эрежелерин билишет. | Окуучулар максатка жетишет, эгерде сабактын аягында:<br>• сүйлөмдөгү энчилүү жана жалпы зат атоочторду таба алышса;<br>• энчилүү зат атоочтордун жазуу эрежелерин түшүндүрө алышса. |

### Тема: Суроолуу сүйлөм

| Сабактын максаттары | Максаттарга жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| Окуучулар сабактын аягында сүйлөмдүн тибин аныктай алышат жана суроолуу сүйлөмдөрдү тексттен таба алышат, суроолуу сүйлөмдөрдү түзө алышат. | Окуучулар максатка жетишет, эгерде сабактын аягында:<br>• тексттен суроолуу сүйлөмдөрдү таба алышса, өз тандоолорун негиздеп бере алышса;<br>• суроолуу сүйлөмдөрдү колдонуп, берилген тема боюнча диалог түзө алышса. |

1. Сабактын максаттарын **инсанга багытталган окутууга** карата пландаштырууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:
- окуп-үйрөнүү максаттарынын бардык категориялык деңгээлдерин камтуу (билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, синтез, баалоо);
- тема боюнча биринчи сабактарда окуучулардын милдеттүү түрдө өздөштүрүшү керек болгон билгичтиктердин деңгээлине жетишүү пландаштырылат (бардык окуучулар сөзсүз аткарыш керек болгон шаблондуу тапшырмалардын жыйындысы). Кийинки сабактарда окуу максаттары Блумдун таксономиясы боюнча жогорураак категорияларды камтыйт.

2. Сабактын максаттары окуучуларга күтүлүүчү натыйжа катарында берилиши керек (окуучунун позициясынан коюлган максат).

3. Сабактын максаттары окуучуларга сабактын башында дароо айтылыш керек.

4. Сабактын максаттары айтылгандан кийин мугалим суроолордун жардамы менен окуучулардын сабактын максаттарын канчалык деңгээлде түшүнгөнүн текшериши керек. Окуучулар сабактын максаттарын күтүлүүчү натыйжа катарында айтып берүүлөрү зарыл.

5. Окуп-үйрөнүү максаттарын түшүндүрүүдө мугалим төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл:

- окуп-үйрөнүү максаттарын мугалим кызыктуу жана ишенимдүү түшүндүрүшү керек;
- окуучуларды максаттарды талкуулоого тартышы керек;
- максаттарды окуучулардын бардыгынын түшүнүүсүнө умтулуу керек.

6. Сабактын максаттары окуучулар үчүн доскага же плакатка жазылып, же бөлөк каалаган көрсөтүү формасында көрсөтүлүшү керек.

7. Сабакты пландаштыруу баскычында мугалим окуучулардын максаттарга жетүүсүнүн сапатын текшерүүдө пайдаланылуучу көрсөткүчтөрдү аныктап коюшу зарыл. Көрсөткүчтөрдү мугалим сабактын жүрүшүндө да, ар бир тапшырманы аткаруунун жыйынтыгында да, ошондой эле сабактын аягында да колдоно алат.

Интерактивдүү окутууда байкоо жана салыштыруу методу негизги орунду ээлейт. Бул метод окуучулардын кептик, тилдик, маданият таануучулук, ошондой эле маалыматтык жана социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат. Буга кластер, синквейн, Венддин диаграммасы сыяктуу интерактивдүү стратегиялар кирет. Бул стратегиялардын жардамы менен окуучулар маалыматтарды байкоого, ыраатташтырууга, салыштырууга, баалоого, жалпылаштырууга же бөлүштүрүүгө көнүгүшөт.

Кластер – окуучулардын кандайдыр бир тема боюнча идеяларды ачык жана эркин ойлонуп жыйынтыктоосуна жардам бере турган педагогикалык стратегия. Ал темага байланыштуу ар кандай идеяларды графикалык сүрөттөө менен баракка түшүрүүгө мүмкүндүк берет. Кластердин мындан башка дагы ар кандай түрлөрү бар: «суроолору менен кластер» (идеялардын ордуна суроолор жазылат жана жооптору кластердин тегеректерине кыскача жазылат).

«Кластер-табышмак» кластердеги тегерек же тик бурчтуктар жазылбай бош калтырылат. Ошол тегеректерди жазып толтуруу менен жетишпеген түшүнүктөр аныкталат.

«Кластер» деген сөз англис тилинен «шиңгил» деп которулат. Кластердин түзүлүшү шиңгилге окшош. Ал бир кылка эмес, бир кырдуу эмес, көп кырдуу, ар тараптуу ой жүгүртүүнүн ыкмасы болуп саналат.

Кластер – шиңгил түзүү, же болбосо окуучулардын кайсы бир тема боюнча эркин ойлонушуна багыт берүүчү педагогикалык стратегия.

Бул стратегия «акыл чабуулу» стратегиясы менен үндөшүп турат, башкача айтканда, ой жүгүртүүгө түрткү берет.

Кластер ыкмасын сабактын билим берүүчүлүк максатына ылайык төмөнкүдөй сабактардын типтеринде колдонууга болот:

- билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн өркүндөтүүчү сабак;
- билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн бышыктоо жана кайталоо, жалпылоо жана ыраатташтыруу сабагы.

Кластер түзүү сабактын чакыруу жана ой жүгүртүү баскычтарында колдонулуп, окуучунун ой жүгүртүүсүн, кебин өркүндөтүп, анын билимин текшерүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Кластер түзүүдө окуучулар жекече, жупта, топтордо иштөөгө болот. Топ менен иштөөдө алар бири-биринин пикирин угууга, баалоого, идеяларынын, ой-пикирлеринин шайкеш келишине түрткү берет.

Кластер түзүүдөгү иш-кадамдар төмөнкүлөр:

1. Тема, идея, тапшырма айтылат.
2. Тема боюнча оюна келген нерселердин баарын жазуу.
3. Жазууда кеткен орфографиялык каталарга көңүл бурбоо.
4. Берилген убакыттын ичинде оюна келген (тема боюнча) нерселердин баарын жазуу, эгерде эч кандай идея келбесе, темага ылайык сүрөт тартуууга да болот.
5. Мүмкүн болушунча идеяларды көбүрөөк жазуу.

Бул стратегия менен иштөөдө окуучу менен мугалимдин ортосундагы, окуучу менен окуучунун ортосундагы кызматташтык ишке ашып, окуучулар өз алдынча, эркин, чыгармачылыкта, активдүү иштөөгө умтулат. Окуучу ката кетирем, туура эмес сүйлөйм деген коркунучтан арылат, ал эми мугалим багыт берүүчү – фасилитатор катарында милдет аткарат.

Бул ыкма **билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк** касиеттерди ичине камтыйт.

- **билим берүүчүлүк** жагы – өтүлгөн тема боюнча билими бышыкталат, жазып, сүрөт тартып, чыгармачылык менен изденет, идеяларды, жаңы сөздөрдү табууга аракеттенет;
- **өнүктүрүүчүлүк** жагы – алган билимин турмушта колдонууга, билимин ыраатташтырып, жаңы маалыматтар менен толуктоого үйрөнүшөт, ой жүгүртүүсү, сынчыл ойлоосу өсөт;
- **тарбия берүүчүлүк** жагы – көз карашы, сынчыл ойлоосу калыптанат, бири-биринин ой-пикирин сыйлап, биргелешип иштегенге, өз оюн эркин айтууга, коммуникативдүүлүккө, толеранттуулукка тарбияланышат.

**Ыкманын потенциалы:** окуучулар топто бири-биринин пикирин толуктоо, бири-бирине көмөктөшүү менен алган билимдерин системалаштырып, тажрыйбаларын, байкоолорун пайдаланып, жаңы билимдердин негиздерине, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушат.

Мугалим кластер түзүүдө сөзсүз суроолорду берип, жоопторду талап кылууга тийиш. **Бул сабакта кластер түзүү тапшырмасы камтылган.**

## Сабактын темасы: Тексттин түрлөрү

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк**: окуучулар байланыштуу кеп түзүү, ыр, аңгеме, жомок чыгарып, макала жазуу жөнүндө маалымат алышат.
- **өнүктүрүүчүлүк:** окуучулар тапшырмаларды аткаруу аркылуу байланыштуу кепке мисалдарды түзүүгө машыгышат.
- **тарбия берүүчүлүк**: окуучулар билим-билгичтиктерин турмушта пайдалана алууга көнүгүшөт.

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетет, эгерде**

- өз алдынча тексттин түрлөрүнө мисалдарды келтире алса;
- тексттин мазмунун ырааттуу баяндап бере алса;
- билим, билгичтиктерин сабакты бышыктоо учурунда пайдалана алса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди калыптандыруу сабагы.

**Сабактын формасы:** сабак-мелдеш.

**Сабактын методдору:** суроо-жооп, изилдөө, интерактивдүү, проблемалуу, текшерүү жана баалоо.

**Сабакта колдонулуучу каражаттар:** таяныч схемалар, таблица, карточкалар, сүрөттөр, аудиоматериалдар.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**

Окуучулардын көңүлүн сабакка буруу.

а) Окуучулар менен өтүлгөн «текстке план түзүү» темасы боюнча суроо-жооп иретинде аңгемелешүү; жаңы тема менен байланыш түзүү.

б) Өтүлө турган сабактын темасын жана максаттарын жарыя айтуу, сабактын мелдеш, оюн түрүндө өтөрүн, жупта жана топто иштөө колдонуларын айтуу.


Мелдештин жыйынтыгын чыгарууда керектелүүчү баалардын белгилерин (жылдызча, төрт бурчтук, үч бурчтук) пайдаланса болот. Окуучуларды үч топко бөлүү.

**1-тапшырма**. Макалдардын маанисин чечмелешет. Макал-ылакаптар тексттин кайсы түрүнө кирерин аныкташат.

1. Туулган жердин топурагы алтын.
2. Ар кимге өз Мекени ыйык.

**Сүрөт: 2-тапшырма.** «Кыргызстан – Мекеним» деген темада макала жазып, сүрөт тартып коoздоп, дубал газета чыгаруу, презентациялоо.

**3-тапшырма:** Тексттин түрлөрүнө карата кластер түзүү тапшырмасын ар бир топ аткарып, презентациялайт.




**Жыйынтыктоо.** Кластер боюнча жыйынтыкка келүү: тексттин 3 түрү бар: ой жүгүртүү, сүрөттөө, баяндоо.

**Окуучунун билимин баалоо.** Ар бир топтун топтогон баалоо белгилерин өздөрүнө санатып, кайсы топ кандай иштегенин белгилөө.

**Үй тапшырмасы**. «Кыргызстан – менин Мекеним» деген темада китепче жасоо. Ыр, макал-ылакап, табышмактардан жазуу.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутууда **синквейн интерактивдүү стратегиясын** пайдалануу жакшы натыйжа берет. Окуучулар синквейн түзүү үчүн алган билимдерин пайдаланат, сөздүк запасын колдонот, ыр жазып жатам деп шыктанып, чыгармачылык менен иштөөгө аракеттенет. Синквейн – окуучунун эркин, сынчыл ой жүгүртүүсүнө сөз байлыгын арттырууга, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө түрткү берет, сөздөрдүн эң маанилүүсүн тандап, татаал идеяларды түзүп, түшүнүгүн синтездештирип, сүрөттөөгө, ой жүгүртүүгө шыктандырат. Окуучулар берилген негиз сөздү талдап, чечмелешет.

«Синквейн» деген сөз француз тилинен алынган, «беш» деген түшүнүктү билдирет. (Женни Стил ж. б. «Дальнейшие методы, способствующие развитию критического мышления». – Б., 1998.) Синквейн – сөзсүз уйкаштыкты талап кылбаган, рифмалашпаган, ойду жыйынтыктоочу каражат катары колдонуп, окуучулардын ой жүгүртүүсүн ойготуп, ойлонулган рефлекцияларды талап кылган түшүнүктөрдүн жыйындысынан турган «5 сап ыр».

**Синквейн түзүүнүн максаты:**

- татаал маалыматтарды топтоштурат;
- окуучулардын билим деңгээли, түшүнүгү байкалат, бааланат;
- чыгармачыл шык-жөндөмүн, алган билимдеринин негиздерин, маалыматтарын ырааташтырат.

Синквейн түздүрүүнүн билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк касиеттери бар:

- **билим берүүчүлүк:** билимдерди, түшүнүктөрдү, маалыматтарды жыйынтыктоого, топтоштурууга, ыраатташтырууга, талдоого багыт берет. Эне тили сабагында өтүлгөн зат, сын, ат атоочторду, этиш сөздөрдү ж. б. сөз түркүмдөрүн колдонуп, синоним сөздөрдү, маанилеш сөздөрдү талдап, эң маанилүүсүн тандап алууга түрткү берет.
- **өнүктүрүүчүлүк:** синоним, маанилеш сөздөрдү таап, талдоо менен сөз байлыгы артат, чыгармачылык менен иштеп, жаңы идеяларды таап, өз оюн айтууга машыгат, ой жүгүртүүсү өсүп, ыр жараттым деп шыктанат.
- **тарбия берүүчүлүк**: өз алдынча, жупта, топто иштөөдө биргелешип иштөөгө, кеңешип, бири-биринин пикирин баалоого көнүгүшөт, толеранттуулукка тарбияланышат.

**Иш кадамдары**

| Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети |
|---|---|
| • синквейн түзүүнүн схемасын түшүндүрөт;<br>• мисалдар менен бышыктайт;<br>• бир нече мисалдарды талдайт;<br>• өз алдынча, жупта, топто иштөөгө багыт берет. | • өз алдынча синквейн түзөт;<br>• курбусу менен акылдашып, түзөт;<br>• топто иштеп, кеңешип түзүшөт;<br>• ар бир топ өз синквейндерин көркөм окууга, аракеттенет, интонацияга көңүл бурулат;<br>• эң жакшы деп эсептелген синквейнди дептерлерине көчүрүп жазышат. |

| Синквейн түзүүнүн схемасы | Мисалы |
|---|---|
| 1-сабы – зат атооч сөз, 1 сөз | 1. окуучу |
| 2-сабы – сын атооч, 2 сөз | 2. акылдуу, билимдүү |
| 3-сабы – этиш, 3 сөз | 3. окуйт, жазат, ойлонот |
| 4-сабы – темага тиешелүү сүйлөм, же фраза, 4 сөз | 4. Жакшы окуучу мектепке шашат. |
| 5-сабы – 1 сапка синоним сөз, 1 сөз | 5. адам |

**Төмөнкү эрежелер сакталат:**

1. Бардык ой баалуу.
2. Берилген теманын тегерегинде ойлонуу, изденүү.
3. Сөз талашып сүйлөбөө.
4. Сөздү бөлбөө.
5. Бардык суроо маанилүү.
6. Сынаганга, чектегенге тыюу салынат.
7. Өз идеясын таңуулабайт.
8. Ар бир окуучу өз көз карашын, идеясын айта алат.
9. Бири-биринин пикирин баалайт, угат, сыйлайт.
10. Жупта, топто биргелешип иштейт.
11. Белгиленген убакытты сактайт.

**Синквейн түзүү тапшырмасы кыргыз тили сабагынын төмөнкү баскычтарында колдонулат:**

| Чакыруу баскычы | Түшүнүү баскычы | Ойлонуу баскычы |
|---|---|---|
| Билген маалыматтарынын негизинде ойлонууга чакыруу.<br>Грамматикалык эрежелерди окулган текстти, каармандарды эске түшүрүү. | Жаңы маалыматты түшүнүү. Текстти түшүнүү, окуяларды, каармандардын иш-аракеттерин талдоо, тексттин негизинде грамматикалык эрежелерди үйрөнүү. | Билген жана жаңы маалыматтарды топтоштуруп талдоо, ой жүгүртүү, чечмелөө. Тексттин маанисин талдап, топтоштуруп, өз оюн кошуу менен сынчыл ой жүгүртүү. |

**Синквейн (беш сап ыр) түздүрүү аркылуу сабакта төмөнкүдөй натыйжаларга жетишүүгө болот (потенциалы):**

- Саналуу гана сөздөр менен окуучу теманын маанисин түшүнөт.
- Маанилеш сөздөрдү издейт.
- Сөз байлыгы артат.
- Теманын тегерегинде элестүү ой жүгүртөт.
- Сөздөрдүн ичинен эң маанилүүсүн издейт, ойлонот, табат.
- Чыгармачылык менен шыктанып иштейт.
- Татаал маалыматтарды топтоштурат.
- Окуучунун билим деңгээли, түшүнүгү бааланат.
- Ой ырааттуу, кыскача түшүндүрүлөт.

## Синквейн стратегиясын эне тилин текстке байланыштуу окутуу сабактарында төмөнкүдөй пайдаланууга болот

### Сабактын темасы: Жалаң жана жайылма сүйлөм

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат. | Окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү оозеки, жазуу иштеринде туура колдоно алуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатышат, өз алдынча иштөөлөрүндө колдонушат. | Окуучулар дилгирликке, боорукерликке, байкагычтыкка тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу**

| | | |
|---|---|---|
| жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өздөштүрө алса. | жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө карата тапшырма-көнүгүүлөрдү оозеки, жазуу иштеринде ийгиликтүү колдоно алса. | дилгирликти, боорукерликти, байкагычтыкты үйрөнүп, колдонсо. |

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү.

**Сабактын формасы:** интерактивдүү.

**Сабактын методу:** изилдөө, синквейн.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, карточкалар, аудиокассеталар, флипчарт, маркер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Өтүлгөн теманы кайталоо.**

**Суроолор:**
а) Жөнөкөй сүйлөм деген эмне?
б) Татаал сүйлөм деген эмне?
в) Окуучулар арасында өз ара суроо-жоопторду уюштуруу.

**Жаңы сабак.** Ээ менен баяндоочтон турган сүйлөмдү жалаң сүйлөм дейбиз. *Мисалы:* Асыл келди. Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн турган сүйлөм жайылма сүйлөм деп аталат. *Мисалы:* Асылтай атты сугарды.

Эрежелерди таблица аркылуу түшүндүрүү.

**1-көнүгүү.** Тексттен жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

**2-көнүгүү**. Макалдын маанисин чечмелегиле. Кандай сүйлөм экендигин аныктагыла.

Азаматтын жакшысы –
Азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.
Аргымактын жакшысы –
Азыраак оттоп, көп жуушайт.

**3-көнүгүү**. Адашкан аттарын өз ээлерине таап бергиле. Аларды катыштырып, жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| Манас | Телтору |
| Эр Төштүк | Аккула |
| Курманбек | Чалкуйрук |

**4-көнүгүү**. «Ат» темасында синквейн түзгүлө.
Иш кадамдары:
- Окуучуларды 4 топко бөлүү.
- Синквейн түзүүнүн схемасын эстерине салуу.
- Мисалдар менен бышыктоо.
- Окуучулар топтордо иштеп, өз синквейндерин түзүшүп, презентациялашат.
- Эң жакшы деп эсептелген синквейнди дептерлерине көчүрүп жазышат:

Ат
Кара, күлүк
Оттойт, чуркайт, кишенейт.
«Ат – адамдын канаты» делет.
Жылкы.

**Окуучулардын билимин баалоо.** Окуучуларды өз алдынча, топто иштегендери боюнча баалоо.

**Үй тапшырмасы. 5-көнүгүү.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө мисалдарды жазып келүү.

**Кунт коюп түшүнүп окуу методу**. Кунт коюп түшүнүп окуу методу текст менен иштөөнүн жаңы ыкмасы катары саналып, окутуу процессине бардык окуучуларды тартууга, окулуп жаткан темага карата кызыгууну жогорулатууга, балдардын ой жүгүртүү ишмердүүлүктөрүн ылдамдатууга жардам берет. Алар кептик, тилдик, ошондой эле социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган. Буларга эки бөлүктүү күндөлүк, инсерт, адашкан логикалык чынжыр стратегиялары кирет. Бул ыкмалалардын ичинен башталгыч класстарда эне тилин текстке байланыштуу окутууда колдонуу үчүн эң ыңгайлуусу жана алгылыктуусу инсерт болуп саналат.

Инсерт – англис тилинен которгондо эффективдүү окуу, түшүнүү, ойлонуусун интерактивдүү белгилөө системасы деген сөз айкаштарынын баш тамгаларынан кыскартылып алынышы. Кыргыз тили сабагында окуу китебиндеги текст менен иштөөдө окуучуларга өз түшүнүктөрүн сезип, туя билүүгө мүмкүнчүлүк берип, мурдагы алган билимдерин эске түшүрүү үчүн колдонулат. Инсертти колдонууда окуучулардын текстти окуп, түшүнүп, сынчыл ой жүгүртүү менен талдоосуна жетишүүгө мүмкүн. Инсерт стратегиясы менен өз алдынча, жупта, топто иштетүүгө болот.

**Бул стратегиянын төмөнкүдөй өнүгүү баскычтары бар:**

**Чакыруу.** Ой жүгүртүүнү талап кылып, акылдын иштешин мажбурлоо, сынчыл ойлоого, акылдын таймашуусуна чакырат.

**Түшүнүү.** Текстти ой жүгүртүп окуп, талдоо. Маанисин түшүнүү, талдоо үчүн өз пикирлерин айтуу.

**Ойлонуу.** Маалыматты түшүнүп, маанисин билүү.

**Инсерт стратегиясы менен иштөөнүн иш кадамдары:**

1. Окуучуларга тема берилет да, ал тема боюнча «акыл чабуулу» стратегиясы аркылуу «тема боюнча эмне билесиңер?» деген суроо коюлат. Билгендерин өз алдынча жазышат.
2. Жазгандарын жупта бири-бири менен талкуулап, толукташат.
3. Тема боюнча текст таратылат.
4. Төмөнкү интерактивдүү белгилер менен иштөө боюнча көрсөтмө берилет:
   V – мен үчүн тааныш маалымат;
   + – мен үчүн жаңы маалымат;
   – менин буга чейин билгениме карама-каршы;
   ? – мен үчүн түшүнүксүз, бул маселе боюнча кененирээк маалымат алгым келет.
5. Түгөйү менен пикир алышат.
6. Топ менен таблица толтурулат.
7. Текст боюнча окуучулардын билими текшерилет.

Ким канчалык деңгээлде түшүнгөндүгү бааланат.

Тексттин мазмунун талкуулап, ой бөлүшөт.

**Потенциалы:** Бул стратегия менен иштөө аркылуу төмөндөгүдөй максаттар ишке ашырылат:

**1. Чакыруу** – билгендерин айтып беришет. «Акыл чабуулу» стратегиясы колдонулат. Окуучулар тема боюнча оюн топтоого, көңүл бурууга, ойлонууга проблемалык жагдай түзүлөт.

**2. Түшүнүү** – ар бир окуучунун билим деңгээли, лексикалык байлыгы ар башка болгондуктан, ар ким өз алдынча билгенин, же тескерисинче билбеген түшүнүктөрүн белгилешет. Өз алдынча, жупта жана топто иштешет. Бири-бири менен маалымат алмашып, текстти талкуулашат. Тааныш эмес түшнүктөргө жана тексттин жалпы, негизги мазмунуна ой жүгүртүшөт, түшүнөт. Окуя эмне жөнүндө, кайсы убакта болгонуна көңүл бурулат.

**3. Ойлонуу.** Мурунку жана кийинки идеяларды салыштырып, кошумчалап, талдашат. Маалыматтарды жыйынтыктап, топтоп, системалаштырат. Каталарын таап, баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

## Төмөндө инсерт стратегиясын пайдалануу менен өтүлгөн сабактын үлгүсүн сунуштайбыз

### Сабактын темасы: Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| «Суунун айланышы» текстине байланыштуу зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшүн өздөштүрүшөт. | Тексттин мазмунун түшүнүп, ага талдоо жүргүзүшөт, көптүк сандагы зат атоочторду кебинде колдоно алышат. | Суу – биздин байлыгыбыз экендигин, аны үнөмдөө керек экендигин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу**

| | | |
|---|---|---|
| зат атоочтун көптүк санда кандай өзгөрөрүн билсе; | аларга мисалдарды таба алса, тексттин мазмунун изилдей алса; | өз кесибин тандоого багыт ала алса. |

**Сабактын формасы:** Жаңы билимдерди өздөштүрүүчү.

**Методдору:** Инсерт, топто иштөө.

**Сабактын ресурстары:** сүрөттөр, флипчарт, маркерлер.

**Сабактын жүрүшү:**

**I. 1-тапшырма. Суроолорго жооп бергиле:**

- Зат атооч деп эмнени айтабыз?
- Ал кандай суроолорго жооп берет?
- Зат атоочторго мисалдарды келтиргиле.
- Зат атоочтун кандай сандары бар?
- Жекелик сандагы зат атоочторду атагыла.

Бул тапшырманы окуучулар оозеки аткарышат.

**II. Таблицанын жардамы менен жаңы тема түшүндүрүлөт.**

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| суу | суулар |
| булак | булактар |
| дарыя | дарыялар |
| тоо | тоолор |
| булут | булуттар |

**III. Инсерт стратегиясынын жардамы менен текстти талдоо.**

**Иш кадамдары:**

1. Доскага тема жазылат: **«Суунун айланышы».**
2. «Акыл чабуулу» стратегиясы аркылуу «Аккан суу эмнеден башталат? Агын суулар кайда куят? Ал эмнеге айланат?» деген суроолордун тегерегинде талкуу жүргүзүлүп, айтылган ойлордун бардыгы флипчартка жазылып турат.
3. Текстти окуу, визуалдык окуу иштери.

«Суунун айланышы» текстин угуп, түшүнүшөт, визуалдык окуу жүргүзүлөт (окуу китебиндеги сүрөттөр аркылуу).

4. Инсерт стратегиясынын белгилери эстерине түшүрүлөт.

Башталгыч класстарда бул стратегиянын белгилери жөнөкөйлөштүрүлүп берилсе болот:

Б. – билчүмүн
Б. – билдим
Б. – билгим келет

5. Окуучулар топторго бөлүнүп, инсерт боюнча таблицаны толтурушуп, ар бир топ өз ишин презентациялайт. Окуучулар таблицаны мындай толтурушу мүмкүн:


| Билчүмүн | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| Агын суулар көлгө, деңизге куярын. | Суунун бууга айланарын, булуттан кар, мөндүр болуп жерге түшөрүн. | Кыргызстандагы ири көлдөр, дарыялар жөнүндө. |

Тексттин мазмуну боюнча пикир алышып, талкуулап ой бөлүшөт.

**IV.** Тексттен сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, көптүк сандагы зат атоочтордун астын сызуу, анын кантип жасалгандыгына байкоо жүргүзүү тапшырмасын окуучулар өз алдынча аткарышат.

**V**. Бул тапшырманы жупта аткарышат:

Тексттен алынган төмөнкү сөздөргө *-лар* мүчөсүн улап жазгыла. Мүчөлөрдүн өзгөрүшүнө байкоо жүргүзгүлө:




**VI. Үй тапшырмасы**: Зат атоочтун жекелик жана көптүк түрүнө таблица түзүп келишет.

**Интеграцияланган сабактарды** өтүү эне тилин окутуунун маанилүү ыкмаларынын бири. Интеграцияланган сабак – ар кандай предметтин окуу материалын мазмундук жана процессуалдык жактан синтездөө болуп саналат. Бул проблема көптөгөн философиялык илимге киришүү, педагогикалык, логикалык адабияттарда, илимий изилдөөлөрдө чагылдырылган. (Ильченко В. Р., Гуз К. Ж. Образовательная модель «Логика природы». – М., 2003; Мамбетакунов Э. Формирование естественно-научных понятий школьников на основе межпредметных связей. – Б., 1991. Чепиков М. Г. Интеграция науки: философский очерк. – М.: Мысль, 1981.)

Илимий билимдерди интеграциялоо ар кандай жолдор менен ар кандай формада ишке ашырылат: синтезделген комплекстүү илимдердин пайда болушу, изилдөө методдорунун изилдөөнүн объектисине жараша бири-бирине өтүп кетиши ж. б.

Илимий билимдерди интеграциялоонун алгачкы этабы тектеш предметтерди байланыштырып окутуу, анын ичинде тектеш предметтердин фундаменталдуу түшүнүктөрүн калыптандыруу болуп эсептелет.

Эне тилин окутуу процессинде сабактардын интеграцияланышы кыргыз тили менен адабий окуу, мекен таануу, сүрөт, этика сабактарынын ортосунда болот. Окуучуларга текст менен иштөөнү, тексттин мазмунун талдап, изилдөөнү үйрөтүү адабий окуу сабагы менен айлана-чөйрө, Мекен, баалуулуктарыбыз жөнүндө темаларды үйрөтүү мекен таануу сабагы менен, тексттин мазмунуна карата сүрөт тартуу сүрөт сабагы менен, турмуш жана тарбия бөлүмүндөгү материалдарды өздөштүрүү этика сабактары менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Бул предметтердин бири-бири менен тыгыз байланышта өздөштүрүлүшү предмет аралык байланышты, аларды интеграцияланышын камсыз кылат.

Кыргыз тилин башка предметтер менен байланыштырып окутуу жогоруда белгиленгендей, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатат жана бул предметтен алган билгичтигин экинчи предметти өздөштүрүүдө пайдалана билүүсүн өнүктүрүүгө, башкача айтканда, алардын негизги компетенттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. *Мисалы:* кыргыз тилинин материалдарын текстке байланыштуу үйрөтүүдө тексттин мазмунуна талдоо жүргүздүрүү, текст боюнча көнүгүү-машыгуу тапшырмаларын аткаруу иш-аракеттерин адабий окуу сабагы менен тыгыз байланышта алып барат.

*Мисалы:* 4-класста «Кептин түрлөрү» аттуу теманы өтүүдө «Ата-эне тууразында бир-эки ооз сөз» тексти пайдаланылат.

### Ата жана эне тууразында бир-эки ооз сөз

Бардыгынан сүйүктүү биздин ата-энебиз. Ата-энебиз бизди төрөлгөндөн баштап багып өстүргөн. Атабыз биз үчүн кышында суукка тоңуп, жазында ысыкка күйүп, мал бакты. Энебиз ак сүтүн эмизип, ысык-сууктан сактап, «кагылайын, каралдым» деп өстүрдү. Ата-энебиз биз чоңоюп, эс кире баштаган соң балам үлгүлүү жана билимдүү болсун деп билим берди. Алар ар убакта биздин билимдүү болушубузду чын көңүлү менен тиледи. Ар дайым бизге жакшы үмүт-тилек, насаат айтып, чыныгы адам болууга багыттады. Ошондуктан аларга жакшы кызмат кылып, иренжитпей, баталарын алуубуз керек.

*И. Арабаев*

Сөздүк:
**каралдым** – үмүтүм, таянычым (баланы эркелетүүдө айтылат)
**иренжитпей** – көңүлүн чөктүрбөй, капа кылбай.

Тапшырмалар:
1. Текстти өз сөзүңөр менен айтып бергиле.
2. Сөздүктү дептериңерге жазгыла, жаттагыла. Ал сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзгүлө.
3. Макалдын маанисин чечмелеп, жазуу кебин түзгүлө:
   - «Ата – аскалуу тоо,
     Эне – бооруңдагы булак,
     Бала – ортосунда жанып турган шам чырак».

Көрүнүп тургандай, жогорудагы тапшырмалар адабий окуу сабагын окутуунун маани-максатына шайкеш келип, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, оозеки жана жазуу кебин жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## 4-класста кыргыз тилин окутууда окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо

**Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо үчүн башталгыч класстын мугалими төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:**

- позитивдүү кайтарым байланышты түзүү (окуучунун аткарган ишине жазуу жүзүндө жана оозеки баяндама (комментарий) берүү), окуучуга анын мурдагы жана азыркы жыйынтыктарын салыштырууга жардам берет, окуучунун таанып-билүү процессинин өнүгүшүнө, умтулууларына, окутуунун жыйынтыктары катары анын компетенттүүлүгүнө оозеки баа берет;
- окуучулардын жетишкендиктериндеги, инсан катары өнүгүшүндөгү прогресске байкоо жүргүзүлөт жана ар бир окуу жылдын аягында өз баасын берет;
- баалоонун түрдүү ыкмаларын жана формаларын, анын ичинде өзүн-өзү баалоону, өз ара баалоону, сапаттык баалоо каражаттарын (окуучунун портфолиосу, өз байкоосу, өнүгүү картасын ж. б.) колдонот;
- маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана жетишпегендиктери тууралуу ата-энелерге маалымат берет;
- экинчи класстан баштап жыл сайын ар бир окуучуга баалары коюлган жетишкендиктердин табелин жана аны коштогон жазуу формасын даярдайт.

**Башталгыч класстардын мугалими өз ишмердигинде баалоонун төмөнкүдөй бирдиктүү принциптерин колдонуусу зарыл:**

- **Маанилүүлүк.** Окуучулардын окууда жана ишмердигинде жетишкен эң маанилүү ийгиликтерин баалоого басым жасалат.
- **Шайкештик.** Билимди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, баалуулуктарды баалоо окутуу максаттарына жана жыйынтыктарына дал келиши керек.
- **Объективдүүлүгү жана адилеттүүлүгү.** Баалоонун конкреттүү критерийлери кылдат иштелип чыгат. Критерийлер баа берүүнү жана бааны кысым жасоо куралы катары колдонууга бөгөт коёт.
- **Интеграциялашкандыгы**. Баалоо окутуу процессинин пландалган жана кылдат ойлонуштурулган курамдык бөлүгү катары жүргүзүлөт.
- **Ачык-айкындык**. Баалоо критерийлери жана стратегиясы окуучуларга алдын ала билдирилет. Окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.
- **Жеткиликтүүлүк.** Баалоонун формалары, усулдары, максаты жана баалоо процессинин өзү билим берүү процессинин бардык катышуучуларына ачык-айкын жана түшүнүктүү болууга тийиш.
- **Ырааттуулук.** Баалоо ырааттуу жана мезгилдүү түрдө жүргүзүлөт.
- **Ыкластуулук.** Окуучулар менен мугалимдин ортосунда шериктештик маанайын жаратуу мыкты ийгиликтерге умтулууга шарт түзөт. Окуучулардын өнүгүүсүнө жана аларды колдоого багытталат.

**Баалоонун максаттары**

- кыргыз тили боюнча алдын ала пландаштырылган окутуунун натыйжасынын деңгээлин жана сапатын аныктоо үчүн;

- окуучулар кыргыз тили курсу боюнча өздөштүргөн билимин алдын ала билиш үчүн;

- окуучулардын кайтарым байланышын аныктоо үчүн;

- окутуу методикасынын жыйынтыгын, окутуунун натыйжалуулугун баалаш үчүн;

- чейректик, жылдык баа коюш үчүн;

- бааны окуучунун окууга карата болгон кызыгуусунун формасы катары пайдалануу үчүн.

**Башталгыч класстарда кыргыз тилин өздөштүрүүдө окуучу:**

- окуу материалын, андагы фактыларды мыкты өздөштүрүүгө;

- окуу маалыматтарын кайра айтып бере алууга;

- тилдик фактыларды байкоо, салыштыруу, жалпылоо, окшоштуруу аркылуу жөнөкөй корутунду чыгара билүүгө;

- өз ой жүгүртүүсүн туура пландаштыруу менен өз алдынча текст түзө алууга;

- тилдик көрүнүш, фактыларды оозеки, жазуу кебинде сабаттуу колдонууга;

- ар кыл турмуштук кырдаалдарга, шарттарга ылайык кептин бардык стилдеринде жана түрлөрүндө сүйлөшүү, баарлашуу, мамилелешүү ыкмаларына ээ болууга;

- кеп маданиятынын, чечендик кептин ыкмаларын, методдорун турмушунда пайдаланууга жетишүүгө тийиш.

**Баалоодо окуучулардын билимин текшерүүнүн жолдору.** Башталгыч класстардагы кыргыз тили сабагында мугалим окуучулардын билимин баалоо үчүн текшерүүнүн төмөнкүдөй жолдорун билүүлөрү зарыл:

**1. Оозеки:** оозеки суроо, оозеки текшерүү иштери, диалог түзүү, баарлашуу, маектешүү.

**2. Жазуу түрүндө суроо**: жат жазуу, баяндаманын, дилбаяндын, эссенин түрлөрү.

**3. Практикалык иштер**: практикалык иштер, кептин түрлөрү жана стилдери боюнча текст түздүрүү, монолог, диалог, полилог түздүрүү, грамматикалык, стилистикалык талдоолор, стилистикалык эксперименттер ж. б.

Кыргыз тили сабагында тилдик, кептик компетенттүүлүктөрдү баалоо үчүн көбүнчө практикалык иштер, портфолио колдонулуп, окуучунун жасаган иши бааланат.

**Окуучулардын иштерин баалоонун критерийлери:**

- сөз жана анын тыбыштык түзүлүшүн билүүсү;
- сөз жана сөз айкашын айырмалоосу;
- сөздүн лексикалык ар кыл маанилерин, фразеологизмдерди кебинде так, орундуу колдонуусу;
- сүйлөмдүн түрлөрүн текст түзүүдө туура пайдалануусу;
- ар кыл турмуштук кырдаалдарга ылайык кептин ар кыл түрүндө жана стилдеринде өз алдынча текст түзө алуусу;
- баяндама, дилбаян, эссенин түрлөрүн жаза билүүсү;
- оозеки жана жазуу маданиятынын үлгүлөрүн өздөштүрүүсү;
- кеп маданиятынын ыкмаларына ээ болуусу.

**Класстык «комментарийлөө журналы».** Класстык журналга окуучунун жетишкендиги жазылат. Ар бир окуучунун жетишкендиги жазылып турушу зарыл, кийин отчет бергенге оңой болот. *Мисалы:*

## Комментарийлөө журналы

| Окуучулардын аты | Комментарийлер |
|---|---|
| Арсен | Тексттин 3 түрүнө мисалдарды түзө алат. |
| Амина | Эркин темада дилбаян жаза алат. |
| Далия | Сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүзө алат. |

**Портфолиосу боюнча баалоо.** Кыргыз тили сабаганда *портфолиону баалоонун максаттары:*

- окуучунун алдыңкы жана начар жактарын так көрсөтүү аркылуу баалоо процессин жакшыртуу;
- окуу максаттарына жетүүгө карата болгон умтулууну колдоо;
- окуунун жүрүшүндөгү өзгөрүүлөрдү жана өсүштөрдү чагылдыруу;
- окуучунун, мугалимдин, ата-энелердин ой жүгүртүп, талдоо жүргүзүшүнө өбөлгө түзүү;
- окуучунун окуп үйрөнүүсүндөгү уланмалуулукту камсыздоо;
- окуучунун өз алдынча аракеттенген окуп үйрөнүүсүнө колдоо көрсөтүү;
- окуп үйрөнүлүп жаткан нерселер тууралуу түшүнүктү кеңейтүү;
- окуй билүү жөндөмүн өнүктүрүү;
- пландалган натыйжага жетүүдөгү өсүштү көрсөтүү;
- окуучуларга өздөрүн баалоо мүмкүнчүлүктөрүн берүү;
- окуучулардын бири-бирине жардамдашып өсүшүнө жол ачуу.

*Портфолионун бааланышы.* Портфолио окуучулардын окуусун салттуу ыкмадан айырмаланып баалоого жол ачат. Портфолио аркылуу баалоодо мугалимге окуу процессине кеңири байкоо жүргүзүүгө, окуучунун өз алдынча чыгармачылык менен эмгектенүүсүн өнүктүрүүгө жана балага өзүнүн жетишкендиктерин баалай алууга өбөлгө түзөт. Портфолиону баалоонун критерийлери:

- аңдап билүүсү – ой жүгүртүүсүнүн жана чыгармачылык жөндөмү;
- окуу планынын максаттарына, көрсөткүчтөрүнө ылайык өсүүсү;
- негизги процесстерди түшүнүү жана колдоно билүү;
- портфолиодогу иштердин талаптарга шайкеш келиши;
- жазуулардын ар түрдүүлүгү.

Окуу жылы ичинде мугалим менен окуучу тыгыз кызматташып, портфолиого киргизүүгө зарыл болгон маанилүү иштерди тандашы керек. Ошондой эле алар портфолиодогу иштерди баалоодо колдонула турган упайларды жана бааларды да биргелешип иштешсе болот. Портфолионун ар бир бөлүмүнө тиешелүү эрежелерди жана упайларды иштеп чыгышат. Иштердин жыйынтык бааланышы үчүн белгилер, баалар, упайлар аныкталат. Портфолиону жыйынтыктоочу баалоого окуучу, мугалим эгер мүмкүн болсо эксперттер тобу тартылуусу зарыл. Алар портфолионун бардык бөлүмдөрүн кылдат карап талдап, анан баалоо боюнча чечим кабыл алышат.

## 4-класстын окуучуларынын билимин баалоо үчүн тесттик тапшырмалар

**1. Тилдин кызматы кандай?**
а) адамдарды учураштыруу
б) адамдарды пикир алыштыруу
в) элге билим берүү

**2. Кеп деген эмне?**
а) адамдын тилди колдонушу
б) адамдын тилди үйрөнүшү
в) адамдын жатка жазуусу

**3. Текст канча сүйлөмдөн куралат?**
а) 1 же андан көп сүйлөмдөн
б) 2 же андан көп сүйлөмдөн
в) 10 сүйлөмдөн ашык

**4. Тексттин кандай түрлөрү бар?**
а) сүрөттөө, айтып берүү, жазуу
б) жай, суроолуу, илептүү
в) сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү

**5. Сүрөттөө тексти кандай болот?**
а) окуя жайынча баяндалат
б) окуя жөнүндө ой жүгүртүшөт
в) окуянын болгон жери, каармандары сыпатталат

**6. Баяндоо тексти кандай болот?**
а) окуя жайынча баяндалат
б) окуя жөнүндө ой жүгүртүшөт
в) окуянын болгон жери, каармандары сыпатталат

**7. Ой жүгүртүү тексти кандай болот?**
а) окуя жайынча баяндалат
б) окуя жөнүндө ой жүгүртүшөт
в) окуянын болгон жери, каармандары сыпатталат

**8. Адамдар сүйлөшүүдө эмнелерди колдонушат?**
а) сөз, сүйлөм, кеп
б) тамга, алфавит
в) телефон, кат

**9. Сөздөрдөн эмнелер куралат?**
а) муун, сөз
б) сүйлөм, текст
в) тамга, тыбыш

**10. Сүйлөм деген эмне?**
а) сөз, сөз айкашы, тыбыш, тамга
б) 2 же андан көп сөздөрдүн жыйындысы
в) бүткөн бир ойду билдирген сөз, сөздөрдүн тизмеги

**11. Сүйлөмдөрдү эмнеге ажыратууга болбойт?**
а) сөз, сөз айкашына
б) сүйлөм мүчөлөрүнө
в) тил, кеп, текстке

**12. Сүйлөм мүчөлөрү кайсылар?**
а) ээ, баяндооч
б) зат атооч, сын атооч
в) илик жөндөмө, айкындооч

**13. «Кыргызстан – менин Мекеним» деген сүйлөмдүн ээси кайсы?**
а) Кыргызстан
б) менин
в) Мекеним

**14. Мен «Мекеним менен сыймыктанам» деген сүйлөмдүн баяндоочу кайсы?**
а) Мекеним
б) менен
в) сыймыктанам

**15. «Биз тынчтыкты сүйөбүз» деген сүйлөмдүн айкындооч мүчөсү кайсы?**
а) биз
б) тынчтыкты
в) сүйөбүз

**16. Сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?**
а) жай, суроолуу, жайылма
б) жай, суроолуу, буйрук, илептүү
в) ээ, баяндооч, айкындооч

**17. Жай сүйлөм кандай болот?**
а) ойду күчтүү сезим менен билдирет
б) ойду жайынча баяндайт
в) суроо маанисинде колдонулат

**18. Суроолуу сүйлөм кандай болот?**
а) ойду күчтүү сезим менен билдирет
б) ойду жайынча баяндайт
в) суроо маанисинде колдонулат

**19. Буйрук сүйлөм кандай болот?**
а) бирөөгө буйруу менен кайрылат
б) ойду жайынча баяндайт
в) суроо маанисинде колдонулат

**20. Илептүү сүйлөм кандай болот?**
а) ойду күчтүү сезим менен билдирет
б) ойду жайынча баяндайт
в) суроо маанисинде колдонулат

**21. Жай сүйлөмдү тапкыла.**
а) Чоң ата, чоң энеңе сен ким болосуң
б) Карыларды урматтагыла
в) «Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны»

**22. Суроолуу сүйлөмдү тапкыла.**
а) Чоң ата, чоң энеңе сен ким болосуң
б) Карыларды урматтагыла
в) «Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны»

**23. Буйрук сүйлөмдү тапкыла.**
а) Чоң ата, чоң энеңе сен ким болосуң
б) Карыларды урматтагыла
в) «Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны»

**24. Илептүү сүйлөмдү тапкыла.**
а) Элмира эжемди жакшы көрөм
б) Элмира эжем келет
в) Элмира эже, тез кел

**25. Тууганчылыкты билдирген сөздөр кайсылар?**
а) мугалим, дарыгер, инженер
б) бөлө, жээн, чоң апа
в) Арсен, Амина, Далия

**26. Жалаң сүйлөм кайсы?**
а) Атам иштейт
б) Атам чарбада иштейт
в) Атама жардам берем

**27. Төл сөз кайсы?**
а) «Атаке, рахмат» – ...
б) Абыл тайын багат.
в) «.........» – деди Абыл.

**28. Бөтөн сөз кайсы?**
а) «Тай алып бер», – ...
б) «.....», – деди Абыл.
в) ..... – деди атасы.

**29. «Куюшкан» деген сөздө канча тыбыш бар?**
а) 7
б) 8
в) 9

**30. «Суулук» деген сөздө канча тамга бар?**
а) 5
б) 6
в) 7

**31. Кыска үндүүлөрү бар сөз кайсы?**
а) суулук
б) басмайыл
в) ээр

**32. Жоон үндүүлөрү бар сөз кайсы?**
а) жабдык
б) жүгөн
в) үзөңгү

**33. Жумшак үнсүздөр катышкан сөздү тапкыла.**
а) Элжар
б) мектеп
в) китеп

**34. Каткалаң үнсүздөр катышкан сөздү тапкыла.**
а) заман
б) китеп
в) араа

**35. Кайсы сөз айтылышы менен туура эмес жазылган?**
а) күндөп
б) күңгө
в) күндөр

**36. Кайсы сөздүн жазылышы туура?**
а) сөзсүз
б) сөссүз
в) сөссүс

**37. Кайсы сөздө ката бар?**
а) балон
б) баллон
в) колонна

**38. Бир муундуу сөздү тапкыла.**
а) ээн
б) зорго
в) азыр

**39. Кайсы сөз ташымалданбайт?**
а) Чыңгыз
б) уулу
в) алтын

**40. Эки муундуу сөз кайсы?**
а) Чыңгыз
б) сыймыктуу
в) акындан

**41. Кайсы сөз туюк муундуу?**

а) кыргыз
б) атагы
в) элде

**42. Кайсы сөз ачык муундуу?**

а) куш
б) ою
в) алгыр

**43. Уңгу түрүндөгү сөздү тапкыла.**

а) Дүйшөндүн
б) Дүйшөн
в) Дүйшөндөн

**44. Сөз жасоочу кайсы мүчө аркылуу кайсы сөздүн мааниси өзгөрдү?**

а) билимин
б) билимдүү
в) билимге

**45. Сөз өзгөртүүчү мүчө кайсы?**

а) *-га*
б) *-дай*
в) *-чы*

**46. *-да* мүчөсү кайсы сөзгө уланганда мүчөнүн башкы тыбышы өзгөрөт?**

а) шаар
б) суук
в) суу

**47. *-лар* мүчөсү кайсы сөзгө уланганда өзгөрбөйт?**

а) бут
б) кыз
в) кар

**48. Уңгулаш болбогон сөз кайсы?**

а) тоодой
б) тоолор
в) толтура

**49. Жөнөкөй сөздү тапкыла.**

а) ата-эне
б) үй-бүлө
в) туугандар

**50. Татаал сөз кайсы?**

а) тоо
б) Ала-Тоо
в) тоолор

**51. Жөнөкөй сөздөр канча сөздөн турат?**
а) 1
б) 2
в) 3

**52. Татаал сөздөр канча сөздөн турат?**
а) жалгыз
б) 2 же андан ашык
в) бир

**53. Кошмок сөз кайсы?**
а) кооз көйнөк
б) ден соолук
в) жакшы окуучу

**54. «Жумуш» деген сөздүн синоними кайсы?**
а) дүкөн
б) окуу
в) иш

**55. «Жакшы» деген сөздүн антонимин тапкыла.**
а) сонун
б) мыкты
в) жаман

**56. «Жакшы» деген сөздүн синоними кайсы?**
а) жаман
б) мыкты
в) начар

**57. «Айыл» деген сөздүн синонимин тапкыла.**
а) кыштак
б) көчө
в) шаар

**58. Заттын атын билдирген сөз кайсы?**
а) дасторкон
б) чоң
в) кенен

**59. Көптүк түрдөгү зат атоочту тапкыла.**
а) китеп
б) кемелер
в) ата-эне

**60. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз кайсы?**
а) китепте
б) китептер
в) китепти

**61. Илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн тапкыла.**
а) *-дан*
б) *-ны*
в) *-нын*

**62. Чыгыш жөндөмөсүнүн суроосу кайсы?**
а) кимдин?
б) кимден?
в) кимде?

**63. Сөздүн аягында «в» тыбышы менен бүткөн сөз жөндөлгөндө *«в»* кандайча угулат?**
а) Акматофтун
б) Акматовго
в) Акматовдо

**64. Кайсы сөз туура эмес жазылган?**
а) столдо
б) ыстолдо
в) столдор

**65. Кайсы сөздүн жөндөлүшүндө ката бар?**
а) медаль
б) медальдын
в) медалга

**66. «Акт» деген сөздүн кайсынысы туура жөндөлдү?**
а) актыда
б) актта
в) актка

**67. Жөнөкөй зат атооч сөз кайсы?**
а) салт
б) үрп-адат
в) каада-салт

**68. Татаал зат атооч сөздү тапкыла.**
а) кыргыз
б) Мекен
в) эл-жер

**69. Кайсы татаал зат атооч туура жөндөлгөн?**
а) Ысык-Көлдө
б) Ысыкта-Көлдө
в) темирге жолго

**70. Татаал зат атоочтун канчанчы сөзүнө гана жөндөмө мүчө уланат?**
а) биринчи сөзгө
б) экинчи сөзгө
в) эки сөзгө тең

**71. Этиштин канча чагы бар?**
а) 1
б) 2
в) 3

**72. Өткөн чак этиш сөз кайсы?**
а) келе жатат
б) окуду
в) билет

**73. Келер чак этиш сөздү тапкыла.**
а) келет
б) жарышты
в) күлдү

**74. Учур чак этиш сөздү тапкыла.**
а) үйрөн
б) бекер турба
в) үйрөнүп жатам

**75. Этиш сөздөр көбүнчө сүйлөмдө эмненин милдетин аткарат?**
а) ээ
б) баяндооч
в) айкындооч

**76. Сын атооч кайсы суроого жооп берет?**
а) ким?
б) кандай?
в) канча?

**77. Кайсы сөз сын атооч болот?**
а) акылдуу
б) билим
в) өнөр

**78. Сын атооч боло албаган сөз кайсы?**
а) боорукер
б) түшүнүктүү
в) төрт

**79. Татаал сын атооч сөз кайсы?**
а) эң жакшы
б) кичинекей
в) кооз

**80. Кайсынысы катыштык сын атооч сөз?**
а) таза
б) тыкан
в) кубанычтуу

**81. Сан атооч кайсы суроого жооп берет?**
а) кандай?
б) канчоо?
в) каерде?

**82. Иреттик сан атооч сөздү тапкыла.**
а) бир
б) жетөө
в) бешинчи

**83. Эсептик сан атооч сөз кайсы?**
а) биринчи
б) экинчи
в) бирөө

**84. Кайсы сан атооч сөздө ката бар?**
а) үчөө
б) жетөө
в) тогузоо

**85. Иреттик сан атооч кайсы суроого жооп берет?**
а) канча?
б) нечечнчи?
в) нече?

**86. Ким? деген суроого кайсы сөз түркүмү жооп берет?**
а) этиш
б) сын атооч
в) ат атооч

**87. Ат атооч сөз кайсы?**
а) мен
б) окуучу
в) мугалим

**88. Жактама ат атооч канча жакты көрсөтүп турат?**
а) бир
б) эки
в) үч

**89. Үчүнчү жакка таандык сөз кайсы?**
а) акылы
б) акылым
в) акылыңыз

**90. Биринчи жактын жак мүчөсү кайсы?**
а) *-ым*
б) *-мын*
в) *-ың*

**91. Жалпы таандыкты кайсы сөз билдирет?**
а) жакыны
б) барагы
в) китептики

**92. Кайсы сөз жакталбайт?**
а) окуучу
б) эне
в) китеп

**93. Жактама ат атооч сөз кайсы сүйлөмдө ээлик милдет аткарды?**
а) Биздин элибиз ынтымактуу.
б) Биз тынчтыкты сүйөбүз.
в) Бизди «келечек ээлери» дешет.

**94. Тактоочтун суроосу кайсы?**
а) ким? кимдер?
б) канча? канчанчы?
в) качан? каерде?

**95. Мезгилди билдирген тактоочту тапкыла.**
а) нан
б) пайдалуу
в) быйыл

**96. Орунду билдирген тактоочту тапкыла.**
а) өткөн жылы
б) быйыл
в) алыста

**97. Тууранды сөз кайсы?**
а) бах!
б) кош!
в) тарс-тарс

**98. Жандооч болбогон сөздү тапкыла.**
а) тууралуу
б) эх!
в) жөнүндө

**99. Байламта сөз кайсы?**
а) көздөй
б) менен
в) өтө

**100. Жандооч сөз кайсы?**
а) сыяктуу
б) жана
в) эң сонун

## Мазмуну

Кириш сөз ... 3
4-класста «Кыргыз тили» предметин окутуунун календардык планы ... 5
4-класста «Кыргыз тили» предметин окутуу боюнча сабактардын максаттарын жана көрсөткүчтөрүн колдонуу үлгүлөрү ... 9
Сабактардын болжолдуу үлгүлөрү ... 11
Чейректик кайталоо үчүн тапшырмалар. ... 22
Жыл боюнча өтүлгөндөрдү кайталоо үчүн тесттик тапшырмалар ... 24
Жазуу иштерин жүргүзүүнүн ыкмалары жана 4-класста жүргүзүлүүчү жазуу иштери ... 26
4-класста баяндама жаздыруунун жолдору ... 55
Баяндама үчүн тексттер ... 56
Интерактивдүү ыкмалар жана аларды 4-класста кыргыз тилин окутууда пайдалануу ... 60
4-класста кыргыз тилин окутууда окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо ... 75
4-класстын окуучуларынын билимин баалоо үчүн тесттик тапшырмалар ... 78

**Чокошева Бурулкан Сапаровна**
**Акунова Айнура Рысбековна**
**Шаелдаева Саткын**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

4-класс

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Редактору *Ж. Жапиев*
Корректору *Ж. Кубаева*
Компьютердик калыпка салган *О. Гданова*

Басууга 28.08.2015-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.
Форматы 70x100 1/16. Ариби Arial. Көлөмү 5,5 накта басма табак.
Нускасы 5 440 экз. Буйрутма № 502.

«Аркус басмасында» ЖЧК
басма иштери даярдалды
720031, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Кулатов көч., 8/1

«ST.art Ltd» ЖЧК
басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46